**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ГУМАНИТАРДЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК ИНСТИТУТУ**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 37.371.3:894.341*

**ТАЖИБАЕВА УРКИЯ КОЧКОРОВНА**

# XX КЫЛЫМДЫН 70–90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУНМЕТОДИКАЛЫК СИСТЕМАСЫ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун
теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
Н.И.Ишекеев
педагогика илимдеринин
доктору, профессор

**Баткен – 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ………………………………………………………………….. 3

**БИРИНЧИ БАП. XX КЫЛЫМДЫН 70-90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын тарыхый өнүгүү тенденциялары жана ал мезгилдеги акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү ............................................................ 10

1.2. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын түзүүнүн теориялык маселелери …….......... 28

Биринчи бап боюнча корутунду……………………………….…...... 44

**ЭКИНЧИ БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАНА ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ МЕНЕН МЕТОДДОРУ**

2.1. 70–90-жылдардагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун, талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери………..……..................... 46

2.2. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын пайдалануу методикасы ................................ 65

2.3. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары…....... 75

Экинчи бап боюнча корутунду…………………………………….... 83

**ҮЧҮНЧҮ БАП. XX КЫЛЫМДЫН 70–90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**

3.1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын V–VII кластарда окутуунун методикасы ..................................................................... 86

3.1. 70–90-жылдардагы кыргыз поэзиясын X-XI класстарда окутуунун методикасы ...........................................………………………….. 116

Үчүнчү бап боюнча корутунду……………………………………... 149

**ЖАЛПЫКОРУТУНДУ**…………………….…………… ..... 151

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.................... 153

**ТИРКЕМЕЛЕР**…………………………………………………...........

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** XXI кылымдын башталышында, ага чейин эле мектеп окуучуларынын билим алууга, анын ичинде адабийкөркөм эстетикалык маданиятын өркүндөтүүгө, көркөм адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талаш-тартышка түшүп кабылданбай калды.

Улуу «Манас» эпосу сыяктуу теңдешсиз поэтикалык эстеликти жараткан элдин азыркы жаштарынын басымдуу бөлүгү ыр түрүндөгү чыгармаларга мамилесинин кайдыгерлигинин бир булагы – ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын:санериптештирүү процессинин ж.б. окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо, экинчи булагы – жалпы билим берүү мектептеринде адабиятты, анын ичинде, поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак азыркы мектепке өзгөчө мамиле кылууну шарттап, адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарынын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өлкөнүн экономикасын көтөрүү коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо менен байланышары, материалдык өсүү, алдыңкы цивилизацияларга теңелүү биринчи кезекте жаштардын адептик сапаттарын тазалоо менен бекемделери айтылган [Концепция, 103]. Бул милдетти аткарууда мектептердеги адабий билим берүүнүн ролу чоң.Кыргыз поэзиясын окуу менен адептик жана эстетикалык сапаттарыөнүгөт, чыгармадагы каармандардан өздөрүнө өрнөк алат, турмушту таанып билүүгө жана эне тилинин байлыктарын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуучулардын адептик сапатынын өнүгүүсүндө «адабий окуу сабагынын башкы милдети – бул, адабий маалыматтарды топтоо, окурмандык кабыл алуусундагы адабий билимин таанып-билүүсүн, чыгармачылык

фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү болуп эсептелинет.» [162. 157..]

Кыргыз профессионал жазма адабиятынын ичиндеги өзүнчө бир бөлүгү – бул поэзия, анын мектеп программасына иргеп киргизилген үлгүлөрү окуучулардын жаш курагына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталган. Поэтикалык чыгармаларды окууга, жаттоого жеңил, сюжети жана композициясы жөнөкөй, тилдик жактан окуучулар үчүн татаалдык жаратпайт, негизгиси, поэтикалык чыгармалардын жаш муундарга тарбиялык таасири чоң. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандартында адабий чыгармаларды окуп үйрөнүү аркылуу мектеп окуучулары, биринчиден окурмандык; экинчиден, баалуулук-дүйнө таанымдык; үчүнчүдөн, адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнө ээ болушу керектиги айтылат [95.13.].

1972-жылы кыргыз поэзиясынын башатынын айтылуу өкүлдөрүнөн тартып, эң жаш авторлоруна чейин«Кыргызстан» жана «Мектеп» басмалары тарабынан «Поэзия күнү», «Учкун», «Темир канат» аттуу поэтикалык үч альманах чыгарылган. Бул жыйнактар кыргыз поэзиясынын ал-абалын, негизги тенденцияларына мүнөздүү болгон ийгилик-кемчиликтерин толук болсо да кадимкидей чагылдырып турат.

Ал эми XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын адабият программасына киргизилген өкүлдөрүнүн курамын С.Эралиев, С.Жусуев, Б.Сарногоев, Ж.Мамытов, О.Султанов, Э.Ибраев, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев  сыяктуу акындар түзүү менен, алардын чыгармаларында жалпы адамзаттын кылым соңунда кабылган коомдук, нравалык-этикалык, экологиялык көйгөйлөрүн философиялык өңүттөн чагылдыруу, алардагы лирикалык каармандын ички дүйнөсүн психологиялык терендикте ачуу аракетинин жогорулугу, тарыхый-биографиялык тематикага кызыгуусунун жигердүүлүгү, публицистикалуулугу менен айырмаланат. Аталган акындардын чыгармачылыгы жана бул мезгилдеги адабий процесстин өзгөчөлүктөрү адабият таануу жана адабий сын тарабынан бир топ изилденди.

Кыргыз адабият таануусунда кыргыз профессионал акындардын чыгармачылыгынын теориялык проблемалары, тарыхый өнүгүшү, айрым акындардын портреттери бир кыйла изилденген (Абакиров К.А., Жумакадырова К.М., Исаков К.А., Исаева С.Н., Исмаилова Р.У., Култаева Ү.Б., Кулмамбетова Г.Т., Сулайманов М.С., Түлөкабылов М.Т., Оморов А., Эгембердиева А.А. ж.б.) ошол эле учурда, кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминде (Алымов Б., Акматов Б.М., Акматов К.К., Байгазиев С.О., Батаканова С.Т., Исамидинов И.Ч., Иманалиев К., Ишекеев Н.И., Момуналиев С., Муратов А.Ж., Мусаева В.И., Рысбаев С.К., Сакиева С., Оторбаев Б., Турдукулов А., Эшиев Ж., Шнейдман Н. ж.б.) кыргыз адабиятын окуутуунун теориялык-методикалык негиздери иштелип чыккан. Алдыңкы мугалимдер (Абдесов Н., Исаков Б.С., Сманбаев А.) поэтикалык чыгармаларды окутууда практикалык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Бирок, бул эмгектерде кыргыз адабиятынын, анын ичинде кыргыз поэзиясынын XX кылымдын жыйынтыктоочу этабынын окутулушу тарыхый-адабий процессте, ошол процесстин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен атайын изилдөөгө алынган эмес. Биздин изилдөө дал ушул кенемтени эске алуу менен жүзгүзүлдү.

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын билим берүүчүүюмдардын «Кыргыз адабияты» программасына ошол өткөн кылымдын аяк ченинен тартып гана киргизилип, аларды окутуу процессинде төмөнкүдөй карама-каршылыктарга жол берилип келет, алар:

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык колдонмонун жетишсиздиги;
- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;
- кыргыз адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;

- поэтикалык чыгармаларды окутуунунметодикалыкмаселелеринин иштелбегендиги.
- адабият мугалимдери кыргыз поэзиясын окутууда теориялык жана практикалык кыйынчылыкка дуушар болушу ж.б.

Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык иштин актуалдуулугун айкындап, изилдөөбүздүн темасын **«XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы»** деп алууга түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын алгылыктууилимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн обьектиси:** Кыргыз адабиятындагы XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын өздөштүрүүнүн илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:** Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

**Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер коюлат:**

1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

2. Билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын пайдалануунун абалын талдоо жолу.

3. Окутуу процессинде XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын эффективдүүлүгүн тажрыйбада сыноо жана практикага сунуштоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү аныкталгандыгында;70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында;иштелип чыгылган методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүгү.**

Изилдөөбүздөн келип чыккан пикирлер, тыянактар, сунуштар республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, предметтик стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында,мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүүдө практикалык жактан көмөк көрсөтө алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

1.XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын мазмунунун өзөгүн түзгөн илимий түшүнүктөрдүн калыптанышына таасир берүүчү окутуунун методикасы жөнүндө жоболор;

2.Билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргызпоэзиясын окутуунун методикалык системасын пайдалануунун илимий-теориялык өбөлгөлөрү;

3. 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын колдонуунун методикалык негиздери;

4. Түзүлгөн 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы мектеп окуучуларынын билим деңгээлине тийгизген таасири тууралуу эксперименттин жыйынтыктары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын бөтөнчөлүгүн, көркөм-эстетикалык баалуулугун, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен аларды окуп-үйрөтүүнүн абалы аныкталып, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча салттуу жана интерактивдүү методиканын системасы иштелип, практикага сунуш кылгандыгында.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы.**

Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык конференцияларга докладдар даярдалып конференцияларда окулду.

Диссертациянын изилдөө ишинин жүрүшү, алынган натыйжалары жана жыйынтыктары БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабиятыкафедрасынын кеңешмелеринде, Кызыл-кыя шаарынын, Ноокат районунун мугалимдеринин методикалык секцияларында, педагогикалык окууларда, өзүбүздүн сабактарыбызда, эксперименталдык мектептердерде (Ноокат районундагы «Көк-Жар» атындагы инновациялык гимназиясында, Төөлөс айыл өкмөтүнүн «Герейт-Шорон» атындагы орто мектебинде, Кызыл-Кыя шаарындагы №4 А.С.Пушкин атындагы мектебинде, Кызыл-кыя шаарына караштуу № 9 Ураим Гулматов атындагы мектептеринде)иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү тастыкталды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Илимий иштин мазмунуна байланыштуу 17 илимий макала жарыяланган. Алардын ичинен 3макала чет өлкөдөнРИНЦ системасында, 14 макала Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган журналдарында жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдардын баяндоо логикасы үч баптан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен, 3 - сүрөт, 2 - схема, 6 - таблицадан турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 168 бетти түзөт.

# БИРИНЧИ БАП. XX КЫЛЫМДЫН 70–90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргызпоэзиясынын тарыхый өнүгүү тенденцияларыжана ал мезгилдеги акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү

Кыргыз элинин байыртадан жашоо-тиричилиги оозеки чыгармачылык менен тыгыз байланышта болуп келген. Дүйнөлүк көркөм маданияттын шедеври болгон «Манас» эпосу баш болгон фольклордук чыгармалар улуттун руханий мурасы катары мектептерде окутула баштаганга чейин эле жаштарды адептик, руханий, эстетикалык жактан тарбиялоого чоң салым кошуп, мекенчилдик сезимдерин ойготкон.Мына ошолордун ичинде поэтикалык чыгармалар билим берүү окуу мекемелеринде дайыма окутулуп келе жатат.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарды рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өлкөнүн экономикасын көтөрүү коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо менен байланышары, материалдык өсүү, алдыңкы цивилизацияларга теңелүү биринчи кезекте жаштардын адептик сапаттарын калыптандыруу менен бекемделери айтылган [99.]

Поэтикалык чыгармаларды жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутуунун азыркы концепциясынын негизинде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдары окуу программаларынан, окуу китептеринен, окуу-методикалык колдонмолорунан орун алышынын анализи көрсөтүп тургандай, бул мезгилдеги акындардын чыгарма-ларын окуп үйрөнүү XX кылымдын акыркы он жылдыгынан тартып гана башталды. Аларды адабият программасына киргизүүнүн мүмкүндүгү төмөндөгүлөргө байланыштуу болду:

– окуу программасын XX кылымдын 30–40-жылдарынын өтө саясат-таштырылган чыгармаларынан арылтуу;

– эстетикалык-көркөмдүк деңгээли анча жогору эмес чыгармалардан окуу программасын тазалоо;

– тематикасы окшош, кайталанган жана орус адабияты предметинде окутулган чыгармаларды программадан четтетүү;

– окуучулардын 70-жылдардан берки жаңы адабият менен таанышууга болгон талаптарынын эске алынышы.

Чынында эле, өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясы улуттук поэзиянын «гүлдөө доору», «ренессансы» деп аталган 60-жылдардагы кыргыз поэзиясынын андан ары уланышы, өркүндөп өнүгүүсү болуп саналат. Ал мезгилдеги акындар тематикасы ар түрдүү, терең мазмундуу жана көп формалуу чыгармаларды жазып баштакан.

XX кылымдын 60-жылдарындагы кыргыз поэзиясы мурдагы басып өткөн жолунан айырмаланып идеялык-эстетикалык изденүүсүндө жигерлешүү жолуна түшкөнү белгилүү. Дасыккан, жаратмандык тажрыйбасы жетишерлик акындардан тартып жаш ыр жазуу өнөрүн аркалаган акындарыбыздын да чыгармачылыгында мазмундун жаңылыгы менен тереңдигине, форманын көп түрдүүлүгүнө өзгөчө маани берилип, эмоциялык таасирдүүлүгү күчөп, дүйнөнү кабылдоосу жаңы багытта уланып, кыргыз акындарынын чыгармачылыгында изденүү, поэтикалык чеберчилигин арттыруу жолу алдыңкы планга өткөн.

Эң алды менен акындар мурдагы жалаң эле колхоз-совхозду, эмгек алдыңкыларын мактоодон, конфликтсиздиктен бошонуп, өздөрүнүн ички толгонууларын, санаркоолорун, кайгыларын, кубанычтарын, предметке карата мамилелерин жазып баштаган эле. Бул дүйнөлүк классикалык поэзиянын таасиринен улам болду. Демек, бул 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу менен мектеп окуучуларын дүйнөлүк классикалык адабияттын нугуна түшкөн акындардын чыгармалары менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк берди.

Поэзия – коомдук турмушка тез аралашкан, ыкчам адабият теги болгондуктанбы, айтор ал жөнүндө кеп козгогонубузда, ириде улуттук кыртыш эсебинде басымдуу фольклордук салт көңүлгө алынат.

Чындыгында, да жазма поэзиябыздын калыптанып бүгүнкү бийик деңгээлге жетишине, элдик оозеки поэзиянын бай салттарын мыкты чыгармачылык менен өздөштүргөн акындар, өз учурунда поэтикалык изденүүлөрүндө жаңычылдык, оригиналдуу көркөм-эстетикалык ачылыштарды жаратышты. Өткөн кылымдын 20–30-жылдарынын ичинде К.Тыныстанов, А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, К.Маликов ж.б. поэтикалык изденүү аракеттери менен жаралып калыптанган жазма поэзиябыздын жаңы салтын А.Осмонов, Т.Үмөталиев, А.Токтомушев, М.Алыбаев, Р.Шүкүрбеков, Н.Байтемировдор андан ары улантышып, поэтикалык чеберчиликтери тереңдетилип, өнүктүрүлүп жүрүп отурду.

Чыгармачылык изденүү жөнүндө сөз болгондо төмөндөгүдөй жагдайларды белгилеп кетүүгө болот. Биринчиден, белгилүү идеялык-көркөмдүк чектерди жеңип, өздөрүнүн поэтикалык туруктуу стилине ээ болгон улуу муундагы акындарыбыз жетишилген ийгиликтер менен канааттанып же токтолуп калбай, андан ары жаңылануу, чеберчиликтерин өстүрүү аракеттинде болушту. Экинчиден, ошол өткөн кылымдын 60-жылдары кыргыз поэзиясына билимдүү, идеялык-эстетикалык даярдыгы жеткилең, ал учурдагы советтик жана дүйнөлүк поэзияда болуп жаткан изденүү аракеттеринен кабары бар жөндөмдүү жаш акындар көбөйүп, улуу муундагы акындардын жолун жолдоп эле тим болбостон, поэзиябызды өздөрүнө гана таандык жаңы белгилер менен байытышты. Поэзиябызга 60-жылдары алгачкы ыр китептерин жарыялоо менен келип, туруктуу ыр жаратмандарынан болуп калгандардын катарына С.Жусуев, Б.Сарногоев, С.Эралиев, М.Абылкасымова, Т.Кожомбердиев, О.Султанов, Э.Ибраев, Ж.Мамытов жана дагы да башка көптөгөн акындарды кошууга болот. Булар Жазуучулар Союзуна мүчө болгондугу же удаа-удаа китеп чыгарганы үчүн эмес, XX кылымдын 70-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын изденүү тенденциясына аздыр-көптүр өз үлүшүн кошо алгандыгы менен көпчүлүктүн көңүлүн бурду.

Кыргыз поэзиясынын өткөн кылымдын 60–70-жылдарындагы абалы жөнүндө адабий сында бир топ пикирлер айтылып, анын изденүү жолуна

байланыштуу ар кандай талаш-тартыш ойлор ортого салынды жана эстетикалык, проблематикалык, тематикалык тенденциялары жөнүндө кеңири сөз болуп турду.

Поэзиянын сырткы формасы ички формасына (сюжет, композиция, образ, көркөм сөздүн ар кыл жаңы өтмө маанилери: жаңыны салыштыруу, эпитет, метафора ж.б.) караганда туруктуураак келип, жай өзгөрөрүн эске алсак, анда ар бир ырды жазганда ички форма жагында акындардын изденүүгө милдеттүү боло тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп чыгат. Кыргыз профессионал акындары негизинен салттык эле 7, 8, 11 муундуу формада жаңылык табуу аракетинде болушту. Бул багыттагы акындарга А.Токомбаев, К.Маликов, Т.Үмөталиев, А.Токтомушев, Н.Байтемиров, С.Жусуев, Б.Сарногоев, Ж.Садыков, Т.Кожомбердиев ж.б. кошууга болот.

Оюбуз жеткиликтүү болсун үчүн билим берүүчү мектептерде окутулуп жаткан профессионал акындардын чыгармалары 2014-жылы адабият программасына төмөнкүдөй берилген (талица 1.1.).

| № | **Кыргыз адабиятынын программасы (2014-ж)** | **сааты** |
|---|---|---|
| | **5-класс** | |
| 1. | Ж.Садыков «Энелердин жүрөгү» | 1 |
| 2. | С.Жусуев «Алакан» | 1 |
| 3. | Б.Сарногоев «Бешигим– Мекен» | 1 |
| | **6-класс** | |
| 1. | М.Абылкасымова«Эстелик сүйлөйт» | 2 |
| | **7-класс** | |
| 1. | Т.Кожомбердиев «Апа», «Эне жана коломто» | 2 |
| 2. | Ж.Мамытов «Буурул таңдын жомогу» | 2 |
| 3. | О.Султанов «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай…Алтай», «Жоокер» | 2 |
| 4. | А.Өмүрканов «Чолпонбай» | 3 |
| | **10-класс** | |
| 1. | Б.Сарногоев«Ашуудан берген отчетум» жыйнагынан («Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары», «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер»,«Жаңы ырлар жана ода» деген | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| | бөлүмдөрдөн) | |
| | **11-класс** | |
| 1. | С.Эралиев Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара». Поэмасы «Кесир инсан» | 3 |
| 2. | С.Жусуев «Курманжан датка» романы | 5 |
| 3. | Э.Ибраев «Улут болсом, тилим менен улутмун» | 1 |
| 4. | Ш.Дүйшеев«Кайдыгерлик» | 2 |

**Таблица 1.1. -** «*Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептери үчүн кыргыз адабиятынын программасында» XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарынын жайгаштырылышы.*

Ушул программага киргизилген акындардын чыгармачылыгын карап көрсөк;  акын Жалил Садыковдун бир топ жемиштүү эмгектери байкалат. Негизинен салтуу ыр түзүлүшү формасында иштеп, мазмун жактан да, көркөмдүк изденүүлөр жагынан да жемиштүү болуп, алдыңкы катарда эмгектенип жүрдү. Эң алгач 1958-жылы «Убада» аттуу ырлар жыйнагын жарыкка чыгаруу менен поэзия сүйүүчүлөрдүн көзүнө илинип, мыкты чыгармаларын улам байытып, тереңдетип, дагы да жаңы тепкичтерге көтөрүлүп жүрдү. Буга ошол 70-жылдары жарыялаган «Унутулбас обондор» (1971), «Жоогазын» (1973), «Тууган жер» (1979), «Аккан суу» (1984) сыяктуу ырлар, поэмалар жыйнактары күбө.

Балалык чагы согуш мезгилине туура келип, анын оорчулуктарын өз башынан өткөргөн акын Ж.Садыков согуш темасында жазбай коё алган эмес. Анын бул темадагы ырлары башка акындардан кыйла өзгөчөлөнөт. Мында ал тылдагы өспүрүм балдардын, кыз-келиндердин, аялдардын каарман эмгеги Улуу Жеңишке жетишүүдө чоң салым болгонун эң эле ийкемдүү, жогорку чеберчиликте берүүгө жетишкен:

Согуш курсун, согуш – апат оңбогон…
Мен согушка барбаганмын, болбогом.
Анткен менен он жашымда соко айдап,

Тылда жүрүп, тылдын өзүн коргогом.

Аяздарда, окоптордо жатпагам,
Автоматты, мылтыкты да атпагам.
Анткен менен жоокерлерге дан ташып,
Тылда жүрүп, тылды бекем сактагам [21.118.].

Акындын Ысык-Көл темасындагы ырлары өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Ал Ысык-Көлдүн ажайып көрүнүшү жөнүндө көп ырларды жазган. Эмесе, «Ысык-Көлдө» ырынын үч куплетин окуйлу:

Тиктесем көлдөн өңүмү,
Тийишип көлдүн көбүгү.
Кыйлага турдум кете албай,
Кыйын иш болду бөлүнүү.
Көзүмө тааныш күндөгү
Толкундун сансыз түрмөгү.

Сүйлөшүп «кош-кош» дегенсийт,
Сүрүлүп жээкте жүргөнү…
Таңга маал үрүл-бүрүлдө,
Тынч алды толкун күрүлдөө.
Жүзүмдү чайып коштошсом,
Жүрөгүм калды түбүндө [22.220.].

Байкалып тургандай, мында «анын адамды өзүнө тартып турган сыйкырдуу күчү, өмүргө кубат берген ыйык касиети эргүү, берилүү менен ырдалат да, көлдүн кыргыз адамы менен боор эти бир ажырагыс биримдиги поэтикалык көркөм жагымдуу тил менен даңазаланат» [22.128.].

Салттуу поэзиянын жаңычылдыгы дегенде дароо эле таланттуу акын Б.Сарногоевдин ырлары эсибизге түшөт. 13 жашынан баштап ырларын басмадан чыгарган акын өткөн кылымдын 70–80-жылдары «Сүйлөшүү» (1970), «Менин батпас күнүм» (1972), «Ашуудан берген отчетум» (1982), «Таалай өлбөйт» (1982) аттуу ырлар, поэмалар жыйнактарын окурмандарга тартуулады. Булардын ичинен «Ашуудан берген отчетум» деген жыйнагы калың элге зор сүймөнчүлүк менен кабыл алынды.

Б.Сарногоев кадимки эле салттуу 7, 8 муундуу, 11 муундуу ыр түзүлүштөрүн колдонуп, башка акындар айтпаган жаңы ойлорду, жаңы элестөөлөрдү таба алгандыгы менен жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө айланып, анын элет «жыттанган» ырлары бүткүл кыргыз жергесин аралап кетти. Ал эми

Ала-Тоо жөнүндө ыр жазбаган кыргыз акыны деле калбаса керек. Алардын баары туулуп өскөн Ала-Тоого болгон сүйүүсүн өз алдынча айтууга, өз алдынча элестетүүгө аракеттениишти. Ошолордон өзгөчөлөнүп Б.Сарногоев жөнөкөй, музыкалуу ыргагы менен мурда айтыла элек жаңы жана терең ойлорду айта алгандыгы, эч бирине окшобогон жаңыча элестетүүнү таба алгандыгы менен окуган адамды толкундата алды. Ырды окуп көрөлү:

| | |
|---|---|
| Кагылам сенден, Ала-Тоо, | Алтындан ийик жасатып, |
| Кан-жаным сага бирге, бил. | Арнасам деймин күнүгө. |
| Кайратым артат миң эсе, | Сыйлар элем коноктоп, |
| Карааның көрсөм күндө бир. | Сыйгандай болсоң үйүмө [65.98.] |

Ала-Тоого, Ата Мекенге болгон ысык сүйүүнү Б.Сарногоев эне менен баланын ажырагыс биримдигин көз алдыга келтирүү аркылуу элестетет.

Акын Ала-Тоого кайрылып балдар, кыздарың эр жетип калса деле «түн күзөтүп, бешик термейсиң», «тук этип алчы азыраак» деп, энеге боору ооруп, кантип эми анын кызматын актап, кантип өтөсүнө жетем деп, эмне алкыш айтарын билбей бушаймандanat.

Б.Сарногоев өзүнчө бир феномен, сейрек кездешчү талант. Адабиятчы К.Даутов таамай белгилегендей: «Б.Сарногоевдин поэзиясындагы жөнөкөйлүгү кээ бирөөлөр ойлогондой примитивизм эмес, ал чеберчиликтин бийик үлгүсү – классикалык жөнөкөйлүктүн татаалдыгы ушунда турат. Муну ырастап түшүнмөйүн акындын поэзиясынын жалпы эле өзгөчөлүгүн да жарытып түшүнбөйбүз. Ага ар тараптан мамиле жасай албайбыз» [65.15.].

Академик В.В.Радлов [116.27.] айткандай, «сүйлөсө да куюлуштуруп ыр сыяктуу сүйлөп келген» кыргыз элинин уйкаштуу ыр түзүлүшүнө ошол өткөн кылымдын 60-жылдары уйкашсыз ырлардын кире башташы ыр түзүлүш системасын жаңылоо көрүнүш эсебинде болду.

Кыргыз акын аялдарынын ичинен көрүнүктүүлөрүнүн бири М.Абылкасымова уйкашсыз ыр жазууда айрым жаңыланууларды киргизе алгандыгы менен белгилүү. Анын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы мына ошол

уйкашсыз формада жазылганына карабастан, акынга бир топ ийгиликтерди алып келген.

М.Абылкасымованын [2.24.] ырлары образдуу келип, ырында бүткөн бир ой толук айтылат да, кеп болуп жаткан ойдон тез эле тыянактуу, мазмундуу жыйынтык келип чыгат. Акын бир кыйла чыгармачылык бийиктикти «Эстелик сүйлөйт» поэмасы аркылуу багындырып, жалпы Союзга дал ушул поэмасы аркылуу таанылган. Бул поэма формасы жана композиялык түзүлүшү боюнча, ыр саптарынын ыргактары боюнча да, мазмунду ачып берүү ыгы жагынан да кыргыз адабиятына жаңылык катары кирген. Дароо эле орусчага которулуп, убагында Союздагы чыгаан сынчы-адабиятчылардын, котормочулардын көңүл буруусуна арзыган. Орус сынчылары жана бүткүл СССР аймагындагы орус тилдүү окурмандар поэманы өтө жогору баалашып, акынды  Лениндик жаштар сыйлыгына көрсөтүшкөн.

Кыргыз поэзиясында уйкашсыз эркин ырларды жаратуучулардын катарында М.Абылкасымова менен бирге эле акындар С.Эралиев, О.Султанов, Р.Рыскуловдор жигердүү аракеттеништи. Бул акындар чыгармаларында көркөм ойлоонун жаңы тибин өздөштүрө алышкан. Албетте, уйкашсыз жазылган бардык эле ырларда көркөм ойлоонун жаңы тиби ийгиликтүү боло койгон жок, кээ бирлеринин ойлору чаржайыт болсо, кээ бирлери эп келсе, келбесе да эптей салып жазган акындар да болуп жатты. Алгачкы уйкашсыз эркин ырдын чыныгы табиятына терең назар салбай, жерүү менен мамиле кылгандар да болуп жатты. Мунун өзү музыкалуу поэзияга биротоло ык алып көнүп алгандар үчүн адаттан сырткары көнүмүш эле.

Уйкашсыз эркин ыр формасын колдонууда Р.Рыскулов, С.Эралиев бир топ ийгиликтүү изденүүлөрү жарата алышты. С.Эралиев [214], Р.Рыскулов[160] поэмаларды удаа жазышып, андагы негизги идеялык мазмуну дүйнөдөгү жаңы космостук эраны ачкан советтик адамды даңктоо болгон.

Уйкашсыз эркин ырды туруктуулук менен калыптандырууда С.Эралиев бир топ ийгиликтерди жарата алган. Ал тынымсыз изденүүлөрүндө жаңылыкка умтулуп, чыгарманын ички формасында, көркөм ойлоосунда бир топ

табылгаларга жетише алды. Космос темасы ошол учурдун эң күчтүү, эң эле жаңы темасы болгондуктан, аны поэтикалык тилге салуу үчүн жаңыча көркөм ой жүгүртүү талап кылынган. Акын С.Эралиев ошондой бийиктикке, ошондой деңгээлге көтөрүлө алды. Албетте, ой толгоолор ар бир акындын изденүү аракетине, түшүнүгүнө, билимине, турмуш чындыгын көрө билүү жөндөмдүүлүгүнө жараша ишке ашырылган. XX кылымдын 70-жылдары жазылып, адабиятка бараандуу из калтырган лирикалык поэмалардын катарына С.Эралиевдин «Атам, жерим жана мен»сыяктуу чыгармасын кошууга болот.

XX кылымдын 70–80-жылдарынын поэзиясына саресеп салганыбызда,ыр китептери мурдагыга салыштырганда көп жарыяланганы байкалат. Биз изилдөөгө алган акындар ушул жылдары жигердүү иштешип, окурмандарга кыргыз жана орус тилдеринде көптөгөн чыгармаларды тартуулашты. Албетте, жарыяланган ыр китептердин баары эле адабий сын, адабий коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынбады. Ошондой болсо да улам кийинки жарыяланган ыр китептеринде өздөрүнүн талант жөндөмдөрүн көрсөтүшүп, окурмандарга болушунча кеңири таанымал боло алышты.

Көптөгөн ыр китептерди жарыялап, обонго салынган жагымдуу көп ырлардын автору Т.Кожомбердиевдин поэзиясынын жөнөкөй жана терең мазмундуулугу, анын атын даалай жерге дайын кылды. «Күн, Жер, Жүрөк» (1970), «Кызгылтым кеч» (1973), «Нурлуу терезе» (1975), «Токтогул» ГЭСи» (1976), «Таңкы жылдыз» (1979), «Ай тийген тоо» (1981), «Ыр булак» (1984) аттуу ыр китептеринде өзүнө гана таандык болгон табылгаларды жаратып, аларды элге тартуулады. Анын ырларына обонго салынып, элдин терең катмарына сиңди. Акындын «Эки сүрөт» деген ыры бар болгону эки куплеттен гана турат, бирок ага советтик аялдын бүтүндөй бир тагдыры сыйдырылган. Ырда согуш деген бир да сөз жок, анткени менен Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу илеби ырдын мазмунун окуган, ойлонгон адамды ичиркентпей койбойт:

Күн да батты Айлар өттү

| | |
|---|---|
| Түнгө берип кезекти. | Жылга берип кезекти. |
| Кылыктарың | Өчтү жалын |
| Өрттөдү го өзөктү. | Өрттөдү бүт өзөктү. |
| Аяш күтөт | Саамай чачы |
| Тамагыңды даярдап, | Куудай болгон келинчек |
| Салып коюп | Салчу болду |
| Апапакай төшөктү. | Бир кишилик төшөктү [90.24.]. |

Ырдагы «өрттөдү го өзөктү», «өрттөдү бүт өзөктү» деген саптардын кайталанышы автордун сөз тапкандыгынын жыйынтыгы эмес. Контексттен бөлбөй, мазмундун ыраатын бузбай караганыбызда бул окшош сөздөргө таптакыр эки башка маани камтылганы байкалат. Биринчисинде – согушка кеткен күйөөсүн күткөн келинчектин келечекке умтулган таттуу үмүтүнүн өзөктү өрттөгөндүгү, экинчисинде, тескерисинче, күтө берип, күтүүдөн көңүл калып үзүлгөн үмүттүн өзөктү өрттөп бүткөндөгүсү, ошонун натыйжасында «саамай чачы куудай болгон келинчекти» бир кишилик гана төшөктү салууга аргасыз кылгандыгы айтылды. Албетте, бул ырдын мазмунуна согушка кеткен миңдеген көйгөлөр, сүйгөн жарына кайтпай калгандыгы жөнүндөгү белгилүү чындык камтылган. Бирок ошол белгилүү эле чындыкты акын жандуу элес кылып, өмүр тагдырдын бүтпөс кыймылын көз алдыга келтирүү менен, окурманды ойго сала тургандай деңгээлге жеткире алып, кыска жана таамай бере алды. Башкалар көрө, сезе албаганды акындын көрө коюшунун сыры мына ушундай поэтикалык көркөм табылгалардын таасирдүүлүгүндө экендигин жогорку мисал дагы бир жолу айгинелеп турат.

Алгачкы эле ыр китеби менен адабий сындын да, окурмандын да көңүлүн өзүнө бурган акындардын катарына Ж.Мамытовду кошууга болот. Алгачкы эле ыр жыйнагында [114] эле ал дүйнөнү өзүнчө көрүүгө дилгир экендигин, жаңыча ой жүгүртүүгө көп аракеттене тургандыгын айкындай алган. Поэзияда ой айтуу, образ түзүү кээде бир эле сөздөн, же бир эки эле саптан да байкала калат. Мындай ийгиликтерге жетишүү чындыгында да көп изденүүнү талап

кылган машакат. Ал үчүн акындык көз керек, андай көз Ж.Мамытовго ченемсиз берилген. Окуйлу:

Тиктесем түн ичинде көлдү кырдан,
Ай анда көпүрө салат аппак нурдан.
Мен качан оттуу ырдан көпүрө курам,
Элдердин жүрөгүнө өтө турган [114.].

Түн ичинде аркы өйүздөн берки өйүзгө чейин жаркырап тийген айдын нурунун өзүнчө эле бир нурдан бүткөн көпүрө болуп көзгө элестелерин дароо «кармап алып» анын жылуу элесин көз алдыга келтирип, ошого салыштыруу менен өзүнүн жүрөгүндөгү ой-тилегин билдирүү, албетте жаш акын үчүн оңой-олтоң эле ишке аша калбаган болуу керек. Акын дал ушул багыттагы поэтикалык изденүүлөр менен көркөм табылгалардын мыкты үлгүлөрүн кийинки жарык көргөн ыр китептеринде («Жашыл аалам» (1971); «Ырлар» (1975); «Мезгилдин элеси» (1976); «Суунун өмүрү» (1981) ж.б. таасын көрсөтө алды. Ж.Мамытовдун көпчүлүк ырларына масштабдуу ой жүгүртүү мүнөздүү. Буга бир-эки мисал, «Кайгыга африкалык комментария» деген ырында акын элдин тагдыры жөнүндө кеңири, масштабдуу ой жүгүртүүгө аракеттенип мындай дейт:

Алдан тайып жыгылганың кайгы эмес,
Жашооң бүтүп көз жумганың кайгы эмес.
Сүйгөн кызга жетпей калган кайгы эмес,
Жардылык – мунун баары кайгы эмес.

Эң зор кайгы – тууган элдинтагдырын,
Таштап коюп бөтөндөрдүн эркине
Көңүлүң түтүп тирүү басып жүргөнүң
Ааламдагы эбегейсиз зор күнөө [115.88.].

Ж.Мамытовдун 1981-жылы жарыкка чыккан «Суунун өмүрү» деген ыр китебинде «Чач тууралуу ыр» деген ыры бар. Бар болгону үч куплеттен турган бул ырды окуп көрөлү:

Бийик болсо алга койгон максаты,
Эр жигиттин элге тарар жакшы аты.

Элестетип дүйнөгө бүт таркады
Кыргыз өңү Чокморовдун өңүдөй.

Андай атты ойлой калсам, негедир,
Эске түшөт Сүймөнкулдун ак чачы.
Ал ак чачтар кара кезден көмүрдөй,
Кыдыр даарып, талант муңбай төгүлбөй,
Салып сан миң окуяга сарасап,
Өткөн күндү биз кылчая карасак,
Эрди тууган эл өз баркын билгенче,
Агарыптыр далай уулда кара чач.
[114.68.].

Бул ырда, биринчиден, кыргыз элинин чыгармачыл таланттуу уулу, атактуу киноактер, художник Сүймөнкул Чокморовдун элине зор мээнет кылган даңазасы жөнүндө сөз болсо, экинчиден, ошондой сейрек туулчу адамдарды өз убагында даңктап, баалабаган көнүмүштөрүбүздөн арылуу маселеси күн тартибине коюлуп отурат. Ошондой эле Ж.Мамытов «Башат жана мухит» сыяктуу татынакай поэмаларды жазууга да үлгүрдү.

Акын О.Султанов биринчи эле ыр китебиндеги «Кыйылып турам...» деген ырында:

Жылкы айдап үрөң-бараңдан
Жылганы бойлоп бастырсам,
Жайлоонун салкын абасы,
Эркелей согуп астыртан,
Көңүлгө сиңген гүл жыты-ай,
Көркөмү менен мас кылган [184.10] - деп кыргыз баласынын канына сиңген, ажайып кооз дүйнөнү – толукшуган жайлоонун адамды суктандырган ажарын көз алдыга жандуу картина катары келтирип, кайдагы бир туңгуюк катылган сезимди козгоп, адамдын ой чабытына дем берип, алдыга үндөйт. Биринчи эле ыр китебинде поэзиянын жөнөкөй жана таасирдүүлүгүнө жетише алуу ар бир эле акындын колунан келе бербесе керек. Акын О.Султанов салттуу формада эле жогорку сыяктуу алымдуу, жагымдуу ырларды жазууну үзгүлтүксүз улантып турду. Махабат сезиминин казып бүткүс ар кыл жагдайларын терең иликтеген «Сен жөнүндө поэма» ыр түрмөктөрүн ал улам жаңы ыр китебинде улантып жазып, ал өзүнчө эле ажайып кооз ыр дүйнөгө айланды. Муну «Аэропанорама» (1970), «Аралдар арасында» (1976), «Дүйнө» (1979), «Чарчоонун жүзүнчү ыры» (1982) сыяктуу ыр китептеринен окуган адам ачык байкайт. О.Султановдун поэтикалык изденүүлөрү ар дайым

анын саякатта жүргөнүнө (Советтер Союзу бар кезде анын чыгышы Камчатка, Сахалин, Курил аралдарынан батышы Украинага чейин кыдырып, такай ири акындардын чөйрөсүндө болушуна) да көп жагынан байланыштуу болду. 1976-жылы «Аралдар арасында» ыр китебине киргизилген «Адамдын турмушу» поэмасын кийин ал ыр менен жазылган романга чейин жеткире иштеп чыкты.

Салттуу эле формада татынакай поэтикалык чыгармаларды жараткан акындарыбыздын бири – С. Жусуев. Алгачкы ыры Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жарык көрүп, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү ошол өткөн кылымдын 60–70-жылдары ачылып, чоӊ акын катары такшалып, жалпы советтик өлкөгө кеӊири таанылган, анын жыйырмага жакын ыр китептери кыргыз, өзбек, азербайжан, украин тилдерине которулуп басылып чыккан, ыр менен «Жылдыздуу тоолор» [72] повестин жазган, ондогон ырларына обондор чыгарылып, кыргыз жергесинин учу-кыйырына тарап ырдалып жүрөт. 1975-жылы акындын тандалмалуу ырлар, поэмалар китеби кыргыз тилинде көлөмдүү китеп болуп жарык көргөн. Ошол китепке жазган баш сөзүндө Кыргыз Республикасынын Эл акыны С.Эралиев С.Жусуевдин поэзиясына мүнөздүү кээ бир өзгөчөлүктөрдү туура баамдап көрсөткөн. Бул тууралуу ал төмөндөгүчө жазат: «... С.Жусуевдин ырларында ойлуулук менен эмоциялуулук айкалышып тургандыгын, акын кургак риторикадан оолак экендигин, ал ырдагы көркөм образга, мазмундуулукка, музыкалуулукка көп көӊүл бургандыгын байкоого болот. Ырдын негизин бүтүн ой менен образ түзөт. Ушуга байланыштуу С.Жусуевдин ырларындагы дагы бир өзгөчөлүккө токтолгубуз келет. Ал акындын эӊ негизги куралы болгон сөзгө көп көӊүл бөлгөндүгүндө, аларды орду-ордуна коюуп, өз ара үндөштүгүн табууга, ошентип, сөзгө чоӊ ой, чоӊ мазмун берип, «жүк көтөргүч» кубаттуулугун арбытууга аябай тырышкандыгында. Ошол аркылуу ал поэзиядагы өз үнүн, өзүнө тиешелүү табиятын жылдан жылга, китептен китепке камдуу сактап, өркүндөтүп алып келе жатат. Ансыз мүмкүн эмес. Ансыз акындын өз үнү угулбай, башкалардан айырмаланбай калар эле. Демек, Сооронбайдын рационализми – бул

чыгармачылык көктүктөн жана талыкпай изденүүдөн келип чыккан көрүнүш, ыр «чарбасына» ыраатгуу жана так карагандык» [215.68. ].

С.Жусуев кыргыз поэзиясында сонет формасын өнүктүрүүдө өзгөчөлүү эмгек сиңирген. Ошол өткөн кылымдын 70-жылдарында поэзияда «сонеттер алкагы» деген түшүнүк келип чыгат. Бул ушундай бир татаалдык, мында акындан өзгөчө чыгармачылык шык-жөндөм, ыр куруунун ички мыйзамдарын жеткиликтүү билгендик талап кылынат. Бир сонеттер алкагына эки жүз ашуун ыр саптары сыйдырылат. С.Жусуев өзүнүн «сонеттеринде адамгерчилик, достук, адамдардын ортосундагы мамиле, адамдын кубанычы, кайгысы жөнүндө жазат» [ 215.72.].

С.Жусуевдин ырларына мүнөздүү образдуулук, мазмундуулук, музыкалуулук касиеттерди баамдоо үчүн анын бир эле «Унутпаймын» деген ырын окуп көргөнүбүз толук жетиштүү.

Гүлдөр жайнап, аңкып турса ыргалып,
Көңүл эргип нечен күлдүк, ырдадык.
Биз эч качан кайгырбайбыз дечү элек,
Кумар канбай жал-жал карап жылмайып.

*Кайырма:*

Ал кез кетти койбой кылчайып,
Көңүлдөргө кайгы, муң салып.
Жаным, сен жок, эл көп болсо да,
Жалгызсырап жүрөм сумсайып.

Бак жашарган, бак жасанган күндөрдө,
Бажырайып жылдыз толгон түндөрдө.
Биз эч качан кайгырбайбыз дечү элек,
Кол кармашып бирге ойноп жүргөндө.

*Кайырма:*

А биз анда оттой жаныппыз,
Биз тагдырды такыр таныппыз.
Жанашарга айла таппадым,
Жакын жүргөн менен, алыспыз [74.96.].

Мындай тереңде жаткан купуя сырлар миңдеген окурмандардын ички дүйнөсүнүн күчтүү дабышына үндөшүп, алардын өз ыры болуп кетери чындык эмеспи. Акын С.Жусуевдин обонго салынып ырдалып жүргөн көптөгөн

ырларынын адамды өзүнө тартып турган магниттүүлүгү да ушундай ар кимдин ички сырын туя билип, ачып бере алгандыгында болуу керек. «Карагым келет ансайын» деген ырында «махабат оорусуна» чалдыккан ар бир адамдын тил учунда турган, бирок кантип айтарды биле албай бушайман болгон абалын жеңилдетип, оозуна салып сайрата койгондой эле кызмат аткарган акын.

| | |
|---|---|
| Жамалың карап жайнаган, | Сөзүңдөн такыр танбадым, |
| Жаныңдан кетпей айланам. | Сөзүңө такыр канбадым. |
| Жолугуп азыр коштошсом, | Сүйлөгөн сайын кайтадан, |
| Жолуккум келет кайрадан. | Сүйлөсө деймин жалжалым |

[74.57.]

Кыргыз ыр түзүлүшүнө уйкашсыз эркин ырды калыптандыруу үчүн С.Эралиевдин туруктуулук менен аракет кылгандыгы, албетте, көңүлгө алына турган иш. Акындын жаңылыкка умтулгандыгын ачык көрсөтө турган жагы – бул анын «Жылдыздарга саякат» поэмасынын ички формасындагы, көркөм ойлоодогу табылгалары. Ырасында эле өткөн кылымдын 60–70-жылдары космос темасы учурдун эң жаңы, эң күчтүү темасы болгондуктан, аны поэтикалык тилге салуу үчүн ааламды дүңгүрөткөн ушу чындыктын табиятына ылайык келе тургандай гана жаңыча көркөм ой жүгүртүү талап кылынган. Акын С. Эралиев ошондой деңгээлге көтөрүлө алды. Айрым бир чаржайыт, түшүнүксүз саптарын эске албаганда поэма адамдын табийгат алдындагы күчтүү жана күчсүз жагы, өмүр менен өлүмдүн эриш-аркак жүрө бере турган бүтпөс процесс экендиги оригиналдуу ой жүгүртүүлөр аркылуу элестетилген.

Кайра куруу мезгилинде поэзия мурдагыдан да жигердүү кыймылга келип, акындар коомдогу, мансап чөйрөсүндөгү, турмуш-тиричиликтеги оң-терс көрүнүштөрдү терең иликтеп, өз оюн, көз карашын кенен, айкын билдирүүгө аракеттенип жатышты. Бул тематикада акындар Э.Ибраев менен Ш.Дүйшеев өзгөчөлүү эмгек сиңирди.

Жаш акын Ш.Дүйшеев кайра куруу, ачык айтуу учурунда өзүнүн акындык талантын чыйралтып, турмуш чындыгын актуалдуу күн тартибине курч койгон ырларында кемчиликтерди келиштире бетке айтууга батынды.

Анын [69] жарыкка чыккан ыр китебине киргизилген ырлары такай радиодон уктурулуп да жүрдү. Чындыгында, коомубузда, турмушубузда орун алган кемчиликтерди бул акындай поэзиянын тилине салып, курч, конкреттүү айткан акындар өтө сейрек. "Эне тилин унуткандар" деген ырында кыргыз маданиятынын бир капшытынын кыйрап калгандыгын мындайча элестетет:

Мен азыр мисал кылып,
Мурат деген жигит жөнүн айткым келет.
Мурат минтет:
Энекебай,
Өзүңдү түшүнсөм да,
сөзүңдү түшүнбөймүн,
тууган эл, кечир, кечир,
туз-наныңтүрбөймүн,
а бирок эмне кылам
энемди түшүнсөм да
эне тил дегенге мен эч түшүнбөймүн.
Түшүнбөймүн
ырыңды,
макалаңды,
Кошоюң, Бакайыңды
Башка калктын тарыхын билген менен
билбеймин Манасыңды
........................................[ 69.24.]

Ырдын андан аркы мазмунунда эне тилиин жакшы билбей, манкурт болуп калган үчүн Муратты күнөөлөбөйт, тескерисинче, жалпы коомчулук, бийлик ээлери күнөөлүү экендигин ачык айтат. Акын катуу кыжырдануу менен Мурат сыяктуу жаштарыбыздын эне тилинин рухий байлыгынан ажырап, "экинчи эне тилин" биринчи планга чыгаруу саясатынан же орус же кыргыз болбой гибридге айланып калгандыгын эске салат.

Акын Э.Ибраев “Эсенгулдун ырлары” (1998) аттуу ыр китебине кыргыз элинин азыркы турмуш абалы жөнүндө жазылганибир катар ырларын киргизип, “Чукул кайрылуулар” деген бөлүмчөсүндү: “Реформага аттанып, итке мине баштадык”, “Жетекчилер элди эмет, эл – желди эмет”, “Саан уйдай салыкты, саап жатат, салыкчы”, “Ишканалар жайланды, итканага айланды”, “Төгүш үчүн кыгыңды, төлөшүң керек тыйынды” деген шилтемдеринде турмуш чындыгын таамай  элестетип, курч ойлорун билдирген.

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектеп программасына иргеп киргизилген үлгүлөрү окуучулардын жаш курагына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып, жаш муундарга эстетикалык тарбия берүүдөгү таасири чоң. 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн илимий жактан изилдеп, алардагы чыгармачылык өзгөчөлүгүн:  Ж.Садыковдун “Эненин жүрөгү” чыгармасында - лиризм, С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасында – уйкаштык, Б.Сарногоевдин “Бешигим – Мекен” чыгармасында - төкмөлүк өнөргө жакындыгы, М.Абылкасымованын “Эстелик сүйлөйт” чыгармасында – публицистикалуулук, Т.Кожомбердиевдин  “Апа”, «Эне жана коломто» чыгармаларында – поэтикалуулук, Ж.Мамытовдун “Бурул таңдын жомогу” чыгармасында – романтикалуулук, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай…Алтай», «Жоокер» чыгармаларында – философиялуулук, А.Өмүркановдун «Чолпонбай» чыгармасында – патриоттук, С.Эралиевдин Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара». Поэмасы «Кесир инсан» чыгармаларында – ички толгонуулар, санаркоолор, ички кайрыктар (поэтикалуулук), Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун» чыгармасында – патриоттук пафостун күчтүүлүгү жана Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» чыгармасында – маселеге масштабдуу кароо маселери басымдуу болгонун аныктоо менен аларды окутууда маани берүү жагы каралды.

Демек, XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн бири-биринен айырмалоо оң натыйжасын берет (1.1-сүрөт).




*1.1-сүрөт. -70-90-жылдардагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү.*

Поэтикалык чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштурууда жогорудагы сунушталган акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн жана да С.С.Сакиеванын [164. 136.] эмгегинде көрсөтүлгөн; а)ырларды окуу көндүмдөрүнө басым жасоо, б) мазмундук, тематикалык жана маанилик жактан байланыштарын салыштыруу менен окуп-үйөнүүнү уюштуруу, в) каармандарды талдоону эске алуу менен ишке ашырылат. Кыргыз поэзиясын окуп-үйрөнүүдө уюштуруу жолдору келечектүү.

## 1.2. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын түзүүнүн теориялык маселелери

Тарыхтын өнүгүшүндө узак мезгилдер аралыгында ар кандай өзгөрүүлөргө учурап **система** түшүнүгү XX кылымдын жарымынан баштап атайын илимий түшүнүктөрдүн бири болуп калды. Система жөнүндөгү билимди XVII-XVIII кылымда Спиноза [183], Лейбниц Г.В. [106], К.Линней [107], Кондильяк Э.Б. [91], И.Г.Ламберт [105], XX кылымда немец классик философия өкүлдөрү Кант И. [86.], Гегель В.Ф. [55] Шеллингер [67] өркүндөтүшкөн. Система иш жүзүндө бардык нерсе, түшүнүктөрдө, көрүнүштөрдө (жаратылышта, коомдо) кездешкендиктен, ал илимде мазмун да, форма да жагынан ырааттуу түзүлүшкө ээ болгон бүтүндүккө (биримдик, топ, жамаатка) мүнөздүү негизги принциптерди табууда, аныктоодо эң чоң мааниге ээ. Мында бүтүн аркылуу бөлүктүн, бөлүк аркылуу бүтүндүн касиеттери жана алардын өз ара карым-катышы, байланышы белгилүү болот.

**Система** (тутум) (гр.sistema – бөлүктөрдөн куралган бүтүн нерсе, биримдик) – бири-бири менен өз ара байланышып турган элементтердин (бөлүкчөлөрдүн) белгилүү бир бүтүндүктү, биримдикти түзгөн жыйынды [206].

Илимде **системанын** көптөгөн аныктамасы бар, бирок алар ар түрдүү болсо да, структуралуулугу менен бири-бирине окшош, б.а. биргелешип бир бүтүндү түзүүчү жана өз ара байланыштуу болгон компоненттерден турат [60].


“**Система** – бул салыштырмалуу туруктуу, ички бүтүндүккө ээ, айлана чөйрөдө өз алдынча боло алган көптүк десек болот” [154.36].

Таанып-билүү теориясына таянсак, курчап турган дүйнө көптөгөн–чексиз кичинекейден тартып, чоңдорго чейин системадан турат деп жазат Э.Мамбетакунов [112, 12-б.].

Академик С.Г.Шаповаленконун аныктамасы боюнча “...жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу системасы бири-бири менен өз ара байланышкан, предметтин милдети, максаты жана окуучулардын таанып-билүү

иш-аракетинин өзгөчөлүгү менен төп келишкен компоненттерден турат”- деп жазган [213.78].

Окутуунун методикалык системасы А.М. Пышкало [156] тарабынан 1.2-сүрөттө сунуш кылынган. Сүрөттөн көрүнүп тургандай, методикалык система предметти окутуунун белгилүү каражаттарына байланышкан окутуунун максаты, мазмуну, методу жана уюштуруу формаларынын биримдигинен турат. Бул системада чечүүчү болуп, окутуунун максаты эсептелет. “Коюлган максатка жараша окутуунун мазмунун, методун, каражаттарын ж.б. уюштурууга болот”- деп белгилейт автор [156, 14].




*1.2.1 – сүрөт. Окутуунун методикалык системасы (А.М.Пышкалонуку боюнча)*

В.П. Голов географияны окутуунун методикалык системасынын моделин (1.2.2-сүрөт) ар кандай деңгээлдеги өз ара байланышкан компоненттерден – түрдүү рангдагы подсистемалардан турарын көрсөткөн [58]. Бул бир гана география предметин окутууга тиешелүү болбостон бардык эле предметтерди окутуунун системасы болууга негиз болот.

Бул модель методикалык системанын төмөнкүдөй болгон белгилерин көрсөтүп турат:


- бардык компоненттер ар кандай иерархиялык деңгээлде болгону менен өз ара байланышкан;

- жогорку иерархиялык деңгээлге (максаттардын деңгээли) билим берүүнүн максаттары кирет;

- окутуунун мазмуну, методу, формалары жана каражаттары экинчи деңгээлде жайгашкан (окуу-тарбиялык процесстин деңгээли). Аталган компоненттердин баары бири-биринен тикелей көз каранды болот жана окутуу процессинде өз ара байланышат.

- окутуунун акыркы жыйынтыгы – окуучулардын билимдүүлүгү үчүнчү деңгээлге таандык (билимге ээ болуу деңгээли).

Мына ошентип, бул предметте методикалык системанын рамкасында окутуу менен бир иерархиялык деңгээлде жайгашкан компоненттер менен тыгыз байланышта жана аракетте болору белгиленген.



*1.2.2-сүрөт. Географияны окутуунун методикалык системасынын модели (В.П.Головдуку боюнча)*

Кыргыз поэзиясын билим берүүчү мектептерде окутуунун тарыхын орус (совет) адабиятынан бөлүп кароого мүмкүн эмес. Я.А.Ротковичтин орус адабиятынын методикасынын тарыхы [160] боюнча жазган эмгегинде мектепте адабиятты окутуунун этаптарын, маанилүү бурулуштарын болушунча толук камтып кеткен. Поэзияны окутуудагы өзгөчөлүк атайын бөлүнүп каралбаганын белгилеген, бирок турмушту  эпика менен поэзия ар башка көркөм ык менен сүрөттөөрүн В.И.Водовозов менен В.Я.Стоюнин өзгөчө баса белгилешкен.

В.И.Водовозов [52] поэзияга арналган сабак аркылуу окуучулардын кыялдана билүүсүн жана сезимдерин ойгото алуусун калыптандырууга аракет кылган. В.Я.Стоюнин [178] чыгармадагы автордук ойду байкоого, композицияны талдоо иштерине басым жасаган. Бирок эки методист да окуучулардын поэзияны  кабыл алуусуна көңүл бурган эмес. Поэзияны окутуудагы маанилүү аспект көркөм окуу менен акындын личностуна көңүл буруу – деп жазат Я.А.Роткович [160]. Совет мезгилинде адабиятты окутуунун методикасына салым кошкон Н.М.Соколов адабий чыгарманы талдоонун түпкү максаты образды жаратуудан деп белгилеген.

Көрүнүктүү методист-окумуштуу М.А.Рыбникова адабиятты окутуунун методикасына чоң салым кошкон. Адабиятты окутууда чыгарманын өзгөчөлүгүнө карап методду тандап алуу керектигин белгилеген. “Өздөштүрүүнүн методикасы жанрдан, окуучулардын чыгармага болгон мамилесинен, көлөмүнөн, жеңил же татаалдыгынан келип чыгышы керек” [159] – деп көрсөтөт.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында Б.Алымов [13] лириканын тектик табиятын эске алуу менен үйрөнүүнүн ыктарына өзгөчө маани берип, таанымал акындардын ар кандай тематикадагы ырларынын мисалында иштеп чыккан.

А.Муратовдун [132] иликтөөсүндө кыргыз ырларынын түзүлүшүн талдоодо айрым иштерге токтолуу менен ырды үйрөнүүдө ырдын сырткы

формасы менен ички мазмуну бирге үйрөнүлбөсө окуучунун түшүнүгү өркүндөбөн боюнча калат. Азыркы шартта ыр теориясын өздөштүрүүдө мектеп практикасында кеңири жайылтууну талап кылган: 1) мазмунун, ырдагы айтылган ойду; 2) композициясын (ырдын айрым бөлүктөрүнүн, образдарынын карым-катышы жана байланышы; ырдын багытталган кишисин; көңүл-туйгулардын өөрчүп-өнүгүшүн; лирикалык мотивдердин өсүшүн); 3) тилин (ырдагы сөздү; троптун түрлөрүн; кептин үндүк түзүлүшүн; поэтикалык интонацияны); 4) түзүлүшүн (ритмикалык өлчөмдөрүн – уйкаштыкты, куплетти, муунакты; сөздүн, сөз айкаштарынын өз-өзүнчө бөлүнүп турушун окуучуларга жеткирүү керектигин белгилейт.

Өркүндөтүлгөн программанын талабына байланыштуу профессор Б.Алымов 1990-жылы 8-класс үчүн “Кыргыз совет адабияты” окуулугун жазган. Бул окуу китеби мугалимдерге да, окуучуларга да поэзия жөнүндө ар тараптуу түшүнүк бере алган. “Ал окуу китеби боюнча жазылган сын-пикирлерге таянсак – деп жазат Н.Ишекеев, - кыргыздын мыкты адабиятчыларынын тигил же бул ыры жөнүндөгү ойлорунун, сындарынын, изилдөөлөрүнүн окуу китебинен ыктуу да, орундуу да орун алышы ырды кабыл алуунун, талдоонун жолун мугалим менен окуучуларга көрсөткөн үлгү. Коюлган суроолор, тапшырмалар ырдын жаралыш кырдаалын, жазылыш себебин, ырдагы акындык ойдун өнүгүшүн байкоого, ырдын көркөмдүгүн көрө билүүгө көмөк көрсөтөт” [83.].

Мектептеги иш практикалары педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, окутуунун эффективдүүлүгү адамдын сезүү органдарынын бардыгынын катышуу даражасынан көз каранды. Окуу материалын адамдагы сезүү, кабыл алуу канчалык ар түрдүү болсо, ал ошончолук бекем өздөштүрүлөт. Бул мыйзам ченемдүүлүк дидактиканын көрсөтмөлүүлүк принцибинде алда качан эле педагогдор жана методисттер тарабынан Л.В. Занков, Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, В.В. Половцов, Б.Е. Райков, К.Д. Ушинский, С.Г. Шаповаленко ж.б. [54, 65, 151, 107, 118, 158, 213] белгилешкен.

Я.А. Коменский окутууга бардык сезүү органдарын тартуу жөнүндө “дидактиканын алтын эрежесин” негиздеген [65]. И.Г. Песталоцци [105] түшүнүктү калыптандырууда жана аны өнүктүрүүдө көрсөтмөлүүлүктүн башкы ролдо экенин белгилеген. Ал эми К.Д. Ушинский [158] окуучулардын сөз сүйлөөсүн өнүктүрүү үчүн көрүү туюмунун маанисин ачкан болсо, В.В.Половцов [107] окутуунун методун тандоодо көрсөтмөлүүлүктүн ролун негиздеген. Л.В. Занков [54] окуучулардын өнүгүшүн активдештирүү үчүн сөздүн айкалышуу мүмкүнчүлүгүнүн варианттарын көрсөткөн.

Ошентип, биз жогорудагы методист-окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча XX кылымдын 70-90-жылдагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы бүгүнкү окуу процессинде актуалдуу маселелердин бири экенине ынандык. Демек, окуу процессиндеги ар бир компоненттин окутуунун методикалык системасында маанисин чоң экенин мугалимдер дайым эске алып жүрүүсү зарыл.

**1. Окутуунун максаты** - дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө [98.9.].

**2. Окутуунун мазмуну –**коомдун материалдык жана маданий өнүгүшүнүн деңгээлине жараша аныкталат.Коомдун өнүгүшүнүн ар кандай этаптарында окутуунун максаты менен методдору коомдук мамиленин өнүгүшүнө жараша өзгөрүп турат [100 ].

**3. Окутуу методу** – окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялоого ж-а өстүрүп өнүктүрүп чыгармачыл инсандыкка даярдоого багытталган мугалим м-н окуучулардын арасындагы өз ара максаттуу биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасы.Адабиятты бүгүнкү күндүн талаптарында заманбап салттуу окутуунун жетиштүү кеңири таралган методдору төмөндөгүдөй:

***Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзүно жараша методдор төрткө бөлунөт.***

1) чыгармачылык окуу, 2) эвристикалык, 3) изилдөө, 4) репродиктивдүү. Бул методдорду И.Л.Лернер менен М.Н.Скаткиндин классификациясынын негизинде Н.И.Кудряшев иштеп чыккан.

Кыргыз адабияты предмети боюнча стандартында кыргыз адабиятын окутуу процессин уюштуруу формаларында1) чыгармачылык окуу, 2) эвристикалык, 3) изилдөө, 4) репродиктивдүү окутуу методдору берилген [100.37.].

1. Мындагы ***чыгармачылык окуу методун*** колдонууда чыгарманы кезек менен окутуу, мазмунун кайра суроо түшүнүү өзү туура болбойт. Бул усулдун ички маңызы текстти окуу ишин жүргүзүүдөгү мугалимдин колдонгон ар түрдүү методикалык ыктарынан жана окуучулардын түрдүү ишмердүүлүктөрүнөн ачык байкалат. Окуучулар чыгармаларды кабылдоосуна, сын көз менен карап, аң-сезимдүү өздөштүрүүлөрүнө өбөлгө түзөт. Бул метод көркөм чыгарманы окуп үйрөнүүнүн баштапкы этабында жана жыйынтыктап жаткан учурларда пайдаланышы ыктымал. Бул окутууда - жаңы материалды V-VII класстарда окуп өздөштүрүү методу деп түшүнүү зарыл. Чыгармачылык окуу методун кадимки сабак процессинде эки жактуу ишмердүүлүк – (мугалимдин жана окуучунун ишмердүүлүгү) чоң мааниге ээ. Алгач мугалимдин ишмердүүлүгү:

- Текстти мугалимдин өзүнүн көркөм окуусу, көркөм окуунун чеберлеринин окугандарын угузуу (магнитофон, диктофон, CD жана DVD компакт дисктеринен телевизордун экраны, компьютерлердин монитору аркылуу);
- Окуучуларды көркөм окуганга үйрөтүү;
- Эмоционалдык кабылдоону пайда кылуучу, өнүктүрүүчү сөзү;
- Окуучулар менен окулган көркөм чыгарма боюнча алгачкы таасирди күчөтүү максатындагы аңгемелешүүсү;
- Окуучулардын адабий чыгарманы көркөм кабыл алуусун тереңдетүүчү проблемалык суроолорду коюу;

- өтүлүп жаткан текст же турмуштук байкаалору боюнча чыгармачылык тапшырмалар берүү.

Окуучулардын ишмердүүлүгү:

- көркөм чыгарманы класстан жана үйдөн окуу;
- текстти көркөм окуу;
- жаттоо;
- көркөм окууну активдүү угуу;
- эпизодго план түзүү;
- текстке жакындатып кайра айтуу, көркөм айтып берүү;
- сценарий түзүү;
- окулган чыгарманы сүрөттөр менен шөкөттөө;
- окулган чыгарма жөнүндө оозеки жана жазуу жүзүндөгү жекече пикирлер;
- тексттин иллюстрациясына баа берүү;
- чыгармадан алган таасирлер, сүрөттөр боюнча ар түрдүү тематикадагы дилбаяндарды жазуу [93.69.].

2. Эми ***эвристикалык же толук эмес изилдөөчүлүк методун*** карайлы. Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бул кийинки тепкичи өздөштүрүүчү материалдын айрым өзгөрүүсү жана буга байланышуу окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн жаңылануусу менен шартталат. Бул тепкичке да негизги өздөштүрүлүүчү материал болуп көркөм чыгармадагы текст өзү кала берет, бирок аны тереңдетип өздөштүрүү адабият жөнүндөгү илимдин элементтерин-адабияттын тарыхы жана теориясын (ошол класска тийиштүү кыргыз адабияты программасын, окуучулардын жаңы материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн, билим дээңгелин, курактык өзгөчөлүгүн эске алып) үйрөнүү менен түздөн-түз байланышат.

Таанып билүүнүн бул тепкичинде окуучулардын алгачкы эмоционалдык кабыл алуусу тереңдетилет, интеллектуалдык чымыркануулары тартипке келтирилет. Адатта чыгарманы өздөштүрүү, аны талдоо жазуучу тарабынан коюлган көркөмдүк, нравалык, коомдук жана философиялык проблемалардын

чечмелениши менен тыгыз байланыштуу. Мындагы мугалимдин милдети – окуучулардын көркөм тексттен алардын чечмелениш жолдорун табуусуна жардам берүү; көркөм туундуну талдоого, компоненттердин көп түрдүүлүгүнүн биримдигин түшүнүүлөрүнө жетишип, талдай билүүгө, өз ой толгоолорун, пикирлеринин өнүгүшүн ырааттуу далилдүү оозеки жана жазууга үйрөтүү. Мына ушулардын баарын эвристикалык метод өзүнө алат, карайт.

Мындай метод көбүнчө эвристикалык аңгемелешүүдө *[Эвристикалык аңгелешүү – мугалимдин окуучулар менен сабак маалындагы баарлашуусу, мында окуучулар талкууланып жаткан көйгөйдүн (маселени) чечилишине өздөрү ойлонуп жетишишет.]* жүзөгө ашат. Анткен менен качан, окуучулар керектүү көндүмдөргө ээ болгондон кийин, аңгемелешүү алардын өз алдынча иштөөсү (мугалимдин берген тапшырмалары же суроолору боюнча) менен алмаштырылышы мүмкүн. Кыскасы, эвристикалык метод окуучулардын адабий чыгарманы талдап анализдөөнүн жолдорун өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт, ар бир нерсеге сын көз менен карап ойлоосун өнүктүрөт, көркөм чыгармаларды, адабий сын макалаларды талдоо мүмкүнчүлүктөрүн андан ары өстүрөт. Бул окутуу амалы менен иш алып барууда ишмердүүлүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү эске алынат:

- Мугалим тарабынан берилген суроого, темага, проблемага өтүлүп жаткан көркөм чыгармадан, тийиштүү сын макалалардан, окуу китебинен жана башка атайын окуулуктардан материал топтоо;
- Тексти талдоонун элементтери менен кайра айтып берүү;
- Мугалимдин койгон суроолору, тапшырмалары боюнча эпизодду, сценаны, чыгарманы (анча чоң эмес) бүт талдоо;
- План түзүү – бүтүн бир чыгарманын, бөлүмдүн композициясын талдоонун ыгы катары;
- Кейипкердин образын талдоо (жекелеп, салыштырып, топтоштуруп);
- Чыгармадагы каармандарды, эпизоддорду, пейзаждык көрүнүштөрдү, стилдик бөтөнчөлүктөрдү өз ара салыштырып талдоо;
- Кеңири жоопко, докладга, дилбаянга план түзүү;

- Чыгарманы талдоонун, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды салыштырып жыйынтыктарын конспект түрүндө берүү;
- Жеке эле сын, адабий булактардан эмес, искусствонун башка түрлөрүнүн да материалдарын пайдаланып, проблеманы көтөрүп чыгуу жана аны талдоо;
- Диспутта чыгып сүйлөө;
- Жекече жана жалпылоочу темаларда дилбаян жазуу [147.260.].

Эвристикалык метод менен окутуу ишин алып барууда сөздүн толук маанисиндеги жаңы тема өтүлбөйт. Мында мурдагы сабактарда өтүлгөндөрдү андан ары тереңдетүү, бекемдөө максаты көздөлөт. Бул окутуу усулу V класстан тарта мектепти бүтүп кеткенге чейин колдонула берет.

**3. Салттуу изилдөө методу** менен окутуу ишин алып барууда мугалим адабият программасынын чегинен сырткары чыгат. Мында окуучулардын мектептен тышкары алган таасирлери, окуган китептери, көргөн кино фильмдери, спектаклдери тууралуу сөз болот. Максат – мына ошол сырткарыдан алган таасирлерин окулуп жаткан материалдар менен байланыштыруу аркылуу окуучулардын билиминин терең, ар тараптуу, андан да күндөлүк жашоого байланыштуу болуусуна жетишүү. Андагы алып барылуучу иш-чаралар төмөндөгүдөй:

А) класста окулбаган чыгарманын эпизодун, бөлүмүн (эгер чакан болсо – толук) өз алдынча талдоо;

Б) эки же бир нече чыгарманы (тематика, проблема, идея, тарыхый, теориялык планда) өз ара салыштыруу;

В) көркөм образга карата эки же бир канча сынчы, адабиятчылардын пикирлерин салыштырып көрүп, өз пикирин тактоо;

Г) поэзиянын ар түрдүү чыгармачыл адамдар тарабынан көркөм уктурууларды угуу

Д) аткарылышына жекече баа берүү; доклад жасоо, дилбаян жазуу.

Изилдөө методуу класстын курак өзгөчөлүгүн эске алуу менен адабиятты мектепте окутуунун бардык баскычтарында колдонулат.

Жогорку класстардагы адабият сабагында жаңы теманын өтүлүшү басымдуу учурларда репродуктивдүү методдун мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу алып барылганы туура. Мында окуучулар маалыматты даяр абалында – мугалимдин сөзү же лекциясы, окуу китептериндеги, окуу куралдарындагы, илимий-популярдуу китептердеги, сын макалалардагы материалдар түрүндө кабылдашат.

4. **Репродуктивдүү метод** – бул маалыматты догматикалык өздөштүрүү эмес, окуучуларга тааныштырылган материалдардын маани-маңызы, мүнөзүнүн өзү механикалык эске тутууну эмес, аң сезимдүү түрдө өздөштүрүүнү талап кылат. Мындан тышкары, алган билимдин бекем болушу эстеп калууга басым коюудан эле эмес, окуучулардын өздөрүнүн ой жүгүртүү ишмердүүлүктөрүнө да байланыштуу. Эске тутууга багыт алуу менен интеллектуалдуу активдүүлүктүн жогорку формаларынын биригүүсү гана ийгиликтүү окуп өздөштүрүүнүн максималдуу бекем негизин түзөт, эске тутуунун көбүрөөк продуктивдүү болушун камсыз кылат” [168.332.].

Репродуктивдүү метод менен иш алып барууда окуучулардын оюн өнүктүрүүгө, бөтөнчө материалды проблемалуу өздөштүрүүгө өбөлгө түзүлөт; мында мугалим көйгөйлүү маселени – проблеманы алып чыгат, анын маани-маңызы ар түрдүү көз караштарды ортого салат, анын туура коюлушунун жана чечмеленишинин жолдорун сунуш кылат.

Окутуунун репродуктивдүү методу менен иш алып барууда мугалим тигил же бул маалыматты ортого салуу менен эле чектелип калбастан, билим алуунун айрым тийиштүү көндүмдөрүнө кантип ээ болуу керектигин да көрсөтөт. Устат мугалим окуучулардын көңүлүн анча чоң эмес чыгарманы, же андагы чакан бир эпизодду, же болбосо кайсы бир каармандын мүнөзүн талдоо ыгына атайын буруу менен анализдейт, андан соң ушуга окшогон эле жумушту башка бир материалдын негизинде өз алдынча аткарууларын тапшырат. Репродуктивдүү методдун мааниси жеке эле окуучуларды жаңы маалыматтар менен тааныштырганында эмес, ошондой эле окуучулардын алдында искусство

менен илимдин өнүгүшүнүн перспективаларын ачып, алган билимдерин чогуусу менен карап, жалпылап бергенинде дагы.

Репродуктивдүү методдо мугалим колдонуучу ык-амалдар негизинен төмөндөгүдөй:

А) мугалимдин акындын өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу аңгемелөөсү, обзордук киришүү лекцияларын өтүүсү;

Б) конкреттүү чыгарма, андагы маселелер: көтөрүлгөн проблемалар, идеялык мазмуну жана тематикасы, сюжеттик курулушу, образдар системасы, композициялык курулушу, автордук чеберчилик, жаңычылдыгы тууралуу баяндоосу (планын доскага, окуучулардын дептерине жаздырат).

Мында окуу материалдары менен бирге техникалык каражаттарды пайдалануу аркылуу көрсөтүлөт; окуулуктар, окуу китеби боюнча тапшырмалар окулган материалды механикалык эстеп калуу жана аны кайра айтуу талабын эмес, окуучу өзү өздөштүргөн маалыматтардын негизинде коюлчу суроолорго жоопторду табуу, иллюстративдик материалдарды даярдоо талабын коёт.

Мындагы окуучулардын ишмердүүлүгү:

А) мугалимдин көркөм окуусу;

Б) окуу китебиндеги карап чыгылган макалалардын, сын материалдардын планын, конспектисин же тезистерин, синхрондук таблицаларды түзүү;

В) мугалимдин лекциясынын, окуу китептеринин, окуу куралдарынын материалдары боюнча оозеки жоопторду даярдоо;

Г) берилген тема, проблема боюнча материалдарды пайдалануу менен жалпылоочу мүнөздөгү баяндамаларды, дил баяндарды даярдоо.

Репродуктивдүү метод окуучу салыштырмалуу анча чоң эмес материалдын негизинде өз алдынча чыгармачылык менен иштей алуу мүмкүнчүлүгү болгондо гана алган билимдин аң-сезимдүү өздөштүрүлүүсүн жана бекемдигин камсыз кыла алат. Кайсы гана адабий материалды болсо да сынчыл көз менен карап өздөштүрүүнү, ойлоону өнүктүрүү менен,

репродуктивдүү метод аны догматикалык өздөштүрүү коркунучун жокко чыгарат. [147.266.]

Бир караганда репродуктивдүү метод бул киришүү сабактарында обзордук маалыматтар менен тааныштыруунун амалы катары туюлганы анчалык так эмес. Аны жогорку класстарда лекция ыгынын жардамы менен жаңы материалды өздөштүрүү методу катары караганыбызда туура болот. Бул метод аз убакыт аралыгында көп маалыматтар менен тааныштырууга мүмкүндүк бергени, мугалим өзү адабиятчы катары эмнеге жөндөмдүү экенин көрсөтө алганы менен ыңгайлуу. Мында ал каралып жаткан чыгарманын мисалында адабий көркөм туундулар кандайча талданышы керек экенинин үлгүсүн окуучуларына сунуш кылат, үйрөтөт. Мугалимдин сөзү жандуу, эмоционалдуу, ары кызыктуу айтылганы ылайык. Мейли, класстагы балдардын көздөрү от болуп жанып, аңгемелешип жаткан баяндагы каармандын кубаныч-кайгысы, толгонуулары, ой-санаалары, өкүнүчү, максат-тилектери алардын өздөрүнүн турмуш-тагдырына, ички көңүл туюуларына айлансын; мейли, айрым бир учурларда улууга, мугалимдерине болгон ызаатты да унутуп, сөзүңүздү бөлүп, андагы көңүл толкуткан жагдайлар тууралсында ички оюн ачык айтсын, талашып-тартышсын!... Мына ушундай учурлардан барып окуучунун билим алууга болгон кызыгуусу, умтулуусу ойгонуп, чыныгы адабият ышкыбозу, коомубуздун татыктуу адамы – инсан өсүп калыптанат. Кыскасы, адабият сабагы жаш өспүрүм үчүн кунарсыз, супсак факты-маалыматтардын жыйындысы катары эмес, анын көркөм табитин, дүйнө таанымын өстүрүп, эбегейсиз зор эстетикалык рахат тартуулоочу чыныгы турмуш мектеби болуп кабылданышы – бүгүнкү күндүн өктөм талабы, адабиятты окутуудагы маселелердин эң бир маанилүүлөрүнүн бири.

Окутуу процессинде сабактын максаты, таанып-билүү иш-аракетинин тигил же бул деңгээлиндеги ишке карата окуучулардын жөндөмдүүлүгү эсептелинет.

Ал эми учурдагы билим берүүдө **интерактивдүү метод** актуалдуу болуп саналат. Бул метод окуучуну ойлонууга аргасыз кылат, изденүүгө түртөт,

аналитикалык жөндөмүн козгойт, ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн өсүшүнө шарт түзөт.

“Окутуунун интерактивдүү методдору” жана “интерактивдүү окутуу” терминдери бизге англис тилинен кирип, (interactive: inter – арасында, ортосунда; active act сөзүнөн –аракет кылуу, аракет) - өз ара аракет этүүгө негизделип түзүлгөн окутуу.

Интерактивдүү метод – билим берүүдө жаңы сөз эмес, азыр аны менен окуучулар, мугалимдер жакшы эле тааныш болуп калды, бирок практикада жетиштүү пайдаланылбай жатат. Интерактивдүү методду колдонуунун негизги шарттарын С.Т. Батаканова [ 30] өзүнчө бөлүп көрсөтөт.

Интерактивдүү окутуунун уюштуруунун методдорун жана формаларын колдонууда мугалим сабактарды өткөрүүнүн башка варианттарына караганда көбүрөөк активдүүлүккө жана чыгармачылыкка муктаж, ошол эле учурда конкреттүү теманы үйрөтүүдө ар кандай интерактивдүү окутуу формаларын жана методдорун, же алардын айкалышын колдонсо болот:

-**Мастер класс** – 1.бул алынган практикалык билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөөгө багытталган теориялык бөлүм менен жекече иштин уникалдуу айкалышы. 2. Интерактивдүү сабактар, анда окуучу практикалык иштин форматында билим жана көндүмдөргө ээ болот.

-**Кейс чечүү** (кырдаалды талдоо) – бул интерактивдүү кырдаалдарга негизделген билимди өздөштүрүүгө гана эмес окуучуларда жаңы билгичтиктерди жана көндүмүмдөрдүкалыптандырууга да багытталган.

-**Интерактивдүү вебинарлар** – лекция менен баарлашуу методдорун айкалыштырган сабактын түрү, мисалы дискуссия, кыскача баяндама, слайд шоу же видио тасмалар.

-**кластер** – окуучулардын чыгарманын үстүндөэркин ой жүгүртүүлөрүнө мүмкүндүк берет, өзүнүн билгендерине, белгилүү бир тема тууралуу түшүнүүлөрүнө жол ачат, ошондой эле эске тутууну, ар тараптуу ойлоону өнүктүрөт.

**-акыл чабуулу**– бул идеяларды биргелешип жаратуу жана стандарттуу чыгармачыл чечимдерди табуу ж.б. ыкмалар.

**-добуш берүү** – окуучулар чындыкты издөөгө жигердүү катышкан, өз ойлорун ачык бөлүшүп, өз көз караштарын талашканга үйрөнгөн талкуулар.

Интерактивдүү окутуу сабактарын кызыктуу болушуна жардам берип, окуучуга окуу процессинин активдүү катышуучусу болууга, өзүнүн пикири жана тажрыйбасы менен бөлүшүүгө, команда менен өз ара аракеттенүүгө жана өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтөт.

Адабият сабагында мугалимдин көркөм окуусу өтө чоң мааниге ээ. Мугалим чыгарманы окуучуларга терең жеткире билүү үчүн эң биринчи өзү так, уккулуктуу, элестүү, көркөм окуй билүүсү зарыл. Көркөм окууда үндүк чеберчилигинен жаралган интонация, сергек сезим, учкул ойдун негизинде мугалим менен окуучунун ортосунда карым-катнаш мамилеси пайда болот. Жакшы ойлонулуп даярдалган мугалимдин көркөм окуусу чыгарманын идеясын, көркөм маңызын ачууга түрткү болуп берет. М.А.Рыбникова "Мугалимдин сүйлөө манерасы, көркөм сүйлөөсү, айтып берүүсү, ырларды окуусунун бардыгы окуучулар үчүн үлгү болот. Ошондуктан педагог катуу (бирок кыйкырбастан), ачык жана так (бирок жандуу), эмоционалдуу (мимикалуу жаңсоо менен ачууланып, кыжырын келтирбей) сүйлөөсү керек" [159]. Мугалим үндүн күчү менен эмоционалдуу кабылдоого окуучуларды "абрап", көркөм чындыкты, алардын көркөм образга, кең мааниде көркөм өнөргө болгон кызыгуусунун ойгонушуна, өнүгүшүнө демилгечи болууга тийиш. Мугалим дыкаттык менен даярданып, көркөм окуунун нак иштеп чыгып, айрым поэзиялык текстти жатка айтууга жетишүүсү талап кылынат. Өзү көркөм окубай туруп, текстти жаттоо үчүн тапшырма берүү туура эмес. Окуучу китептен окуганга караганда мугалимдин оозунан уккан көркөм текст, күчтүү таасир берип окуучулардын поэзияга болгон кызыкчылыгын козгой алат. Демек, окуучу кызыккан текстти өзүнөн-өзү эле жаттап алууга муктаж болот.

**4. Окутууну уюштуруу формалары –** окуучулардын саны, окутуунун убактысы жана орду, о.э. ишке ашыруунун ирети менен байланышкан окуу процессин уюштуруунун сырткы тарабы. Окутуунун уюштуруу формалары – окутуунун максатын, мазмунун, методдорун жана каражаттарын эсепке алуу менен тандалат.

5. **Окутуунун каражаттары –** булар билимди кабыл алуунун жана билгичтиктерди калыптандыруунун булактары. Тар мааниде алып караганда окутуунун каражаттарына окуу куралдарын, көрсөтмө куралдарды, демонстрациялануучу нерселерди, техникалык каражаттарды жана башкаларды түшүнүүгө болот. Кең маанисинде алып караганда окутуунун каражаттары аркылуу билим берүүнүн максатына жетүүдө көмөкчү болгон бардык нерселерди түшүнүүгө болот.

Польшалык дидакт В.Окон окутуунун каражаттарын мугалимдин аракетин алмаштыруунун жана окуучунун аракетин автоматташтыруунун мүмкүнчүлүгүн өстүрүүгө ылайыкташтырылган классификациясын сунуш кылган. Аларды ал жөнөкөй жана татаал деп бөлүштүргөн.

Жөнөкөй каражаттарга:

А) Сөздүк же оозеки айтылуучу (окуу куралдары ж.б. тексттер);

Б) Көрүүчү (реалдык предметтер, моделдер, сүрөттөр ж.б.)

Татаал каражаттарга:

А) Аудиалдык каражаттар (магнитофон, радио);

Б) Аудиовизуалдык (телевидение, видио);

Г) Окутуу процессин автоматташтыруучу каражаттар (лингвистикалык кабинеттер, компьютерлер, информациялык системалар, телекоммуникациялык тармактар).

Дидактикалык каражаттар окутуу процессинин башка компоненттери менен тыгыз байланышта колдонулганда гана окутуу процессинин баалуу элементи боло алат. Көрсөтүлгөн компоненттердин ар бири жөнүндө кеңири маалымат берилди, себеби окутуунун методикалык системасын түзүүдө алардын маани чоң роль ойнойт.

## Биринчи бап боюнча корутунду

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектеп программасына киргизилген акындардын чыгармаларын окутулушу, талдап өздөштүрүлүшү маселелерине киришүүдөн мурда аларга фактылык окуу материалы катары келүүчү профессионал акындарыбыздын 70–90-жылдарындагы чыгармачылыктарындагы жетишкен ийгиликтерин, өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын белгилөө маселелери каралды. Ошондой эле профессионал акындардын окуу программасына кирген чыгармаларындагы өзгөчөлүктөрдү ачуу менен окутуу практикасында натыйжалуу болору көрсөтүлдү.Ж.Садыковдун чыгармасында - лиризм, С.Жусуев – уйкаштык, Б.Сапногоев - төкмөлүк өнөргө жакындыгы, М.Абылкасымова – публицистикалуулук, Т.Кожомбердиев – поэтикалуулук, Ж.Мамытов – романтикалуулук, О.Султанов – философиялуулук, А.Өмүрканов – патриоттук, С.Эралиев – ички толгонуулар, санаркоолор (поэтикалык), Э.Ибраев – патриоттук пафостун күчтүүлүгү жана Ш.Дүйшеев – маселеге масштабдуу кароо маселери басымдуу болгонун аныктап чыктык

Тарыхый илим булактарын анализдөө жана аларды корутундулоо менен адабиятты (анын ичинде поэтикалык чыгармаларды) окутуунун методикалык системасы билимдин негизги булагы экендигине ынансак болот.

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системалаштыруу проблемасын теориялык жана педагогикалык жактан анализдөөдө төмөнкүдөй  тыянак чыгаруу болот.

1.Окуу программанын түзүлүшүнө байланыштуу XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун жаңы мазмуну киргизилип, ага ылайык окутуунун методикасы да бир системага салынышы керек болду. Окутуунун методикалык системасы илим өнүккөн шартта мектепте окууга болгон кызыгуу төмөндөгөн  учурда, окуучуларды билимге, поэзияга болгон кызыгууларын артырууга чоң түрткү бериши керек.

2. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын окуу процессинде пайдалануу боюнча мектептин иш-тажрыйбасын анализдөөдө колдонулуп жаткан методиканын түрлөрү, алар боюнча мугалимдердин ой-пикирлери, окутунун каражаттары менен камсыз болушу, андагы окуу процессинде колдонуу абалы анализденди.

Натыйжада XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу зарылчылыгы пайда болду.

Бринчиден XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэзиясын окутуу мектеп окуучулардын дүйнөлүк классикалык адабияттын нугуна түшкөн акындардын чыгармаларын жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк берди. Экинчиден кыргыз профессионал акындардынсалттык эле 7, 8, 11 муундуу формада жаңылык табуу аракетинде болуп, окуучулардын адабий билимин көтөрүүгө кошкон салымы гана эмес, андан керектүү тарбия алышына да басым коюлду. Адабият сабагында XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын ушул талаптарга ылайык түзүү аракеттери жасалды.

# ЭКИНЧИ БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАНА ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ МЕНЕН МЕТОДДОРУ

## 2.1. 70–90-жылдардын кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун, талдап өздөштүрүүнүнметодологиялык негиздери

**Изилдөөнүн объектиси:** Республиканын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын үлгүлөрүн заманбап талаптарда окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Мектептин ортоңку жана жогорку класстарында XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы.

Кыргыз адабиятынын 2018-жылдагы программасында XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясы боюнча 5-класстан 11-класска чейин төмөндөгүдөй саат менен киргизилген, мурдагы программага караганда бир аз орун алмашуулар болгон:Кыргыз адабиятынын программасы (2018-жылы)2.1-таблицада көрсөтүлдү.

| № | Мазмуну жана көрсөтүлгөн классы | сааты |
|---|---|---|
| | **5-класс** | |
| 1. | Ж.Садыков «Энелердин жүрөгү» | 1 |
| 2. | С.Жусуев «Алакан» | 1 |
| 3. | С.Эралиев “Жамгыр”, “Булут” | 1 |
| | **6-класс** | |
| 4. | М.Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» | 2 |
| | **7-класс** | |
| **5.** | Т.Кожомбердиев «Апа», «Эне жана коломто» | 2 |
| 6. | Ж.Мамытов «Буурул таңдын жомогу» | 2 |
| 7. | О.Султанов «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай…Алтай», | 2 |
| 8. | «Жоокер» | 3 |
| | Э.Ибраев «Ойгон, кыргыз», «Улут болсом, тилим менен | |

| | | |
|---|---|---|
| | улутмун» | |
| 9. | **9-класс**<br>Б.Сарногоев. Өмүрү, чыгармачылыгы “Бүркүттүн өлүмү” | 1 |
| **1<br>0** | **10-класс**<br>Б.Сарногоев Өмүрү, чыгармачылыгы «Ашуудан берген отчетум» жыйнагы | 1<br>3 |
| **1<br>1** | **11-класс**<br>С.Эралиевдин өмүрү, чыгармачылыгы.Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Эне», «Айылым», «Аттын ыйы» Поэмасы «Кесир инсан»<br>С.Жусуев «Курманжан датка» романы | 3<br>2 |

**Таблица 2.1.** «*Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептери үчүн кыргыз адабиятынын программасында» XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарынын жайгаштырылышы.*

Бул сааттарды окутууда окуу көндүмдөрүнө басым жасоо, ырды талдоо (мазмундук өзгөчөлүгүнө, тематикасына, маанисине карап салыштыруу), каармандарды талдоо, мүнөздөө менен окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга, калыптандырууга, өнүктүрүүгө багытталган маселелер камтылган.Поэзия – коомдук турмушка тез аралашкан, окуучулардын (жалпы эле окурмандардын) сезимине бат таасир эткен ыкчам адабияттын теги болгондуктан, мугалим поэзияны окууга багыт берип, поэзияга болгон кызыгуусун, окурмандык иш-аракеттерин калыптандырып туруусу керек. Окуучунун 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окуунун негизги максаты - поэзияга болгон кызыгуусун өнүктүрүп, эстетикалык табитин артыруу менен окуганы боюнча ой жүгүртө алууга багыттоо жана чыгармачыл иш-аракеттерди өркүндөтүү болгондуктан, түрдүү тематикадагы поэзиялык чыгармалардын болгондугу учурга ылайык келет.

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда төмөнкү иш-аракеттерди зарыл деп эсептейбиз.

1. Берилген чыгарманы көркөм окуу менен негизги ойду түшүнүү.
2. Окуучуга жаккан тексттеги үзүндүнү фактылар менен талдоо.
3. Оң каармандардын мүнөзүнө нравалык –этикалык жактан туура баа берип, чыгарманын идеясын түшүнүү.
4. Чыгармадагы катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.
5. Башка акындардын окшош тематикадагы чыгармалары менен салыштырып талдоо.
6. Окуган поэзияга туура суроолорду берип, ой жүгүртүү менен талдоо.
7. Окуган чыгармаларын ролдоштуруп көркөм окуу.
8. Окуучулардын билген поэзиясын кубаттоо, өнүктүрүүгө жардам берүү.

Мектепте окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда, сабактардын уюштуруу жолдорун иштеп чыгуу, атайын окуу-усулдук каражаттар менен камсыздоо учурдагы зарыл милдет. Ошондуктан окуучулардын иш-аракеттерин калыптандырууда окуу китептер менен бирге методикалык курал да түзүү бүгүнкү күндүн талабы.

Мына ушунун негизинде, биздин диссертациялык ишибиздин материалдары түзүлдү. Ошону менен бирге, ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы поэзиянын мазмуну : адам тагдырына согуштун тийгизген терс таасиринин чыгармада сүрөттөлүшү; чыгармадагы баатырдыктын чагылдырылышы; чыгармадагы каармандардын образынын чеберчилик менен ачылышы; ырлардагы образдуулукту жана поэтикалуулукту; текстти сынчыл ойлом менен талдоого үйрөнүү; образдуу ой жүгүртүүгө жетишүү; көркөм сөз каражаттарын, сөз берметтерин табууга көнүктүрүү ж.б. негизинде окуучуларга эстетикалык тарбия берүүгө жардам берет. Окуучулар менен иш алып барууда текстти көркөм окуу менен талдоонун жолдорун натыйжалуу өздөштүрүүсү зарыл.

ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окууну уюштуруу жана аны өткөрүүнүн илимий негизиндебиздин изилдөөбүзгө негиз түзүп бере ала турган методологиялык таянычтар аныкталган. Ал методологиялык база

таанып-билүүнүн татаал мыйзамдарын ачып берген философия, көркөм чыгарманын искусстволук белгисин көрсөтүп берүүчү эстетика, көркөм чыгарманын идеясын, темасын, сюжет жана композициясын, образдар системасын талдоого алган адабият илими (адабият таануу), окуучулардын окурмандык кызыгууларын үйрөнгөн социология, окуу ишмердүүлүгүн жана курак өзгөчөлүгүн аныктап, тактаган психология, окутуунун теориясын жана тарыхын изилдеген педагогика, анын ичинде адабиятты окутуунун методикасы сыктуу илимдердин ачылыштарына, табылгаларына таянат.

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармаларынын жалпы негиздеги орто жана атайын орто билим берүүчү мекемелеринде окутулушун, талдап өздөштүрүлүшүн изилдөө иштеринин жүргүзүлүшүнүн методологиясы ар бир сабакта башкача аныкталып, ар түрдүүчө негизделүүдө. Бул жазып баштаган эмгегибиздеги негизги маселелерден болуп мындан аркы изилдөө ишибизде колдонулуучу методологиялык таянычтарды жана анын негиздеринин максат-маанисин ачып алуу болуп эсептелинет.

Ар кандай илимдин негизги башаты анын максатын жана таяна турган методологиясын аныктап алуудан көз каранды. Өткөн кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуу, талдап өздөштүрүү боюнча изилдөөнүн методологиялык базасы философия, эстетика, этика, этнопедагогика, билим жана тарбия берүүнүн тарыхы, педагогика, психология, адабият таануу, лингвистика, адабиятты окутуу методикасы илимдеринин теориялык ачылыштары менен тыгыз байланышат.

Мектептин V–VI класстарына деп сунушталган поэтикалык туундуларды окутуунун, талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздерине киришүүдөн мурда методологияга тиешелүү айрым маселелерди тактап алуу зарыл болуп турат. Деги методология деген эмне? Методология – бул «ишмердүүлүктүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдор жана каражаттар жөнүндөгү окуу» [170.197]. Ошондой эле «методология тигил же бул илимде колдонулуучу изилдөө ыктарынын жыйындысы жана таанымдын, илимдин илимий

философиясы болуп эсептелет [175. 487–488]. Дагы тактасак, «методология – бул теориялык жана практикалык ишмердүүлүктүн формаларынын жана курулушунун принциптеринин жана ыкмаларынын системасы, ошондой эле ушул система тууралуу окуу» [169]. Демек, биздин мисалыбызда методология – бул поэтикалык туундуларды мектепте окутуп, талдап өздөштүрүү технологияларынын, усул-ыкмаларынын, принциптеринин жана мыйзамченемдүүлүктөрүнүн, андагы сабак формаларынын жана типтеринин жыйындысы, булардын баарын тыгыз байланыштуулукта натыйжалуу аракетке келтирүүнүн бүтүн бир системасы.

Илим изилдөөнүн азыркы чөйрөсү методология түшүнүгү аркылуу ириде белгилүү бир нерсеге, багытка карата илимий таанып-билүүнү, илимий аңдаштырууга зарыл болгон принциптердин түзүлүшүн жана алар жөнүндөгү окууну, жалпылаштырып айтканда, илимий таанып-билүүчүлүк ишмердүү-лүктүн жөндөмдөрүн жана формаларын туюнтуп берүү аркылуу аныкталат. Дагы тактасак, ал: «теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын, жолдорунун системасы (1); таанып билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу (2); тигил же бул илимге колдонуучу бардык методдордун жыйындысы (3). Методологияны колдонууга байланыштуу гносеологиялык (а), алдын ала билүү, айтуу (б), кайра түзүү (в) жана уюштуруу (г) милдеттери бар» [31. 18].

Илимде методологиянын жогорудан төмөндү карай ироттүүлүгү көңүлгө алынат. Анын түзүмүндө төмөндөгүдөй төрт деңгээл бөлүнүп көрсөтүлөт:

«1. философиялык

2. жалпы илимий

3. конкреттүү-илимий

4. технологиялык.

Методологиянын бардык деңгээли белгилүү учурларда бири-бирине багынып турат жана татаал системаны уюштурат» [97. 49–50].

Маселени ушул өңүтүнөн алсак, анда методология кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун жана талдап өздөштүрүүнүн илимий-методологиялык

жактан изилденишинин курамдык бөлүктөрүн, аны чечмелөөнүн, аткаруунун жолдорун аныктап берет. Бул түшүнүктөрдүн алдыга коюлган конкреттүү маселенин чечмеленишине карата да колдонулганы туура болот. Поэтикалык туундуларды окутуп талдоодо методология бизге изилдене турган маселелерди иликтөө жана ал проблеманы чечүү процессинде иш-аракеттин кайсынысын биринчи, ал эми кайсынысын экинчи кезекте аткарылыш иретин, тартибин белгилеп берет, ошондой эле иликтөө ишиндеги ырааттуулуктун болушун шарттайт. Мында ал «изилдөөчүнүн жеке ишмердүүлүгү аркылуу объектиге карата өз пикирин жыйноону, жеке көз карашы менен ар тараптуу аңдаштырууну башкы орунга көрсөтүп, ошол иликтөөдө талап кылган ишке карата акырындык менен калыптануучу методологиялык рефлекцияны (адатты) жаратат» [31.20].

Көркөм чыгарманы окутуп өздөштүрүүнүн методологиясы мектепте поэзияга талдоо жүргүзүүгө гана эмес, андагы жалпы педагогикалык процессти алып барууга да өз таасирин тийгизет, тактап айтсак, методология адабиятты окутуу процессиндеги бардык иш-аракеттер аркылуу аны педагогикалык илимдердин теориялык жана практикалык шарттарына туура келгендей кылып чечмелөө максатын көздөйт жана дидактиканын талаптарына ылайык аны өркүндөтүүгө карата ишмердүүлүктү алып барылышын камсыз кылат.

Окуу программасында камтылган поэтикалык чыгармаларды мектеп шартында окуп өздөштүрүүгө карата мамиледе аны талдап анализдөө менен гана чектелгенде болбойт, окутуп-үйрөтүүнүн кайтарымдуулугу андагы адабиятты мектепте окуу предмети катары өздөштүрүүнүн тийиштүү баскычында түздөн-түз тутунган методологиялык жагдайга байланыштуу болот. Мындагы поэтикалык чыгармалар мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө карап талданып,  адабий тектин чегинде гана сөз болуп, аталган ыр түрүндөгү чыгарма ( поэзия) көтөргөн «методологиялык жүк» окуучуларга мугалимдин түшүндүрүп берүүсү аркылуу жүзөгө ашырылат. Системалуу же тарыхый-адабий курста окуучуларга сунушталган Б.Сарногоев, С.Эралиев, С.Жусуев, Э.Ибраев жана Ш.Дүйшеев жана башка акындардын поэтикалык

чыгармаларын бир жактуу, бир тараптуу кылып окшош гана талдоого алынганда, философиялык жактан ар тараптуу, терең ой жүгүртүүгө болбостугун мугалим эң эле сонун сезип туя биле алат. Эгер аталган профессионал акындардын жашаган дооруна, туткан көз карашына, алар жашаган реалдуулуктун философиясына жараша баа берилбей калса, анда алардын нукура сүрөткерлик дарамети, мүмкүнчүлүгү толук ачылбай калышы мүмкүн.

Кыргыз адабияты сабагынан берген мугалим аталган акындардын кимисин болбосун өз деңгээлинде окуучуларга жеткирүүдө акындык дүйнө таанымын биринчи орунга коюп, калган маселени аталган аспектинин тегерегинде чечмелейт. Мугалим өтүлүп жаткан теманын – конкреттүү бир поэтикалык чыгарманын мазмунун, тематикасындагы ички баалуулуктарын окутуп талдоодо акындын чеберчилигине жана окуучулардын реалдуу турмушту кабылдаган философиялык дүйнө кабылдоосуна, сүрөттөө манерасына, талап кылган көркөм булакка, автордук позициядан туруп иш алып барса, максатына кыйынчылыксыз жетет. Мугалим Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы ырлардын бөтөнчө лирикалуулугун, андагы сатиралардын таамай, курч иштелип, өзгөчө оригиналдуу бүткөрүлгөнүн, С.Эралиевдин лирикаларындагы философиялык терендикти, «Кесиринсан» поэмасында берилген атомдук станциянын кыйроосу учурундагы адамдардын оор абалын, турмуш сыноосун камтыган сүрөттөлүштү, С.Жусуевдин «Курманжан датка» чыгармасында чагылдырылган жашоого карата көз карашын, кабылдоосуна катар коюп, бирдей ыкта, бирдей ыкмада талдап түшүндүрүүсү мүмкүн эмес. Бул акындардын реалдуу жашоого катара философиялык көз карашы, турмушту таанып билүүсү ар түрдүүчө болгондуктан, алардын чыгармаларын окуучуларга жеткирүүдө сабактын өзөгүн түзүүчү ар түрдүүчө методологиялык мамилелердин каралганы ылайык.

Тактап айтканда, адабият программасына кирген поэтикалык чыгармаларда, мунун ичинде С.Эралиевдин «Кесиринсан» поэмасы менен С.Жусуевдин Курманжан датка» ыр менен жазылган романында жеке акындын гана

байкоолору чагылдырылбастан, реалдуу турмушта болгон окуя, кыргыз тарыхында жашап өткөн белгилүү инсан жөнүндөгү маалыматтар болушунча толук камтылышына аракеттер жасалган. Ошол эле баяндалуу объектилери ар түрдүү, ар башка болгону себептүү окутуу процессинде аталган акындардын чыгармаларына бир тараптуу окшош кароого, экөөнү тең бир ыкка салып талдоого мүмкүн эместиги айтылды. Ошондуктан, мугалим акындардын ар биринин таанып билүүсүнө жараша кылдат талдоо жүргүзүүгө, акындардын көз карашын поэзияда чагылдыруусуна терең мамиле кылуу керектигин милдеттүү билүүсү зарыл.

Поэтикалык чыгармаларды билим берүүчү мектептерде окутууга жана талдап өздөштүрүүгө карата методологиялык мамилелер, мугалимдин адабий-педагогикалык ишмердүүлүгүн айкындаган туура уюштурууга мүмкүндүк түзөт. Мектеп программасында берилген ар бир поэтикалык чыгармаларга методологиялык жактан бирдей талап коюуга мүмкүн эместиги аныкталат.

Бир жагынан караганда поэтикалык чыгармалардын билим берүүчү мектептерде окутулушуна карата мындай көз караштын болушу мыйзамченемдүү эле көрүнүш. Адабияттын башка сабактардан өзгөчөлөнүп турган табиятын карап көрсөк, анын уникалдуу касиети менен бирге, көркөм өнөрдүн мазмунуна катылган өз алдынчалыгы жана табышмактуулугу айкын көрүнөт. Адам турмушу кандай татаал жана көп кырдуу болсо, ал жашоону чагылдырган көркөм чыгарма да дал ошондой карама-каршылыктуу татаал касиетке ээ экени айныксыз.

Кыргыз адабияты сабагын учурунда поэтикалык чыгарманы окутуп-үйрөтүү эле эмес, белгиленген сабакты уюштуруу, эстетикалык-теориялык билим-берүү, учурдун талабына жооп берген тарбиялоо ишин жүргүзүү да бөтөнчө маанилүү болуп саналат. Демек, адабият сабагында поэзияга көркөм-эстетикалык талдоо жүргүзүү аркылуу материалдын мазмунундагы же формасындагы өзгөчөлүктөрдү гана таанып-билүү, үйрөнүү менен чектелбестен, андагы поэтикалык дөөлөттөрдүн нарк-насилине байланыштуу философиялык жагын да көңүлгө ала жүрүү маанилүү. Окумуштуу

С.Батаканова поэзиянын философиялык маани-мазмунун (1) турмуштук-адеп-ахлак; (2) социалдык-прагматикалык; (3) позитивдүү-эстетикалык; (4) саясий-эстетикалык; (5) диний-мистикалык деп бөлүштүргөн [31. 15].

Бул бөлүштүрүү билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятынын програмасына кирген 70-90-жылдардагы профессионал акындардын философиялык ой жорумуна, дүйнөнү түшүнүү таанымына, турмуш чындыгын бере билүү ыгына гана байланыштуу болбостон, мугалимдин сабактын максатына жараша чечмелөөсүнө,окутуп жаткан баланы кандайча таалим-тарбиялоо керектигине карата жасаган иш-аракетинебайланыштуу да чечмеленет. Маселен, С.Жусуевдин окуу программасына кирген «Алакан» чыгармасына талдоо жүргүзгөндө, мугалим согуштун кесепети, анын адамзатка тийгизген терс таасири жөнүндөгү маселелерге токтолуп, акындын поэтикалык ишмердүүлүгүндөгү алган ордун да белгилеп айтуу зарыл. Эгерде чыгарманы талдоодо акындын көркөм-эстетикалык кабылдоолорундагы согуштун таасирин, кесепеттерин мугалим айтпай койсо, анда ал ырдын көркөм-эстетикалык баалуулугун окуучулардын кабыл алуу сезимине толук жеткире албайт. Андайда көркөм материалдын нарк-насили төмөндөп, акынга таандык жекече өзгөчөлүгү толукталбастан кайра кемийт. Окуучулар өздөштүрүүгө маанилүү болуп турган С.Жусуевдин башка акындардан айырмаланган жекеликтүүлүгү ачылбай, өзгөчө касиети окурмандарга жетпей калат. Демек, турмушту реалдуу-романтикалык кабылдоо аркылуу өзүнүн көркөм-эстетикалык мурасын калтыра алган акындардын чыгармаларын дал ушул философиялык-методологиялык багытта чечмелеп түшүндүрүп берүү талап кылынат.

Методологиялык критерий ушуга окшогон маанилүү маселелерди ичине алат, бирок окуу программасына кирген бардык поэтикалык чыгармаларды ушул принцип менен гана аныктап, талдоо жүргүзүүдө жеке эле ушул ык-амал аркылуу чечмелеп жеткирүү менен чектелгенде болбойт.

Философиялык-методологиялык принциптин поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө канчалык туура экендигин, аны чыгармага анализ жасаганда

айланып өтүүгө эч мүмкүн эместигин бир мисал менен чечмелеп берели. Орто мектептин 11-классына С.Жусуевдин ыр менен жазылган «Курманжан датка» романы сунушталган. Бул романдын ичине үңүлүп киргенде, аны арыдан талдап берүүгө мүмкүн болбогон жагдайлар кездешет. Романда турмуштун өзүндөгүдөй татаалдыкка ээ, ар бир адам, алардын ичинде 11-класстын ар бир окуучусунун ички жан дүйнөсүнө, нарк-насилине жараша өлчөнүп, бааланууучу кырдаалдар өтө көп. Бул жерде анын баарын деталдаштырып карап чыгуунун эч бир зарылдыгы жок. Мындагы жогоруда айтылган методологиялык принципке тикелей катышы бар, ар бир окуучунун адеп-ахлактык чен-өлчөмү менен баалана турган кырдаал – чыгармадагы Курманжан датканын уулу Камчыбекти өлүмдөн куткара албагандыгы. Бул жагдайга карата ар бир окуучу ар түрдүүчө жооп берет. Бири Курманжан датка туура эле кылды, баласын куткарат элем деп өчөгүшүп туруп алса, ошончо элди орус аскерлери кырып салат эле дешсе, кээ бир окуучулар башка жол менен куткарууга аракеттениши керек эле деген каршы пикирде болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Турмушта жашоого жаңыдан кадам таштап жаткан жаш муундардын, жалпы эле мектеп окуучуларынын алдына Курманжан датканын иш-аракеттерин эң эле туура деп, жашоо образынын үлгүсү катары алып чыкканда болбойт, андай үгүттөө көптөгөн жаштарга терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Анткени, турмуштук көрүнүштү баалоо тажрыйбасы жетишсиз окуучуларга Курманжан датканы бардык жагынан оң катары үгүттөгөндүн өзү айрым учурларда механикалык түрдө кайталоого алып келиши ыктымал.

Ошол себептен, поэтикалык чыгарманы окутуп талдаган учурда, мугалим турмуштун өзүнө, класстагы ар бир окуучунун адеп-ахлактык, интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүнө кайрылганы логикалык жактан туура методологиялык принцип болуп эсептелинет. Ошондуктан, ар бир поэтикалык туундуну сабак процессинде окутуп талдоо – бул турмуштун өзүндөй болгон бардык көрүнүшкө, кубулушка өз баасын берүүгө үйрөтүү. Окуучуларды сезими, кыялы жана ишеними менен поэзияга баа бере билүүгө каныктыруу зарыл. Аны үйрөнүүдө ар бирине толук эркиндик берүү, өз оюн айта билүүгө жана пикирин башкалар менен бөлүшүүгө,

талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүү, адеп-ахлактык таасир этүү так ушул методологиялык принцип менен коштолгон болот.

Эгер мектеп окуучуларын сабак учурунда сынчыл ойломго, чыгармада кездешкен көркөм чындыкты издөө ишине интерактивдүү мамиле кылууга көнүктүргөн болсок, анда ар бир окуучу адабий-теориялык билимге кандай таянса, чыгарма чагылдырып жаткан турмуштук көрүнүшкө катышы бар, өзү көрүп-билген социалдык реалдуулукту кабылдоого да дал эле ошондой таяна алат. Тактап айтканда, мындай учурда поэзиянын таасири окуучунун реалдуу жашоосуна карата канчалык деңгээлдеги таасири бар экендиги башкы орунга коюлат. Азыркы учурда ар кандай мазмундагы маалыматтын көптүгүнөн, карама-каршылыкка ээ болгон көз караштардын жашоосунан жана анын жаштарга карата тикелей таасиринен улам кайсы гана окуучуну албайлы, ал бир нерсеге киришерден мурда өзүнүн алдына «мага мунун эмне кереги бар?» деген суроону коюп, ага жооп издей баштайт. Эгерде окутууга сунушталган поэтикалык чыгарма жекече жашоосунда анчалык деле маанилүү болуп эсептелбесе, мектеп окуучусу аны окуп-үйрөнүүдөн баш тартат. Түз эле «окубайм» деп айтпаса да, ага дитин койбой, салкын мамиле жасап, өз пикирин, позициясын туюндуруп коёт. Демек, окуу программасы аркылуу сунушталып жаткан чыгарманы класста окуп-үйрөнүүгө киришерден мурда кыргыз адабияты мугалими жалпы окуучуларга бул окуу материалын эмне себептен окуп-билүү зарыл экендигинин маанисин ачып берүүсү зарыл. Эгер адабият мугалими поэтикалык чыгарманы талдоого киришүүдөн мурда методологиялык жактан ушул маселеге жооп таба албаса, анда окуучулар ал окуу материалына тереңдетип талдоо ишине анчалык деле көңүлсүнбөй киришүүлөрү мүмкүн.

Орто мектептердин кыргыз адабияты программасында V класстар үчүн XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын ичиненЖ.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», С.Жусуевдин «Алакан», Б.Сарногоевдин «Бешигим-Мекен» чыгармалары, 6-класстын окуучуларына М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» чыгармасы, 7-класстын окуучуларына Т.Кожомбердиевдин «Апа», «Эне жана коломто», Ж.Мамытовдун «Буурул

таңдын жомогу», О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай ...Алтай», «Жоокер», А.Өмүркановдун «Чолпонбай» чыгармалары сунушталган. Аталган поэзия үлгүлөрүн окутуп талдоо учурунда мугалим окуучуларга бул чыгармалардын окутулуш себебин түшүндүрүшү зарыл. Мында сунуш кылынып жаткан ыр туундуларынын сөзсүз окулушу керектигин далилдөө, бул поэтикалык көркөм туундулардын кадыр-баркын көтөрүү максатында мугалим тарабынан берилген жооп, ар бир окуучунун келечекке багытталган көз карашынаныктап коюшу мүмкүн. Ошол себептен, адабият мугалими аталган чыгармаларга философиялык өңүттө туура, терең ойлонулган формада жооп бериши ылайык, б.а., андай учурда кыргыз адабияты сабагы аркылуу аларды окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын, андагы мыйзамченемдүүлүктөрдү туура кабылдап түшүндүрүүнүн методологиясынын социалдык-прагматикалык багыты ачыкталат.

Кыргыз адабияты сабагы адабиятыбыздын гүлдөп өнүгүшүнө, баскан жолун, өтүлүүчү чыгарманын тектик жана мазмундук касиетине көркөм салыштыруу менен карап, жетишилген ийгиликтердин тажрыйбаларына таянуу аркылуу улуттук поэтикалык көркөм туундуларга аяр мамиле кылуусунун зарылдыгы – мыйзамченемдүү. Билим берүүнүн мындай прагматикалык жолу бир эле поэзияны окутууга же талдоо жүргүзүүгө мүнөздүү эмес. Кыргыз поэзиясын талдоодо прагматикалык ыкманы методологиялык принцип катары эң башкы орунга койгонго болбойт, бирок билим берүүнүн өзүнчө бир мазмундук багытынын ичине алган окуучунун жигердүүлүгүнүн өнүгүшү, алган билимдерине таянып, өзүнчө жыйынтык чыгара алышына түрткү берет. Ар бир баланын жеке тажрыйбасына таянып, адабий чыгармада сунуш кылынган социалдык көрүнүшкө баа берүүсүн өнүктүрбөй туруп калыптандыруу мүмкүн эмес. Поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө «субъективдүү ой-пикирге ээ болушу үчүн ар бир окуучу белгилүү өлчөмдө билимге, ошол эле мезгилде, жеке аң-сезиминде аңдаштыра ала турган деңгээлге жетүүсү керектигин баалай билүү маанилүү, болбосо, жөн салды

айтылган ой, кургак сөз бойдон калат да, түпкүлүгүндө турмуштук-прагматикалык касиетин жоготот» [31. 19].

Поэтикалык чыгармага талдоо жүргүзүүдө айтылган пикирлер дайыма эле субъективдүү көз караштардан тура бербейт. Эгер ар бир окуучу талданып жаткан чыгармаларга карата өзүнүн субъективдүү көз карашын, ой-пикирин таңуулай берсе, анда окуу программасына сунуш кылынган материалдар өзүнүн көркөм-эстетикалык касиетинен, поэтикалык баалуулуктарынан, жеке өзүнө гана таандык уникалдуу искусстволук сапатынан ажырайт. Ооба, окуучулар тарабынан айтылган бардык эле ойлор туура боло бербейт. Объективдүү болуш үчүн класстагы окуучулардын пикири, келип токтогон ой-корутундусу адам баласынын турмушунда сындан өтүп, бир нече жылдык, ал тургай бир нече кылымдык тажрыйбада иргелип, адамзат улуу деп эсептелген критерийлерге дал келиши керек. Кыргыз поэзиясын, бөтөнчө эпикалык поэзиясын талдоодо тарыхый калыптанган адеп-ахлактык баалуулуктар айрым окуучулардын көз караштарына туура келбей калышы ыктымал. Мындай учурда бул же тигил окуучуну өз көз карашында кала бер дегенге болбойт, кылымдардын тажрыйбасы калыптандырган позитивдүү ойлорго ынандыруу, андагы эстетикалык асылдуулуктарды баалай билүүгө үйрөтүү зарыл. Чындыгында, эпикалык поэзияны талдоодо мугалим тигил же бул көз карашка, өзүнүн жеке баамына, эстетикалык табитине, философиялык ой жорумуна, алган билимине, турмуштагы реалдуулукту аңдаштыруусуна ж.б. критерийлерге таянып окуучулардын пикирине кошулуусу же макул болбошу да мүмкүн. Ошондой болсо да, ал сабактын жүрүшүндө бир гана көз карашка ыктабай, экинчи, үчүнчү ой-пикирди окуучулардын талкуусуна коюу менен бирге, улуттук жана жалпы адамзаттык асыл нарктардын гармониясын таба билүүсү маанилүү. Оюбузду конкреттештирүү үчүн мында С.Эралиевдин 11-класста өтүлчү «Кесиринсан» поэмасына токтолгонубуз жөндүү. Ушунда аталган поэма адабий сында талкууланып, адабият таануу илими анын ийгилигин көрсөтүп, жетишкендиктерин, кыргыз адабиятына алып келген жаңычылдыгын толук ачып, бардыгы далилденип коюлгандай көрүнөт. Бирок

жыл өтүп муун жаңырып, 11-класска жаңы окуучулар келген сайын Чернобылдагы авария учурунда атомдук радиацияга чалдыккан өрт өчүргүч Владимир Михайловдун, аппаратчы кызматында жүрүп нур оорусуна кабылган Виктор Соколовдун, Пелагея кемпирдин образдарына ар бир окуучунун өз пикирлери бар, ар кимиси субъективдүү көз карашын айтышат. Андай көз караштардын бирин туура деп, экинчисин жокко чыгарууга да эч мүмкүн эмес. Андыктан, мында окуучулардын эмгеги айтылган пикирдин туура же туура эместигине карай эмес, өзүнүн жекече көз карашын, пикирин аргументтүү далилдей алганына, маселени талкуулоого жигердүү катышканына жараша бааланат. Албетте, мында мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү да керек.

Философиялык-методологиялык негиздердин дагы бир маанилүүсү болуп саясий-эстетикалык көз караш эсептелинет. Дүйнөдөгү кайсы гана мамлекет болбосун, өзүнүн жарандарынын жашоого болгон көз караш-позицияларынын туура калыптануусу үчүн «кам» көрүп, айрым адабий чыгармаларга «саясый мүнөз» берилүү талабын коёт. Окуу программасы сунуштаган кыргыз элинин улуулугун, байыркылыгын, баатырдыгын, калыстыгын, даанышмандыгын ж.б. касиеттерин даңазалаган поэтикалык чыгармаларды окутууда адабият мугалими ал поэтикалык ыр туундуну саясий-эстетикалык планда анализдегенге «мажбурланат». Мында кыргыз элинин эл башкарган даанышмандыгын, калыстыгын, патриоттуулугун, саясий эркиндигин даңазалаган С.Жусуевдин «Курманжан датка» романын мисалга келтирүүгө болот. Бул чыгармага талдоо жүргүзгөндө кыргыз элинин мамлекеттик эркиндигине түздөн-түз тиешеси бар маселелер айтылат. Демек, аталган жана башка да ушул тематикадагы чыгармаларды талдоодо баары бир саясий жагдайлар кепке алынбай койбойт, албетте, мындагы талдоо иши тапталып бүткөн супсак сөздөрдү айтуу менен чектелбестен, белгилүү өлчөмдө көркөмдүк, эстетикалык жалпылоолорго да басым жасалат. Ал эми тикелей философиялык методологиянын өзү поэтикалык чыгармаларды сабак процессинде талдоодо маанилүү экени анык. Мында окуучуларды патриот, өз мекенинин чыныгы атуулу кылып тарбиялоого тикелей катышы бар саясий-

эстетикалык принцип алдыңкы планга чыгат жана ал акырына дейре ошол милдетинде кала берет.

Кыргыз поэзиясына талдоо жүргүзүүдө мугалим каалагандай кыймылга келтирүүчү абстрактуу кубулуш эмес, ал – адабиятты окутууга тиешелүү конкреттүү сабакта жүзөгө аша турган процесс. Андыктан поэзияга талдоо жүргүзүүдө мектепте окутуу жана тарбиялоо процессине таандык бардык проблеманы өзүнө камтуу менен, жалпы педагогикага мүнөздүү илимий методологияга таянат, тактап айтканда, чыгармага талдоо жүргүзүүнү белгилүү бир деңгээлде илимий иликтөө катары кабылдоого болот. Мугалим айлана-чөйрөдөгү болумуштун өзү шарттап турган кубулуштарды жана процесстерди көркөм чагылдыруу менен андагы поэтикалык баалуулуктарды табууга аракеттенип, жалпы илимге мүнөздүү методологиядагы системалуулукту, ырааттуулукту жетекчиликке алат. «Системалуу мамиле – таанымдын жана социалдык практиканын методологиялык багыты, объектилерди система катары кароо анын негизин түзөт; изилдөө объектинин бүтүндүгүн көрсөтүүгө, андагы көп кырдуу байланыштардын типтерин айкындоого жана аларды теориялык бирдиктүү көрүнүшкө жыйынтыктоого багыттайт» [168.127]. Поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүгө карата системалуу мамиле адабий туундуларды анализдөөнүн тарыхый жана предметтик, функционалдык аспектилерин бирдей, айкалыштыра каралуусун талап кылат.

Жалпы орто билим берүүчү мектепте поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүү иши мындан башка дагы конкреттүү методологиялык негиздерге муктаж экендигин айтууга болот. Анын себеби, адабиятты окутуу иши педагогикалык процесстин бир бөлүгү болуу менен жеке өзүнө гана таандык. Адабият теориясы аркылуу турмуштук көрүнүштөрдү чыгармада көркөм чагылдыруу менен аны баалоо зарылдыгынан улам келип чыккан принциптер кездешет. Учурдагы заманбап талаптар адабиятты окутууга карата мамиленин «бир бүтүндүк, инсандык, ишмердүүлүк, маданий таануучулук, этнопедагогикалык, антропологиялык принципте болушун шарттоодо» [132. 44]. Ар бир мугалим өтүлүп жаткан поэтикалык туундунун мазмунуна, ал окуу

материалы көтөргөн маселеге, аталган проблеманын окуучуларга карата таасирине карап, жогоруда белгиленген принциптердин бирине таянып мамиле кылат, тактап айтканда, поэтикалык чыгарманы талдоодо ошол материалдын окуучунун адабий билимин көтөрүүгө кошкон салымына гана эмес, андан керектүү тарбия алышына да басым коюлат. Мисалга 5-класстарга деп сунушталган Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү», С.Жусуевдин «Алакан», Б.Сарногоевдин «Бешигим – Мекен», 6-класстар үчүн М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт», 7-класстар үчүн Т.Кожомбердиевдин «Апа», «Эне жана коломто», Ж.Мамытов «Буурул таңдын жомогу» О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай… Алтай», «Жоокер», А.Өмүркановдун «Чолпонбай» поэтикалык ыр туундуларында, 10-класстар үчүн Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагынын («Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары», «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» деген бөлүмдөрдүн) материалдарында, 11-класстар үчүн С.Эралиевдин «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара» лирикаларында, «Кесир инсан» поэмасында, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романында, Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун», Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» чыгармаларында жалпысынан адамдын улуулугу, ички жан дүйнөсүнүн уникалдуулугу башкы орунга коюлат, аны бир бүтүндүктө карап, аларды окутууга интегративдүү мамиле кылуу талабы коюлган болот.

Бир бүтүндүк принциби поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүү аркылуу адамдагы инсандык касиеттин жетилишине, көз карашынын калыптанышына, адамдык акыл-эсти өздөштүрүүсүнө, илим-билимдин мүмкүнчүлүгүнүн жетишине ылайык үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөт. Инсан өзүнөн-өзү эмес, үйдө жана коомдук чөйрөдө тарбияланып калыптана тургандыгын эске алсак, анда көркөм чыгарманы талдоодо мындай интегративдүү (бир бүтүндүккө ээ) методологиялык принциптин колдонулушу зарылдык болуп эсептелинет. Мугалим бул принципти пайдаланууда сөзсүз чыгарманын эстетикалык-дидактикалык касиетин, окуучулардын ынанып кабыл алуусун,

алардын жан дүйнөсүнө эмоциялык таасир этүүсүн көңүлгө алуусу жана ушул кырдаалды жаңылбай туура тандоосу ылайык.

Поэтикалык туундуларга талдоо жүргүзүүдө интегративдүү принципке каршы турган дагы бир методологиялык принцип бар, ал – инсандык принциби. Поэтикалык чыгармаларда адам жана анын турмушу, ички туюнуулары сүрөттөлө тургандыгы баарыга жакшы белгилүү. Ошондой эле, поэтикалык чыгарма адамдагы жалпылык менен катар жекеликти, өзгөчө, ар бир адамга мүнөздүү жекелүүлүктү чагылдырып берет. Окуу процесси гуманитардык илимдердин жалпы аракетинде иштелип чыккан инсанды коомдук-тарыхый өнүгүштүн натыйжасы көрсөткөн концептуалдуу ой-пикирлерине таянуу аркылуу өсүп келе жаткан муунду чыгармадагы – эпикалык поэзиядагы берилген окуя, конфликт, мүнөз ж.б. турмуштун көркөм чагылуусу экенин түшүнүүгө, өз баасын берүүгө, эстетикалык табитин калыптандырууга, жашоону өз алдынча баалоого, андан жекече жыйынтык чыгарууга көнүктүрөт. Антпесе, окуучу окуу китептеринде, ар түркүн сын эмгектерде, адабий теориялык окуу куралдарында, ал тургай мугалимдин айткандарында камтылган ойлорду акыркы чындык катары кабылдап, өзүнүн ойлоосун, ар кандай түшүнүккө карата жеке мамилесин, өздүк баамдоосун, ар бир кубулушка жеке пикирин иштеп чыгуу жөндөмүн, көндүм-билгичтиктерин калыптандыра албай калат.

Албетте, талданып жаткан поэтикалык туунду тууралуу коомдук ой-пикирлерди, буга чейин айтылып келген көз караштарды жана сындарды биле жүрүү, адабий билимге ээ болуу, эмгегинин бааланышында жакшы натыйжаларга жетишүүнү эле эмес, адамдын акыл-эс жөндөмдүүлүгүнө, психологиясына тийиштүү жагдайларды да калыптандырат. Жогоруда аталган акындардын адабият окуу программасындагы ар кайсы класстарда сунуш кылынган чыгармаларына бир беткей талдоо жүргүзгөндө болбойт. Себеби, окуучулардын ар бир акындардын поэтикалык туундуларына ар кандай көз караштан мамиле кылышы мыйзамченемдүү. Анткени, ар бир окуучу реалдуу турмуш чындыгына түрдүүчө ой жүгүртүшөт. «Мугалим окуучулардын ар

биринин интеллектуалдуулугун, адеп-ахлагынын эркиндигин, алардын ой жорумдарынын өз алдынча өнүгүшүнүн, ошондой эле пикир билдирүүгө карата адамдык укугунун сакталышын баалоого милдеттүү» [31. 25].

Методологиялык принциптеги ишмердүүлүктүн башкы каражаты болуп,жалпы билим берүүчү мектептерде коомдун болочоктогу татыктуу мүчөсүн – инсанды туура калыптандыруу менен сабак мезгилинде объективдүү ойлонуп, поэтикалык туундуларды талдап оң жыйынтык чыгара алууларына жетишүүнү белгилеп кетүүгө болот.

Билим берүүдө милдеттүү аткара турган иш-аракеттин максаты, мотиви, шарты, каражаты, кыймылга келтирип турган кадамдары жана акырында алына турган натыйжасы - методологиялык принциптеги ишмердүүлүктүнкөңүл борборунда туруууга тийиш.

Поэтикалык чыгармаларды талдоодо - окуу программасында сунушталган кыргыз поэзиясынын үлгүлөрүн окуучу милдеттүү түрдө окуп чыгууга тийиш, андан ары мугалим ар бир чыгармадагы окуучулар өздөштүрө турган теориялык жана практикалык билимди аныктап тактайт да, ага ылайык сабактын максатын коёт. Бул аныкталган максатка ылайык, сабактын жүрүшүндө колдонулган методдорду, окутуу шартын, тийиштүү каражаттарды тандоо иштерин жүргүзөт. Ыр туундуларын окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө жараша жөнөкөйдөн татаалды көздөй талдоо аракети толугу менен ушул принципке негизделгенин баса белгилей кетмекчибиз. Демек, поэтикалык чыгармаларга талдоо жүргүзүүдөгү ишмердүүлүк принциби окуучунун көз карашынын калыптануусунда, инсан катары жетилүүсүндө өзгөчөлүү роль ойногондугу менен башкаларынан бир топ айырмаланат.

Поэтикалык чыгарманын көркөмдүк бийиктиги, идеялык-тематикалык жаңылыгы, жекеликтүү касиети, философиясы окуучулардын адабият сабагы маалындагы каралып жаткан теманын үстүндө алып барылган өз ара пикирлешүүлөрүндө, кызыктуу талаш-тартышуу талкууларында ачылат. Бирок, дал ошол класстагы жаш инсандардын өз ара кызматташып аракеттенүүлөрү аркылуу түзүлгөн мамиле принцибинде жалпы адамзаттык

гумандуу мазмун жатканын, ошол мамилелешүүдө субъектилер аралык тарбиялоо жатканын этибарга албай келебиз. Эгер ушул өңүттөгү поэзияны окутуп талдоо аракеттерине келсек, анда өз ара байланышта турган субъектилер – мектеп окуучуларына гана мүнөздүү жекеликтүү көз карашын билдирүүлөрү мүмкүн. Кыргыз поэзиясына карата мындай мамиледе окуучу негизги өзөктү түзөрү, ал эми анын мүнөзү, интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү психологиялык тикелей бир көз карашты гана жаратпастан, талдоо учурунда предметтик-практикалык ишмердүүлүктү түзүп «объективдүү» касиетке айланып чыга келип, катыштык принцибинин негизги таяныч чекитин жаратат. Кыргыз поэзиясына талдоо жүргүзүүдө мугалим менен окуучунун өз ара ой бөлүшүүсү, бири экинчисин толуктоосу, талашып-тартышып, кетирген кемчиликтерди «оңдоосу», акыры бир пикирге келүүсү башкы орунда турат. Мына ушул «бир пикирге келүүнүн» мааниси чоң, анткени анын мазмунунда поэзияга түшүнүү эле эмес, адам баласына таандык өз ара маектешүүдөн келип чыгуучу гумандуулук, бири-бирине урмат көрсөтүү да орун алат. Ушунда М.М.Бахтиндин: «Адам адам менен тыгыз байланышта, мамиледе болууда гана өзү үчүн да, башкалар үчүн да «АДАМ» катары толук ачылат» [32. 336] – деген пикирин келтирүү ылайык болуп турат.

## 2.2. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын пайдалануу методикасы

Окуучуларга поэзияны окутуп-үйрөтүүдө башка түшүнүктөрдөн айырмаланып, жаңы билимди кабыл алуу сезими аркылуу чыгарманын маңызына толук эмоционалдуу сүңгүп кирип, чыгармачылык менен талдай билүүсү эсептелинет. Поэзияны окутуп-үйрөнүүдө окуучулардын аң-сезимин эффективдүү өнүктүрүүдө: биринчиден окутуунун методикалык системасы аркылуу окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн аракетке келтирүү менен аң-сезиминде поэзия боюнча түшүнүктөрдү калыптандыруу; экинчиден, окуучулар поэзиялык чыгармаларды өздөштүрүүдө көркөм окуу менен чыгарманын маанисин, идеясын, сюжетин терең түшүнө билүүгө жана андагы образдарды эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү зарыл болот.

Кыргыз поэзиясын окутуу практикасында кездешкен проблемаларды чечүүдө, кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандартында белгиленгендей предметтик компетенттүүлүктүн деңгээлдери ишке ашырылып барат. Окутуунун методикалык системасын колдонууда кадимки (дайыма колдонулуучу) типтүү учурлар кайталанып турат. Бул негизги окуу милдетинин чечилүүсүндө максат, милдети, формасы, методдору жана окутуунун каражаттары кайра-кайра боло берет. Мисалы, окуу процессинде адабий-теориялык түшүнүктөрдү билүү аркылуу маселелерди чечүү зарылчылыгы пайда болуп, өзүн-өзү уюштуруу компетенциясы болот.


Көрүнүктүү дидакттар М.Н.Скаткин, С.Г.Шаповаленко, К.П.Ягодовский [169,213, 216] тарабынан билимди жана белгилүү ык-машыгуулар менен өздөштүрүлгөн окуу-тарбия ишине карата мамиле иштелип чыккан. Ал эми бул маселенин психологиялык жагдайын Л.В.Занков [75] тарабынан изилденген. В.И.Водовозов поэзияга арналган сабак аркылуу окуучулардын сезимин ойготууга жана алардын кыялдана билүүсүн калыптандырууга аракет жасаган [52]. Ал эми В.Я.Стоюнин [178] чыгармадагы автордук ойдун кыймылын байкоого мүмкүндүк берген композицияны талдоого басым жасаган. Бирок

В.И.Водовозов да В.Я.Стоюнин да окуучулардын поэзияны кабыл алуу өзгөчөлүгүн атайын көңүл коюп изилдешкен эмес. Адабиятты окутуудагы маанилүү каражатты В.П.Острогорский [143] баса белгилеп, чыгарманы үйрөнүүдөгү көркөм окуу менен автордун личностуна көңүл бөлүү керектигин көрсөткөн.

Демек, билимдин натыйжалуу өздөштүрүлүшү колдонулган ыкмадан далилденбейт же илимий деңгээлде түшүндүрө албайт. Анын илимий далили психикалык иш-аракеттин өзгөрүшү, башкача айтканда өз алдынча аракеттин өзгөрүшү болот. Ага төмөнкүлөр кирет: көркөм окуу; окуганын талдоо, түшүнүгүн өз сөзү менен жазуу; өз алдынча чыгармачылык иштер, мисалы синвейн, кластер түзүү, сүрөткө карап өзүнүн түшүнүгүн баяндоо ж.б.

Мектеп окуучуларын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуп-үйрөтүүдө анын түрлөрүн, жанрдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ага ылайык келген окутуунун максаты, мазмуну, формалары, методдору, каражаттары туура тандалганда гана окуучунун билими, билгичтиги калыптанат. Кыргыз поэзиясын окуп үйрөнүүдө таанып билүү ишмердүүлүгүнүн жол-жобосу же методикалык системасы жардамга келет.

Ал үчүн биз жогоруда биринчи бапта көрсөтүлгөн окумуштуулардын моделдерине таянып XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын моделин түзүүгө аракеттендик, бул көрүнүштү төмөндөгү схемадан байкоого болот. 2.1.1. –схема.







*Схема 2.1.1. 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы*

Окуучуларга жаңы теманы өтүп жатып жөн эле окуп койбостон, аны көркөм окуу, түшүндүрүү, аңгемелешүү, суроо-жооп алуу, талдоо ыкмаларын көрсөтүп, жеке тапшырмалар аркылуу үйрөтүү жагы каралат, педагогикалык процесстин эч ким тана алгыс мындай бир обьективдүү мыйзам ченемдүүлүгү бар. Окутуу, үйрөтүү жана окуп үйрөнүү методдору да мугалим тарабынан тандалат. Мугалим бул компоненттерди канчалык ийкемдүү колдоно билсе, анда ага жараша окутууда ийкемдүү, мыкты да болот. Демек, колдонула турган методдорду жандандыруу, анын таасирин, натыйжалуулугун арттыруу мугалимдин билгичтигине, устаттыгына көбүрөөк көз каранды. Эгерде колдонулган ыкма ийкемдүү жана тасирдүү болуп, бирок аны мугалим натыйжалуу колдоно албаса, анда ал метод ойдогудай натыйжа бербейт. Ошондуктан, окутуу методду пайдаланган мугалимдин шык-жөндөмү менен тыгыз байланышта каралат. Муну көңүл чордонунан чыгарууга болбойт.

Окутуу иштеринде бир методду дайым эле пайдалануу боло бербестиги көп убакыттан бери эле талкууга алынып келет. Билим берүүдө адистер өтүлө

турган билимдин мазмунун эле мыкты билүү жетишсиздигин, аны менен катар кантип окутуу жана кандай жаңы методдорду өздөштүрүү, колдоно билүү зарылдыгына өзгөчө басым жасашууда.

Азыркы учурда билимди берүүгө караганда алууга, үйрөтүүгө караганда үйрөнүүгө артыкчылык берген таалим-тарбия концепциялары алдыңкы планга чыкты.

Негизинен окуу иштерин окутуу методдорунун негизинде уюштуруунун төмөнкүдөй пайдалуу жактары бар:

- методго шайкеш жүргүзүлгөн окуу иштеринин натыйжасында күч-аракет, эмгек, курал-жабдык алда канча үнөмдөлөт;
- мындай окуу иштеринин максат-милдеттери алдын ала аныкталгандыктан, алардын аткарылып же аткарылбай жаткандыгын ар дайым көзөмөлдөп турууга шарт түзүлөт;
- методго шайкеш жабдыктарды туура тандоого мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- Сабакты өтүү убактысы туура бөлүштүрүлөт.

Тактап айтканда, окутуунун методикалык системасын тандоо эмнеден көбүрөөк көз каранды болоорун аныктап алууда төмөнкү факторлор менен аныктала тургандыгы белгиленген.

- Окуучуларды окутуунун (билим берүүнүн), тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн негизги максаттары (сабактын милдеттерин ишке ашыруу).

- Окуу материалынын мазмунунун спецификасы.

-Окутуунун формаларын тандай билүүсү.

-Колдонулуучу методдордун окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө туура келиши, окуучулардын даярдыгынын деңгээли.

-Материалды окуп үйрөнүүдө керектелүүчү каражаттардын болушу.

-Мугалимдин методдорду билиши (анын методдорду пайлана билүү, мүмкүнчүлүгү).

Биздин изилдөөбүз болгон XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутууда методдорду пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт.

Азыркы күндө окуу процессинде пайдаланып жүргөн окутуу методдорунун түрлөрү көп. Методдордун ичинен ийкемдүүсүн тандап алуу үчүн мугалимден ар кандай факторлорду жетекчиликке алат. Ал жөнүндө окумуштуулар И.Бекбоев, А.Алимбеков [34] негизги алты факторго токтолгон.

1.*Мугалимдин методду колдоно билүү устаттыгы.* Мугалимдер өздөрү үчүн көндүм болгон окутуу методдоруна бекем таянып, аны дайыма колдонуу аракетинде болушу мүмкүн. Ал эми, эреже катары алар өздөрүнө көндүм болгон методдордун ордуна окуу иштеринин таасирдүүлүгүн жана башка натыйжалуулугун камсыз кыла турган башкача методдорду да өздөштүрүп колдонууга милдеттүү.

2.*Убакыт жана физикалык мүмкүнчүлүктөр.* Окутуу методун тандап алууга сабак өтүү убактысы жана колдо бар мүмкүнчүлүктөр таасир этэт. Айталы, сабакта убакыт тар болсо, мугалимдер көбүнчө салттуу методдорго артыкчылык беришет. Окуучу таламдуу заманбап окутуу методдору убакытты да, физикалык мүмкүнчүлүктөрдү да көбүрөөк талап кылат. Маселен, класста топто талкулоо ыкмасын колдонуу үчүн андагы орундуктар кыймылсыз, туруктуу болушу керек.

3.*Чыгымдын наркы.* Окутуу методдорун колдонуу ар кандай өлчөмдөгү чыгымдарды талап кылат. Маселен, суроо-жооп ыкмасы өзүнчө бир каржы керектесе, кайталап байкоо методу башка бир чыгымды керектейт. Ал эми долборлоо методун колдонуу үчүн ар кандай жабдыктарды сатып алуу зарыл.

4.*Топтогу окуучулардын саны.* Аз сандагы чакан топтордо окутуунун ар кандай методдорун колдонуу алда канча жеңил жана ийкемдүү. Маселен 15-20 окуучудан турган бир класста топ-топко бөлүнүп иштөө, кырдаал-окуя, роль ойноо сыяктуу методдорду колдонуу ийкемдүү. Бирок, окуучулардын тобу көбөйгөн сайын суроо-жооп методун колдонуу кыйындай баштайт.

5.*Теманын өзгөчөлүгү жана окуучунун өркүндөтүлө турган сапаттары*. Окутуу методдору теманын зарыл деп эсептелген өзгөчөлүктөрүн окуучуларга жеткиликтүү кылуу үчүн өркүндөтүлөт. Бул жагынан тема менен метод ар дайым ажырагыс байланышта болот. Демек, мугалим өтүлө турган теманын

өздөштүрүлүшү үчүн эң ийкемдүү методду тандап алууга милдеткер. Маселен, тарых сабагына түшүндүрүү методу ылайык болсо, химия сабагына байланыштуу бир тема үчүн бир тема үчүн лабораториялык тажрыйба жүргүзүү методу натыйжалуу. Ал эми кандайдыр бир кесипке үйрөтүү сабагында жасап көрүү аркылуу үйрөнүүгө негизделген методдор гана ийкемдүү деп эсептелиши шарт.

6.*Мугалимдин адамгерчилиги.* Мугалимдик кесиптин башка кесиптерден эң башкы айырмалуу жагы анын адамдык жеке сапаттар менен аныкталганында. Анткени, класс чөйрөсүндө адамдар арасында алака-катыш өкүм сүргөндүктөн, бул чөйрөдө жүргүзүлгөн окуу тарбия иштеринин ойдогудай болушуна мугалим адамдык сапаттары өз таасирин тийгизбей койбойт .

Окутуу ишинде окуучунун ишкердүүлүгүн активдештирүүгө аракет этүү менен өтүлүп жаткан теманы ачып берүүдө чыныгы турмуш, коомдогу ар кандай кырдаал менен байланыштыруу жакшы натыйжаларды берет. Окуучуну өз алдынча керектүү маалыматтарды изилдеп, аны класстагылар менен талкуулоого, аргументтерди таап, оюн эркин айтууга багыттоо зарыл. Бул анын кругозорун кеңейтүүгө шарт түзүп, жалпы маданиятын калыптандырууга түрткү берет.

Кыргыз адабият программасында алгач 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарынан жогорудагы 2.1.-таблицада көрсөтүлгөндөй эң биринчи Ж.Садыковдун “Эненин жүрөгү” чыгармасы берилген. Аны сабакта мугалим текстти окуудан алдын окуучуларга “эне” жөнүндө же теманын аталышын чечмелөөдө салттуу репродуктивдүү методдун негизинде заманбап талапка ылайык инновациялап, активдуу сабак формасына алдыруу менен акыл чабуул ыкмасын пайдалып окуучуларды ойлонууга, изденүүгө шарт түзөт.

Мугалимокуучуларга теманы өтүүдөн алдынпроблемалуу суроолорду берүү менен оң натыйжа берет.Мисалы окуу программадагы 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясында Ж.Садыковдун “Эненин жүрөгү” чыгармасы берилген.

1. Эне жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

2. Энелерди кантип урматтап, ак сутун актай алабыз?
3. “Эненин таманында бейиш” – деген сөзгө анализ жүргүзгүлө.
4. Жүрөк кандай кызмат аткарат?

Бул суроолор аркылуу темага байланыштуу алдын ала ой жүгүртүшүп, оозеки жоопторду даярдашат. Окуучулар суроолорго жооп беришкенден кийин, жаңы тема өтүлөт. Жаңы теманы өтүүдө мугалимдин негизги милдеттеринин бири – бул окуучуларды өтүлүп жаткан чыгармалардын маанисин, идеясын терең түшүнө билүүгө жана андагы образдарды эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү. Чыгарманы окуучуларга терең жеткире билүү үчүн мугалим өзү алгач ачык, так, уккулуктуу, элестүү, көркөм окуй билүүсү керек. Жакшы ойлонулуп, тыкандык менен даярдалган мугалимдин көркөм окуусу чыгарманын идеясын, көркөм маңызын ачып берүүгө жардам берет.

Чыгармадагы образдарды талдоо – адабий чыгармадагы өзөктүү проблемаларынан. Анткени, образ адамдын жашоосуна, турмушта идеал тутуусуна, өрнөк алуусуна жана түшүнүктөргө ээ болуусуна жардам берет. 12-жаш курактагы окуучулар поэтикалык чыгарманы кабыл алуусу түздөн-түз алардын адамдык-нравалык сапаттарынын калыптануусунда таасири чоң. Демек, образды талдоо, ачып берүү – келечектеги адамды туура калыптандыруу менен түздөн-түз байланыштуу.

Талас районундагы “Арал” орто мектебинин мугалими Бектур Исаков кыргыз адабияты сабагындагы окутуп-үйрөтүү методикасында “ чыгарманын сюжетин билүү менен чектелип калганыбыз чоң жаңылыштык. Чыгарманын окуянын далдаасында турган элдик акылман ойду аңдап билүүменен, душман эмне үчүн кол салып, талкалап жатат?-деген суроонун айланасында көңүл буруп ой жүгүртүү керектигинайтат. Кыргыз эли ар кайсы жерде жашап, биримдик жок болгондуктан кызыл кыргынга учурап жатканын, элдин келечегин сактап калууга болгон камкордугун - жаңычыл мугалим теманын сюжетин айтуу мененкелечектеги муунга мекенчилдиктин, баатырдыктын символ – образдарын көрсөтүп жатат.

Теманы бышыктоо этабында темага байланыштуу слайд көрсөтүлөт. Андан соң эненин образындагы көп түрдүүлүк боюнча  билимдерин жалпылоочу БББК (билем, билдим, билгим келет) технологиясы боюнча таблицаны толтурушат (2.1-таблица):

1-таблица – Эненин образы боюнча билимдерин жалпылоо

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| | | |

Мындай иш-аракеттер аркылуу окуучулардын мурда ээ болгон билимдери, көндүмдөрү бекемделет жана ар тараптан өсүп-өнүгүшүнө түрткү болот.Ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү  - бул окуучулардын акыл иш-аракетерине ээ болуусуна багытталган процесс. Мугалим билимди эле эмес, окуу билгичтиктеринин калыптанышына дагы өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Өз убагында туура калыптандырылган билгичтиктер жана ыктар – мектеп окуучуларынын ийгиликтүү кадам таштоосунун негизги шарты, алардын өз алдынча чыгармачылык иш-аракетинин эффективдүү каражаты.

Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр көргөзгөндөй, интеллектти, акыл жөндөмүн өнүктүрүү билимдин көлөмүнөн эмес, окуу-таанып билүү тапшырмаларынын мазмунунан, аларды өздөштүрүү методунан көз каранды.

Сабакта окуучуларды ыкманын курамына кирүүчү айрым аракеттерди аткарууга бир нече ирет көндүрүү керек, андан кийин билгичтик иш-аракетине үйрөткөн туура. Окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн көтөрүүгө, аларды өз алдынча билим алууга үйрөтүүгө болбойт.

Окутуунун методикасында окуу иштеринин кеңири тараган ыкмасы – **окуу көндүмдөрүнө басым жасоо**[164] дил баян жазуу эсептелинет (сезимдик кабыл алуунун негизинде оозеки же жазуу түрүндө аңгеме түзүү). Бул ыкма төмөнкү аракеттерди аткарууну талап кылат:

1. Берилген маалыматтагы образды сүрөттөп жазуунун максатын түшүнүү.
2. Негизги бөлүктөрүн ойго элестетип алуу.

3. Берилген маалыматтын белгилерин аныктоо.
4. Берилген маалыматтын негизги белгилерин (жаратылышын, образдарды, окуя, идеясын) билүү.
5. Сезимдик кабыл алуунун негизинде аңгемелөө түрүндө (оозеки, жазма) сүрөттөө.

Салыштыруу окуу ыкмасы, окуучулар маалыматтын окшош же айырмаланган жактарын табуу менен салыштыруу, бул эң көп колдонгон ыкма. Бул ыкманы аткаруунун төмөнкү ырааттуулугу сунуш кылынат:

1. Берилген маалыматтын салыштыра турган белгилерин тандоо.
2. Окшош жактарын табуу (идеясы,окуясы, теманын аталышы, образдары, мезгили ж.б.) салыштыруу.
3. Эки маалыматтын окшош же айырмачылыгы жөнүндө корутунду чыгаруу.

Окуучулардын белгилүү билим тажрыйбасын пайдаланып, мугалим ыкмаларды бүтүндөй же айрым жаңы аракеттерди гана киргизе алат. Ал окуучунун окуу иш-аракетине жетекчи жана уюштургуч болуп калат. Окууда негизги “эмгекчил” окуучунун өзү болууга тийиш, аны окуу ишинин бардык этаптары (материалдык аракет, сүйлөө аракети, акыл аракети) аркылуу өткөрүп, акыл жана практикалык иш-аракеттин ыкмалары менен камсыздоо керек. Мына ушул шарттарда гана окуучу билгичтиктерге ээ болот жана аны окутууда түшүнүү менен пайдаланылат.

Поэтикалык чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө окуучулардан анализдеп **талдоо** билгичтиги талап кылынат. 1. Ырда катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.

Мына ошондо гана окуучулардын билими. Билгичтиги артат жана тереңдейт. Тилекке каршы, практикада мугалимдер окуучуларга ырды көркөм окуп берүү менен чектелген учурлар кездешет. Окуучулардын сабактагы иш-аракетин уюштурууда пайдалануу кыргыз поэзиясын окутуунун методикасында эффективдүү оң таасирин берет.

## 2.3. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары

Биздин педагогикалык эксперименттик изилдөө ишибиз 2012-жылдан башталып 2018-жылга чейин уланып, салттуу болуп жүргөндөй эле үч этапта натыйжалуу аныктоого аракеттер жүргүзүлдү (таблица-2.3.1.)

| № | Этаптары | Каралган жылдары |
|---|---|---|
| 1. | Даярдоо этабы | 2012-2014-жж. |
| 2. | Изденүүчү этабы | 2015-2016-жж. |
| 3. | Окутуучу этабы | 2017-2018-жж. |

***2.2.1.-таблица.*** - *Изилдөөнү жүргүзгөн жылдар*

Биздин изилдөөбүздө тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарын, койгон максаттарын, аткаруучу милдеттерин, пайдаланган методдорун жана алган натыйжасын аныктоого аракеттендик. (таблица - 2.3.2.)

| Байкоо мезгили, изилдөө этабы - 2012–2014-жылдар | | | |
|---|---|---|---|
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун, окуучулардын өздөштүрүүсүнүн абалын аныктоо, теманы иликтөөнүн божомолун иштеп чыгуу. Тема боюнча философиялык, адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттарды анализдөө | Эксперимент үчүн базаларды табуу; эксперимент жүргүзүү үчүн материалдарды аныктоо; эксперименттин милдетин аныктоо; эксперимент жүргүзүү мектептерди жана мугалимдерди тактоо. | Көзөмөлдөө; жазуу жумуштарын талдоо, аңгемелешүү; мугалимдердин окутуу методдорун изилдөө; окуу-нормативдик материалдарды үйрөнүү; мектептерди, класстарды изилдөө. | XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун абалы аныкталды. Мугалимдердин тажрыйбалары үйрөнүлдү. Адабият дисциплинасынын программалары, сабак процесстери талданды. Тема боюнча мугалимдердин компетенттүүлүктөрү үйрөнүлдү. Окуучулардын поэзия боюнча жалпы билими, компетенттүүлүктөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | текшерилди. |
| **Негизги мезгил, аныктоо этабы - 2014–2016-жылдар** | | | |
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| Изилдөөнүн обьектисин, предметин, максатын, башкы милдеттерин аныктоо. Адабияттык окуу курсунда ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын жана моделин иштеп чыгуу. | ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча мугалимдердин теориялык даярдыктарын, педагогикалык, психологиялык билимдерин, сабакка болгон кызыгууларын аныктоо. ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын үйрөтүүнү жакшыртуунун эффективдүү ыкмаларын издөө жана моделдөө. Эксперименталдык класстарга 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча методикалык ыкмаларыбызды сунуштоо. | Сабактарга катышуу, аңгемелешүү, сабактарды талдоо, анкета алуу, сабактардын модели; тестирлөө; оозеки жоопторду талдоо; жазуу жумуштарын анализдөө; ата-энелер менен аңгемелешүү ж.б. | Адабият дисциплинасы мугалимдеринин поэзия боюнча теориялык даярдыктары, педагогикалык, психологиялык билимдери, кызыгуулары толук анализденди жана аныкталды. ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча жаңы технологиялар иштелип чыгып, билим берүүчү уюмдарга практикалоого сунушталды. Сабактардын өркүндөтүлгөн формалары жана ыкмалары педагогикалык эксперименттен өткөрүлдү. Иштин божомолу такталды. |
| **Жыйынтыктоо мезгили, текшерүү этабында -2016–2018-жылдар** | | | |
| **Максаты** | **Милдети** | **Методу** | **Натыйжасы** |
| ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжаларын | Илимий иштин жыйынтыктарын апробациялоо; республикалык конференцияларга, методикалык секциялардын ишине | Сабактардын жүрүшүнө катышып, аны талдоо; дил баян жаздыруу, тестирлөө; аңгемелешүү; | ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжалары анализденип, алынган |

| | | | |
|---|---|---|---|
| анализдөө, жалпылоо, теориялык жана эксперименталдык материалды тактоо, диссертацияны жыйынтыктоо. | катышуу, илимий макалаларды жарыялоо; поэзиялык сабактарды талдоо; методикалык сунуштардын моделин толуктоо; мугалимдер менен пикирлешип кошумчаларды киргизүү. | сурамжылоо; мугалимдер тарабынан топтолгон тажрыйбаларды жалпылоо ж.б. | жыйынтыктар жалпыланды. Билимдин теориялык жана эксперименталдык материалдары такталып, изилдөөнүн божомолу тастыкталды. Изилденген тема боюнча мугалимдерге сунуштар таркатылды. |

***2.3.3.- таблица.** –Педагогикалык эксперименттин этаптарынын көрсөткүчү*

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз акындарынын чыгармаларын окутуунун натыйжалуу ыкмаларын жана жолдорун табууда база катары Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынын А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби (мугалимдери Токторова Рахат, Келдибекова Айгул), Кызыл-Кыя шаарынына караштуу У.Гулматов атындагы № 9 орто мектеби (мугалимдери Темирбаева Элмира, Ысакова Ыхвал, Шакирова Рахат), Ош областынын Ноокат районундагы Төөлөс айыл өкмөтүнүн Герейт-Шорон орто мектеби (Дарманова Айхан, Мадаминова Чолпон), Көк-Жар инновациялык гимназиясында (Дарбишева Жумагул, Абдирашитова Рахат, Калыкова Разия, Исмаилова Буалима) эксперименталдык изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Сурамжылоо ишибизге мектеп программасына кирген 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окуган класстар 5-класс, 6-класс, 7-класс, 10-класс, 11-класстардын окуучуларын алып, аларды эксперименталдык жана бакоочу топторго бөлүү менен изилдөө иштери башталды.

Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынан А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектебинен жалпы 315 окуучулар, У.Гулматов атындагы орто мектебинен 538 окуучулар катышты. Ош областынын Ноокат районунун Көк-Жар инновациялык гимназиясынан жалпы 504 окуучулар, Төөлөс айыл өкмөтүнүн Герейт-Шорон орто мектебинен 243 окуучулар болуп, жалпысынан 1600 окуучулар катышты (таблица-2.2.4).

| **Мектептер** | **Жалпы окуучулардын** | **Эксперимент-** | **Байкоочутоп** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|

| | **саны** | | | | | **тик топ** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | | | | | 3 | 4 | 5 |
| | Класстары | | | | | | | |
| | 5-кл | 6-кл | 7-кл | 10-кл | 11-кл. | | | |
| 1.Көк-Жар инновациялык гимназиясы | 127 | 125 | 113 | 63 | 76 | 233 | 271 | 504 |
| 2.Герейт-Шорон орто мектеби | 60 | 58 | 54 | 36 | 35 | 123 | 120 | 243 |
| 3.А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби | 88 | 81 | 79 | 32 | 35 | 143 | 172 | 315 |
| 4.У.Гулматов атындагы орто мектеби | 153 | 120 | 129 | 60 | 76 | 248 | 290 | 538 |
| **Баары** | **428** | **384** | **375** | **191** | **222** | **747** | **853** | **1600** |

***Таблица – 2.2.4.*** *Экспериментке катышкан мектептердин жана окуучулардын саны*

Мектептерде 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуучулар кандай деңгээлде талдай ала тургандыгын байкоого алып, төмөндөгүдөй суроолорду берүү менен окуучулардын өздөштүрүүсүн аныктай алдык:

1. С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасындагы негизги идеясы кандай?
2. Ж.Садыковдун кайсы чыгармаларын билесиңер?
3. Б.Сарноевдин “Бешигим-Мекеним” чыгармасында кандай сюжет берилген?
4. Ыр менен жазылган кайсы романды билесиңер?
5. Ж.Мамытовдун кайсы легендасын билесинер?
6. “Эне жана коломто” чыгарма кайсы акынга таандык?
7. Улуу Ата Мекендик согушту чагылдырган кандай чыгармаларды билесиңер?
8. О.Султановдун “Жоокер” чыгармасынын мазмуну кандай?
9. “Кесиринсан” чыгармасын ким жазган? Андагы негизги идея?
10. “Улут болсо тилим менен улутмун” чыгарманын автору ким? ж.б.

Бул тапшырмаларга төмөнкүдөй ***крийтерилери***коюлду:

1. Окуучу чыгарманын идеясын билүүсү, окуяларды ажырата алуусу жана оюн так, ыраттуу жеткире алуусу, көркөм окуусу эске алынды.

2. Чыгармадагы аргументтүү далилдерди келтирүү менен өз ойлорун ынанымдуу жеткире алуусу бааланды.
3. Чыгармадагы баяндалган окуяларга карап тематикасы окшош чыгармаларды далилдеп берүүсү аркылуу айкындоо.
4. Окуучулардын жоопторуна ылайык, алардын ой жүгүртүүсү эске алынды.


Жооптор мектептеги 5,6,7,10,11-класстардардын окуучуларынан алынды. Натыйжада, төмөнкүдөй көрсөткүчкө күбө болдук (2.2.5.-таблица ).

<table>
<tr><th rowspan="2">№</th><th rowspan="2">Мектептин №</th><th rowspan="2">Класстын түрү</th><th colspan="2">Окуучулар саны</th><th colspan="3">Деңгээли</th></tr>
<tr><th>Баа-ры</th><th>катыш каны</th><th>жог.</th><th>орт.</th><th>төм.</th></tr>
<tr><td rowspan="2">1</td><td rowspan="2">Көк-Жар инновациялык гимназиясы</td><td>Экс.</td><td>233</td><td>230</td><td>74</td><td>98</td><td>34</td></tr>
<tr><td>Бай.</td><td>271</td><td>270</td><td>74</td><td>96</td><td>51</td></tr>
<tr><td rowspan="2">2</td><td rowspan="2">Герейт-Шорон орто мектеби</td><td>Экс.</td><td>123</td><td>120</td><td>63</td><td>80</td><td>28</td></tr>
<tr><td>Бай.</td><td>120</td><td>118</td><td>69</td><td>86</td><td>46</td></tr>
<tr><td rowspan="2">3</td><td rowspan="2">А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби</td><td>Экс.</td><td>143</td><td>140</td><td>64</td><td>82</td><td>30</td></tr>
<tr><td>Бай.</td><td>172</td><td>170</td><td>70</td><td>88</td><td>48</td></tr>
<tr><td rowspan="2">4</td><td rowspan="2">У.Гулматов атындагы № 9 орто мектеби</td><td>Экс.</td><td>248</td><td>246</td><td>67</td><td>86</td><td>32</td></tr>
<tr><td>Бай.</td><td>290</td><td>287</td><td>73</td><td>94</td><td>50</td></tr>
<tr><td rowspan="2"></td><td rowspan="2">Жыйынтык</td><td>Экс.</td><td>747</td><td>736</td><td>36%</td><td>47%</td><td>17%</td></tr>
<tr><td>Бай.</td><td>853</td><td>845</td><td>34%</td><td>43%</td><td>23%</td></tr>
</table>

***2.2.5. –таблица. -*** *Окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо*

Мында байкоо топтогу жогорку деңгээли 34%, эксперимент топто 36%, айырмасы 2%, ал эми байкоо топто орточо деңгээли 43% эксперимент топто 47% болуп айырмасы 4% өздөштүргөнү байкалды.

Тажрыйба жүргүзгөн класстардын окуучулары чыгарманы өздөштүрүүсү, идеясын, сюжетин жана образдарды талдай алуусу көрүнүп турат. Бул биздин илимий божомолубуздун тууралыгын аныктайт. Таблицада көрүнүп тургандай, биздин методикалык табылга, сунуштарыбыз сабактардын натыйжалуулугун жогортулатууга көмөктөштү. Бул көрсөткүчтү диаграммага салганда төмөнкүдөй болду.




***2.1.- диаграмма.*** *–Окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээли*

Мектептеги кыргыз адабияты сабагы боюнча мугалимдерден анкеталык суроо жүргүзгөнүбүздө, алар жекече пикирлерди айтуу менен 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуу ишмердүүлүгүндө талапка жооп бербей калган себептерди айтышты. Алар С.Жусуевдин “Курманжан датка” чыгармасы, Э.Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун”, Ш.Дүйшеевдин “Кайдигерлик” чыгармаларыны окуу китебине киргизилип чыга электиги (20), методикалык колдонмолордун жетишсиздиги (16), мугалимдердин тажрыйбасынын аздыгы (8), азыркы талапка жооп берген технологияларды (электрондук китеп, компьютер, планшет ж.б.) колдоно албоо (4),мугалимдердин компетенттүүлүк боюнча билиминин тайыздыгы аныкталды. Мындан сырткары да себептер айтылды.


Эксперименттин 5-7-класстарына биз сунуштаган методдордун негизинде 70-90-жылдардагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн жана поэзиядагы идеясын өздөштүрүү деңгээли (тажрыйбанын 3-этабында) төмөнкүдөй көрсөткүчтү берди (2.2.6.-таблица)

| **Берилген чыгармалардын мазмуну №** | **Класстын түрү** | **Окуучулар саны** | | **Баасы** | | | | **Көрсөткүчү** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Баа-ры** | **катыш каны** | **5** | **4** | **3** | **2** | **% сапаты** | **% өздөштүр бөгөнү** |
| 1. | Экс. | 563 | 558 | 200 | 260 | 95 | 3 | 82% | 18% |
| | Бай. | 614 | 600 | 180 | 246 | 170 | 4 | 71% | 29% |
| 2. | Экс. | 563 | 556 | 175 | 265 | 113 | 3 | 79% | 21% |
| | Бай. | 614 | 596 | 198 | 232 | 160 | 6 | 72% | 28% |
| | Экс. | 563 | 560 | 190 | 226 | 110 | 4 | 74% | 26% |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Бай. | 514 | 608 | 194 | 310 | 100 | 4 | 82% | 18% |
| 4. | Экс. | 563 | 554 | 170 | 245 | 135 | 4 | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 604 | 193 | 214 | 195 | 2 | 67% | 33% |
| 5. | Экс. | 563 | 554 | 165 | 252 | 137 | - | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 598 | 188 | 219 | 191 | - | 68% | 32% |
| 6. | Экс. | 563 | 552 | 189 | 253 | 108 | 2 | 80% | 20% |
| | Бай. | 614 | 596 | 177 | 221 | 194 | 4 | 67% | 33% |
| 7. | Экс. | 563 | 558 | 176 | 245 | 134 | 3 | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 600 | 194 | 226 | 179 | 1 | 70% | 30% |
| 8. | Экс. | 563 | 560 | 196 | 246 | 116 | 2 | 79% | 21% |
| | Бай. | 614 | 603 | 200 | 232 | 169 | 2% | 72% | 28% |
| **Жыйынтыгы** | Экс.т. | 563 | **4452** | 33% | 45% | 22% | 1% | 78% | 22% |
| | Бай.т. | 614 | **4805** | 31% | 39,5 % | 29% | 0,5% | 71% | 38% |

***2.2.5.-таблица.*** *-V-VII класстын окуучуларынын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын идеясын өздөштүрүү деңгээли*

Бул көрсөткүчтү диаграммага салганыбызда төмөнкүдөй болду. (2.2.2-диаграмма)




**1**.С.Жусуев “Алакан”деген чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 7% га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 3% аз болду.

2.Ж.Садыков “Эненин жүрөгү”чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 2 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 7 % аз болду.

**3.**Б.Сарноев “Бешигим Мекеним” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 2 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 4 % аз болду.

4. М. Абылкасымова “Эстелик сүйлөт” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 1 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 8 % аз болду.

5. Т.Кожомбердиев “Апа”, “Эне жана коломто” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 2 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 7 % аз болду.

6. Ж.Мамытов “Буурул тандын жомогу” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 4 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 8 % аз болду.

7.О.Султанов “Кош, Ысык-Көл”, “Бокс”, “Алтай...Алтай”, “Жоокер” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 2 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 6 % аз болду.

8. А.Өмүрканов “Чолпонбай” чыгармасы боюнча боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 3 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 7 % аз болду.

Жыйынтыгында сапаттык өсүш 7 % жогорулады.

Ал эми 10-11-класстардын окуу программасына кирген 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясына кызыгуусун артырып, өздөштүрүүсү тажрыйбанын 3-этабындагы көрсөткүчү төмөнкүдөй жыйынтыкталды

1. Б.Сарногоевдин “Ашуудан берген отчетум” жыйнагы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 7 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 9 % аз болду.

2. С.Эралиевдин “Лирикалары” боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 6 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 7 % аз болду.

3. С.Жусуев “Курманжан датка” романы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 7 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 10 % аз болду.

4. Э.Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 8 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 9 % аз болду

5. Ш.Дүйшеевдин “Кайдигерлик” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто (экс.т.) байкоо топторуна (бай.т.) салыштырмалуу “5” алгандар 6 % га жогору болсо, жооп бере албагандар “3” алгандар 9 % аз болду.

Ошентип жалпы жыйынтыгында 8% га сапаттык өсүш болуп, методикалык сунуштарыбыз оптималдуу болгондугун көрсөттү.

Ошентип жалпы жыйынтыгында 8% га сапаттык өсүш болуп, методикалык сунуштарыбыз оптималдуу болгондугун көрсөттү.

**Экинчи бап боюнча корутунду**

**“Илимий изилдөөнүн жана окутуунун методологиясы менен методдору”** деп аталган экинчи бапты жыйынтыктап жатып, төмөнкүлөрдү белилөө милдети турат. Билим берүүчү уюмдардын окуу программасына киргизилген XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын мектеп программасына кирген урунттуу үлгүлөрүн окутуунун талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери каралат.

Методология деген эмне? Биздин мисалыбызда методология – бул поэтикалык туундуларды мектепте окутуп, талдап өздөштүрүү технологияларынын, усул-ыкмаларынын, принциптеринин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн, андагы сабак формаларынын жана типтеринин жыйындысы, булардын баарын тыгыз байланыштуулукта натыйжалуу аракетке келтирүүнүн бүтүн бир системасы.

Методология кыргыз поэзиясына талдоо жүргүзүүгө карата илимий-методологиялык изилдөөнүн курамдык бөлүктөрүн аныктап берет. Ал адабиятты

окутуу процессиндеги бардык иш-аракеттер аркылуу аны педагогикалык илимдердин теориялык жана практикалык шарттарына туура келгендей кылып чечмелөө максатын көздөйт жана дидактиканын талаптарына ылайык өркүндөтүүгө карата ишмердүүлүктүн алып барылышын камсыз кылат.

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясына талдоо жүргүзүүгө карата методологиялык мамилелер мугалимдин адабий-педагогикалык ишмердүүлүгүн туура уюштурууга мүмкүндүк түзөт. Андан да мектеп программасында берилген ар бир поэзиялык чыгармаларга методологиялык жактан бирдей талап коюуга мүмкүн эместиги анык.

Ар бир адабият мугалими класста өтүлүп жаткан 70-90-жылдарындагы поэзиянын мазмунуна, ал окуу материалы көтөргөн маселеге, аталган проблеманын окуучуларга карата таасирине карап, жогоруда белгиленген принциптердин бирине таянып мамиле кылат, поэзияны талдоодо ошол материалдын окуучунун адабий билимин көтөрүүгө кошкон салымына гана эмес, андан керектүү тарбия алышына да басым коюлат.

Бир бүтүндүк принциби поэзияга талдоо жүргүзүү аркылуу адамдагы инсандык касиеттин жетилишине, көз карашынын калыптанышына, адамдык акыл-эсти өздөштүрүүсүнө, илим-билимди кабыл алуусуна жараша үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөт. Мектепте коомдун татыктуу мүчөсүн – инсанды туура калыптандыруу жана сабак маалында объективдүү ойлонуп, поэзияны талдоодо оң жыйынтык чыгара алууларына жетишүү үчүн башкы каражат катары методологиялык принциптеги ишмердүүлүктү белгилеп кетсе болот.

Экинчи параграфында билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын модели түзүлүп, аны мектеп практикасында эксперимент жүргүзүүгө сунуштоо жолдору иштелип чыкты.

Үчүнчү параграфында, эң биринчи педагогикалык эксперименттин этаптары жана ал этаптардын максат-милдеттери, ошол этапта аткарылган иштердин мазмуну көрсөтүлдү.

Эксперименттик базалар белгиленип, топторду тандоонун крийтерийлери, эксперименттин жүрүшү кыскача айтылып өттү. Эксперменталдык базаны биз шаардык жана шаарга жакын айыл мектептерин эки категорияга ажыратып карадык. Биринчиден иштелип чыккан XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын практикада текшерип, экинчиден кыргыз поэзиясын окутууга мугалимдердин компетенттүүлүктөрү аныкталды.

Биз эксперименталдык мектептер үчүн атайын иштелген методикалык сунуштарды, мугалимдерди кошумча адабияттар жана окутуунун башка каражаттары менен камсыздандырылды. Математикалык-статискалык методдор менен диаграмма, таблицалар түрүндө берилди.

Жыйынтыгында биз сунуштаган 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы боюнча алган билимдери жогору болуп, жакшы натыйжага жеткени далилденди.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. XX КЫЛЫМДЫН 70–90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1.XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын V–VII кластарда окутуунун методикасы

Ар бир сабактын жүрүшү бир нече этаптардан турары белгилүү: өтүлгөн теманы суроо, жаңы материалды өздөштүрүү, бышыктоо ж.б. Биз түзгөн XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын методикалык системасын ар бир сабакта пайдалануу ыкмасын төмөндөгүчө жасалды.

***Сабактын биринчи элементи*** *-окуучулардын билимин текшерүү.* Бул этапта окуучулар анкета, тест, тапшырма, суроолор, дил баян жана аларга коюлган талаптар. Ал суроолорго жооптор биринчиден кыска жана бир маанилүү берилиши керек болчу, экинчиден жооптун мааниси боюнча окуучу материалды кандай өздөштүргөндүгүн билүүгө боло тургандай суроолор берилди. Андан тышкары өткөн тема боюнча 6-8- сүйлөмдөн турган дил баян же текст жаздырдык. Бул этапта тапшырма берүүнүн традициялык принцибинен айырмаланып, иштин коллективдүү формаларында, информация алууда “мугалим – окуучу” принциби боюнча уюштурууга мүмкүндүк берет: мугалим тарабынан класстагы окуучулардын ар бири жаңы материалды өздөштүрүүгө кандай даярдангандыгы тууралуу маалыматтар алынды.

***Экинчи элементи – жаңы материалды түшүндүрүү***. Окутуу процессинде өтүлүүчү сабактын мазмунуна ылайык болгон көрсөтмө куралдарды (аудио уктуруулар, видио уктуруулар, видио фильмдер, слайд,) айрыкча теманы көркөм окуган актерлордун көркөм окуусу, флэш-анимацияны колдонуу жакшы натыйжа берди: себеби түздөн-түз кабыл алууга мүмкүн болбогон кубулуштарды же процесстерди кыймылдуу көрсөтө алат. Ошондой эле кубулушту жайлатып же тездетип көрсөтүүгө

болот, мында өтүлгөн темаларга ылайык видеофильм, анимациялар, слайддар көрсөтүлдү.

***Үчүнчү элементи – кайталап бышыктоо.*** Мында мугалимдин көркөм окуганын окуучулар да тексттен үзүндүнү көркөм окушат. Чыгарма боюнча тексттер жазылган слайддарды, интерактивдүү досканы колдондук. Слайддарда талкуулоо үчүн тексттер, схемалар берилген. Атайын тандалып алынган окутуу каражаттарынын түрлөрүн (таблица, проектор жана моделдер) айкалыштыра пайдалануу менен аңгемелешүү методу аркылуу да иш жүргүзүлдү.

***Төртүнчү элементи – чыгармачылыкты багыттоо жана колдоо.*** Мында суроо-текшерүү жүргүзүү үчүн интерактивдүү методдун кластер түзүү, кейс чечүү, жана карточкалардын жыйнагы колдонулду. Алар окуучуларга дифференцияланган мамиле түзүүгө жардам берет. Окуучулар менен аңгеме-дискуссия уюштурулду. Андан жаңы түшүнүк же түшүнүктөрдүн тобу канчалык терең калыптангандыгы жана ал түшүнүктөр мурда өздөштүрүлгөн поэтикалык түшүнүктөрдүн системасына кандайча киргендиги тууралуу б.а. түшүнүктөрдүн калыптануусунун удаалаштыгы жөнүндө боолголой алдык десек болот.

V класста Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» ыр-жомогу 1 саат, С.Жусуевдин «Алакан» ыры 1 саат, Б.Сарногоевдин “Бешигим – Мекен» ыры 1 саат, VI класста М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы 2 саат-сабак көлөмүндө окутулат. Адабият программасында булардын ар биринин окутулушуна деп чакан сунуш-багыттамалар берилген [97. 15–25].

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын урунттуу үлгүлөрүнүн бири эсебинде V класста эң биринчи эле Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» ыр жомогу окуп үйрөнүлөт. Программада жомокту өздөштүрүүгө болгону 1 саат убакыт каралган. Адепки окутуу баскычы адабияттык окуунун талабына ылайык, мында автордун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндөгү маалымат так ошол өтүлүп жаткан чыгармасына

байланыштырылып, чакан справка түрүндө берилет [14. 10]. Мугалимдин кириш баяндамасында төмөндөгүлөрдүн камтылышы көңүлгө алынат:

Поэма окутууга 1993-жылдан тарта сунушталган. Ж.Садыков мектеп программасына алгач ирет сунушталып жатканы себептүү, автор, анын сүрөткерлик өнөрканасы тууралуу кириш баяндамага 3–5 мүнөттөн ашык убакыт жумшоого мүмкүндүк берет.

Ар кандай чыгарманы адегенде мугалим өзү окуйт, жөн эле окуп койбой, болгондо да кыраатын келтирип көркөм окуп берүүсү талап кылынат. Мында ошондой эле окуучунун көркөм окуусу да маанилүү. «Адатта мугалимдин көркөм окуусу көркөм чыгарманы талдоонун баштоочу пункту катары келип, анын мазмунун түшүнүүнүн ачкычы эсебинде. Ал эми окуучунун көркөм окуусу талдоо процессин жыйынтыктайт, чыгарманы түшүнүүнү, чечмелеп түшүнүүнү иш жүзүндө жүзөгө ашырат» [158. 150–151]. Демек, мындагы Ж.Садыковдун бизди кызыктырган «Энелердин жүрөгү» ыр жомогунун текстин окуу ишинде мугалимдин да, окуучулардын да көркөм окуусу өз орду менен, жуурулуштурулуп пайдаланылганы ылайык.

«Мугалимдин өзү, анын сүйлөө манерасы, көркөм айтылган кеби, баяндамасы, текстти окушу – ушунун баары окуучулар үчүн үлгү. Андыктан педагог үнүн бийик чыгарып, ачык жана так, эмоционалдуу сүйлөөсү зарыл. Ыр түрүндөгү жаңы чыгарма китептен эмес, мугалимдин жатка окуусу аркылуу ортого салынганы класска өзгөчө таасир калтырат. Мына ушундан кийин окуучу ырды жаттабай келүүдөн уяла турган болот» [157. 150]. Албетте, окуулуктагынын баарын эмес, айрым маанилүүлөрүнүн жатка окулушу чоң жетишкендик.

Ыр жомогунун текстин окуп, талдоо жумушу төмөндөгүдөй үлгүдө алып барылганы ылайык:

**1.*Үй тапшырмасын суроо.*** Сабак үй тапшырмасын суроо менен башталат. Сабактын мүнөзүнө, аткарылышына карай бир же бир нече окуучу жооп берет. Ага болжол менен 5-8-мүнөт убакыт кетет. Калган окуучулар кунт коюп угушат, жооп берип болгон окуучуга толуктоолорду киргизишет.

**2. *Окуучуларды жаңы теманы өтүүгө даярдоо.*** Мугалим өткөн тема менен жаңы өтүлүүчү теманы байланыштырып, окуучулардын сүйлөп бергендерин кыскача жыйынтыктайт.

**3. *Жаңы теманын өтүлүшү.*** Мугалим ырды мүмкүн болушунча китептен эмес, эркин жана логикалык басымды туура коюп окууга тийиш.

Акындын көз алдына балапаны үчүн чыйпылдап жан-алакетке түшкөн чымчыктан улам өткөндүн бир уламышы, андагы кандуу кармаш элестери тартылат. Кыргыз жоокерлери «ай-талаада кырчылдашып, сугарып жерди канга чылпылдатып», «кылычтап туш келгенин бырчылдатып» жоону артка сүрүп жатса да, душман колунун улам жаңысы түрүлүп келип, кыргын согуштун аягы үзүлөр эмес, буга эч кими «чыдап түтөр эмес». Арга кеткенде чепке кирип жашынышат. Дубалы бийик, дарбазалары «күмүш ширеп, болот ширеп» жасалган. «Душмандар чепти айланта курчап алып», ичине кирүүгө жол таппай туруп калышат. Мисалы:

Илинсе чыксак дешет аркан салып,
Ыргытса кулач жетпейт колдор талып.

Текстти окууда көтөрүңкү үн менен дааналап айтып. Интонациялык жактан өзгөчөлөнтүп берүүсү керек.

Араларынан билген киши чыгып, сууну чепке киргизбей бууп салышат. Суунун буулганынан бери нечен күндөр, айлар өтсө да, чептегилер дарбазасын ачып, багынып берер эмес. Хандын каары ашынып, чыдамы кетет. Аргасы түгөнгөндө, жарчыга мындайча буйрук берет:

«– Угузгун буйругумду, кылгын маалым,
Кирсем да чептегинин кырбайм баарын.
Аялдар чепти таштап сыртка чыксын,
Көтөрүп ала кетсин каалаганын.

Эртеси дарбаза ачылып, курчап турган душмандын колу бир кызык көрүнүштүн күбөсү болот:

Арчындап күйөөлөрүн таңып жонго,
Балдарын ороп-чулгап алып колго.

Элейип карап турган хандан оолак,

Энелер чубап барат оңго-солго.

Нечен күн суудан өксүп алсыраган энелер белдерин бекем бууп, жоокерлерди – күйөөлөрүн аман алып калыш үчүн жүрөктөрүнө мээрим толтуруп, өздөрүн демейкиден алдуу, күчтүү сезишип, аларды жондоруна таңып, балдарын алдыларына алып, шаардан сырткары көтөрүп чыгышкан тура. Ошондо хан эки жагын кыжырлуу тиктеп: «Жаңылдым!» деп оор үшкүрүп, санын чаап отуруп кала берген экен:

«Сөз бирөө! Бекер айткан экенмин ээ,

Көтөрүп ала кет деп каалаганың!»

Көрүп турганыбыздай, жоонун ханы – четтен келген душман, жат болгону менен сөзүндө турган, энени сыйлаган, адамгерчилик сапаттардан куру эмес эр-азаматтын бири. Анын бул оң сапаты өзгөчө төмөндөгү ыр саптарынан даана байкалат:

Анткени өзү келди уруш баштап,

Кыргынга өзү күбө, өзү каскак!

Ойлонсо өзүн дагы эне тууган,

Энелер кетип барат чебин таштап…

Энелердин жүрөк толгон мээримине, көзү жок эрдигине эрксизден таазим этип, ал кыргын согушту андан ары улантууга дити барбады:

Көргөндө энелердин аккан жашын,

Чыдабай бура тартты аттын башын.

Энелер адам таппас акыл менен

Ушинтип кайтарыптыр келген касын.

Ыр жомогунда энелер өздөрүнүн жанда жок тапкычтыгы, жүрөгүнө ааламды батырган кенендиги, кысталыштагы ченемсиз кайраткерлиги менен күйөөлөрүн, балдарын – бүтүндөй бир элди аман алып калып отурушат. Ырасында эле уламыш-жомоктогу энелердин балапаны үчүн отко түшө калчудай болуп чебелектеген эне чымчыктан эмнеси кем!

Ыр жомогунун материалын бекемдеп, жыйынтыктоодо интерактивдүү **акыл чабуул** ыкмасын пайдаланса болот. Мында жаңы эле өздөштүрүлгөн материалдын үстүндө окуучулар өз ара ой бөлүшөт. Окуучулардын айткан бардык ой-пикирлерин, идеяларды мугалим доскага жазат. Ал идеялар каалагандай талданып, алгылыктуулары колдоого алынат, Окуучулардын пикирлери акырында мугалим тарабынан толукталып, жалпыланат жана бааланат.

V класста С.Жусуевдин «Алакан» ырын окутууга 1 саат ыйгарылган. Көркөм окууга үйрөтүү жумуштары дайымкы, өзгөчөлүү маани берилчү иш-чаралардан болуп кала берет. «Билгичтик менен окуу иши гана акын жөнүндөгү туура түшүнүктү пайда кылат» [58. 233], – деп Н.В.Гоголдун тээ XIX кылымда эле жазып кеткени бекеринен эмес.

Адабият программасы боюнча "Алакан" Ч.Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемесинен мурда окутулат. Бул чыгарманы окуп үйрөнүү үчүн 1 саат берилген, аны окуучуларга кантип жеткирүүгө болот?

Профессор К.Иманалиев убагында таасын белгилеп кеткендей, «IV–VII класстын (азыркы V–VII класс) окуучулары текстти үн кубултуп окууну жакшы өздөштүрүп биле алышпайт. Тыбыштарды туура айтпай, сөздүн аягын жутуп, логикалык басымды туура коё алышпайт. Окуган кезде сүйлөмдүн же текстин маанисине жараша үндүн көтөрүңкү же басыңкы жай, же ылдам чыгышына маани беришпейт. Көркөм окуудагы бул техникаларды билбей туруп окуу чыгарманын идеялык мазмунун, көркөмдүк жагын, образдардын берилишин, чыгарманын композициялык курулушун, поэтикалык тилин ачык түшүнүүгө эч кандай жардам бере албайт. Мына бул өңдүү кемчиликтер окуучуларда речтин маданияттуулугун иштеп чыгууда адабият мугалиминин алдында талаптарды коёт» [79. 35].

Ушунда ырды окууда кайсы эрежелерди сактоо керек? – деген суроо туулат? «Ыр сабында поэтикалык кептин өзүнчө бир бирдиги болуп саналат, ошондуктан ар бир саптагы сөз айкалышы ошол ыр сабынын аяк жагында

акырында чыга элек экенине карабастан бир аз тыным менен бөлүнүп турушу керек. Эгер мындай тынымды жасабасак, ырдын үн ыргагы бузулат.

1. Ыр сабынын аяк жагындагы анча чоң эмес тыным уйкашуучу сөздү бөлүп көрсөтүп турат, андыктан ыр сабынын үн ыргагынын жана андагы уйкаштыкты үн аркылуу кескин бөлүп көрсөтүү жарабайт.

2. Белгилүү болгондой, уйкаштыктык, ошондой эле строфа, куплет деп аталуучу айкалыштардын топтомун түзөт. Бир нече строфадан турган ырды окууда ар бир строфаны ыр саптарынын аралыгында коюлган тынымдан, кыйла чоңураак тыным менен аяктоо керек» [94. 65–66].

Көрүнүп тургандай, ырдын текстин көркөм окуу акырындык менен ээ болуучу ар кыл көндүмдөрдүн натыйжасы болуп саналат. Айтылыштын тактыгына жана бийик, уккулуктуу окууга балдар башталгыч класстан тартып үйрөнүшү керек.

V класстын окуучуларына ыр түрүндөгү чыгармалардагы идеяны жеткирүү кыйынчылык туудурушу мүмкүн. Бирок, мугалим сабакка бүткүл дити менен берилип, ар бир теманы чыгармачылык менен өтсө, ырлар баланын наристе жүрөгүнө чоң таасир берип, образдуу ойлонууга, табияттын көрүнүшүн, өзүнүн айрым байкоолорун поэтикалык сүйлөмдөр менен айкалыштырууга негиз түзүлөт.

«Методикалык мүнөздөгү эмгекте эмне үчүн алардын теориялык жагына токтолуу керек? – деген табигый суроо туулат. Себеби бул ырлардын айрымдары боюнча гана тийди-качты сөз айтылганы менен көпчүлүгү адабий талдоого алынган эмес. Эгер тигил же бул сабакты окутуунун методикасы илимий жагынан иштелген теориялык маселелерге таянарын эске алсак, анда бул чыгармаларды адабий анализдөө жагына көбүрөөк токтолуу зарыл» [14. 23] – деп белгилеген Б.Алымов.

Жалпысынан поэтикалык чыгармаларды мектепте ар түрдүү аспектиде талдоого болот. Бирде ырдын аталышына басым жасап талдоо натыйжалуу болсо, бирде ырдагы таяныч сөздөргө таянуу менен талдоо натыйжалуу, акындык ойдун кыймылы менен акындык маанайдын өзгөрүшү тууралуу

жөнүндө сөз жүрөт. Биздин мисалыбызда ырдагы сюжетке басым жасоо менен талдоо ыңгайлуу, натыйжалуу да. Андан да «окуучу лирикалык чыгарманын мазмунун жеткиликтүү кабыл алышы үчүн мугалим ар бир саптын эмоционалдуу-экспрессивдүү табиятын ачып бериши керек. Ага жетиш үчүн ошол лирикалык чыгармага ар бир окуучу тарабынан жеткиликтүү жана таасирдүү маани берилиши зарыл» [35. 147].

Поэтикалык чыгармаларды сабак процессинде талдап өздөштүрүүдө сюжетке басым жасоонун ыңгайлуулугунун жана натыйжалуулугунун ачык далили – бул С.Жусуевдин «Алакан» аттуу ырынын талданышы. Мында ырааттуу өнүктүрүлгөн сюжет да бар, окурман сүйлөп бере турган мазмун да бар. Ал төмөндөгүдөй:

Бейпил, бейкут күндөрдүн бири. Акын тынч мемиреп уктап жаткан баласын ичи элжиреп, өзгөчө мээрим менен жакшы көрүп карап турса, ал чукуранып, уйку-соонун арасында бир нерсени былдырап, атасынын мойнунан кучактайт. Уулунун быйтыйган кипкичине алаканын өөп жатып, акындын оюна согуштагы бир окуя кылт дей түшөт. Согуш учуру. Бир котелден тамак жеп, бир кружкадан суу ичип, өткөн өмүрдүн ачуу-таттуусун тең бөлүшүп, келечек үмүттүн рахатын бирге көрмөк болгон жан досу, сырдашы Самак болчу. Ал ар кандай кыйынчылыкка моюбаган, ары шайыр, ары өзгөчө ыр жандуу жигиттердин бири эле. Бири-бирине ажал чачкан кагылыш бир аз токтой калса болду, Самак өзүнүн боорду эзген күлкүлүү кептери менен жан жыргатып, жашоо рахатын сездирген ыры менен алаамат согуштан жолдошторун көз ирмемге болсо да алыстатчу. Күндөрдүн биринде кандайдыр бир себептер менен бир аз кармалып калган акынга Самак: «Ой, баятан бери каякта жүрөсүң? Мага айылдан кат келди, катта баламдын да сүрөтү бар экен, мына көрсөң, – деп, сүйүнүчүн батыра албай барбалактайт. Караса, катта баланын сүрөтү эмес, быйтыйган кипкичине алакандын сүрөтү жүрөт. Кубанычын көөдөнүнө батыра албай аптыккан Самак алакандуу кагазды улам-улам өпкүлөп жатты. Тун баласынын жарык дүйнөгө келгенин өз көзү менен көрбөгөнүнө, той өткөрүп, кутман карылардын ак батасын

албагандыгына ичи тызылдап, жүрөгү ачышты, «бала деген кандай жакшы», – деп оор улутунуп да алды. Ошентип, алакандуу кагаз Самактын бүтпөгөн кубанычына, кызыктуу аңгемесине айланды. Далай кандуу кагылыштар өттү. Жоону Мекендин чегинен улам арылап сүрүп олтурушту. Бир жолу душманды кууп, бир кыштакка кирип барышты. Короодогу мамыга жаш баланы таңып коюшканын көрүштү. Бала колдорун эрбең-сербең эттирип, жардам сурап, жоокерлерден көзү өтүп жатты. Бул не деген шумдук деп, эмне кылуу керектигин ойлонгуча, наристени бошотууга Самак шашып чуркап жөнөдү. Ыйлап турган балага эми жетип бошотордо, боз топурак борк этип, кара түтүн көккө көтөрүлдү, душман коюп койгон мина жарылды... Самактын, баланын кантип өлгөндүгүн толук айтууга акындын кубаты жетпейт, болгону экөө тең жок. Жерде быйтыйган кичинекей алакан жатты...Жалпысынан алганда, ырдын мазмуну ушундай.

Адабиятчы Ж.Шериевдин С.Жусуевдин «Алакан» ырын талдоого байланыштуу төмөндөгүдөй бир пикирин келтире кетүү ылайык болуп турат. Ооба, мында акын «фронттук учурдагы өз өмүрүнүн айрым фактыларын эске түшүрүү аркылуу советтик жоокер менен фашисттик жырткычтын облиги ажырым тартылат, советтик гуманизмге гимн ырдалат. Алакан – бул аталык мээримдин, ата менен баланын ортосундагы сүйүүнүн символу. Алакан – бул согуштук окуяны, баласын сагынган жоокер Самакты, анын эрдигин эске түшүргөн шарттуу образ, советтик бийлик гуманизм менен фашизмдин кыйраткыч жек көрүндү элесин кимдин ким экендигин көрсөтүү – ырдын лейтмотиви» [214. 529].

Алакан» чыгармасын окуп өздөштүрүүдө окуучулар согуш адам баласына турмушуна чоң алааматты алып келгендигин ыр саптарында берилген окуянын негизинде баамдашат. Биргелешип иштеп, өз оюн билдирүүгө көнүгүшөт. «Алакан» ырын өтүүдө **алдыга кайтуу кластери, коментарийлөө ыкмаларын** колдонуу натыйжалуу .

Сабакты өтүүдө ар бир топко 1ден флипчарт, 2 түстүү маркер, скотч, бирден тапшырма жазылган карточкалар таратылат. Ушунда:

1. Ыр мугалим тарабынан үн кубултуп көркөм окулат.

2. Класстагы окуучулар 1, 2, 3 деп саноо менен үч топко бөлүнүшөт.

3. Топторго ырды уккандан кийин көз алдыңарга кандай элес тартылды, чыгарманы сүрөт менен чагылдырып бергиле – деген тапшырма берилет.

4. Ар бир топтогу окуучулар ич ара биргелешип талкуулап, өздөрүнө тийиштүү флипчарттарга көркөм чыгармачыл элестерин кошумчалап, маркер менен чагылдырып жазышат.

5. Тапшырманы аткарууга 15 мүнөттүк убакыт берилет.

6. Мугалим ар бир топтогу окуучулардын жигердүү катышып жаткандыгына көз салып турат.

7. Убакыт бүткөндө ар бир топ өзүнүн тарткан сүрөтүн, жазып даярдаганын презентациялашат.

8. Топтор тартылган сүрөттөрү, баяндагандары боюнча бири-бирине суроолор берип, өтүлгөн сабакты бышыкташат.

«Алакан» ырын окутууда «Окуя түзүү» ыкмасы да ылайыктуу.

Мисалы: Ал баланы биз таң калып карасак,
Баарыбыздан Самак тура баласаак.
Наристени бошотууга байлоодон
Аттап-буттап чуркап кетип баратат
*... Окуяны улагыла..*


Ушуга окшогон тапшырма ар бир топко өзүнчө берилет. Ар бир топ биргелешип, бирден окуянын чечилиши боюнча өз ыр саптарын иштеп чыгышат. Флипчартка көркөм чыгармачыл элестерин кошумчалап, чагылдырышат.

Презентациялар жасалып, класста жалпы талкуу жүргүзүлөт. Презентацияда бул сабакты моделдештирип өтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү да карап көрүлгөнү ылайык. Бул максатта атайын слайддар тизмеги түзүлүп, алар компьютердин чагылдыргычы аркылуу дубалга тартылуучу экран-полотного алып чыгылат. С.Жусуевдин «Алакан» ырын талдап өздөштүрүүдөгү презентация маалында окуучулар учкул кыялы, фантазиялуу

ой жүгүртүүсү аркылуу ойлоп табышкан өздөрүнүн жекече ой жорууларын ортого салышып, кыскача анализдөөгө алышат.

***Мүмкүнчүлүгү:*** Бул ыкма окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн арттырып, ыр жазууга карата жөндөм-шыктарынын ойгонушуна өбөлгө болот. Биргелешип иштөө аркылуу адеп-ахлактык көндүмдөргө ээ болушат.

Ушул жерден Самактын кулк-мүнөзүн тереңден ачуу үчүн, «Самак кандай адам?» – деп доскага жазылып, окуучулардан бир сөз менен Самакка мүнөздөмө берүү тапшырмасы берилет. Алдын ала тартылган кагаздарга Самакты мүнөздөөчү сөздөрдү жазып, доскага чапташат (схема-3.1).




*3.1-схема. – Самактын образын мүнөздөө*

Образды ачуу тапшырмасы аткарылгандан кийин, өтүлгөн сабакты бышыктоо үчүн жалпы класска мугалим суроолор менен кайрылат.

Талкуулоо үчүн суроолор:

1. Согушту тунжурап ойлоого эмне себеп болду?
2. Кагаз бетиндеги быйтыйган алакан менен короодо байланып турган бала Самакка кандайча таасир этти?
3. Душмандын жүзү каралыгы менен таш боордугун кайсы ыр саптары туйгузуп турат?
4. Акын кандай ойду айтмак болгон?

***Үйгө тапшырма:***

1. «Согуш» деген темада сүрөт тартып келүү.

Өтүлүп жаткан чыгарманы терең жана толук түшүнүү үчүн сабакта түрдүү методдор менен байланыштуу ар тараптуу иш-аракеттер жүргүзүлүшү сабактын натыйжалуугун берет.

«Бешигим – Мекен» – өзгөчө таланттуу акын Байдылда Сарногоевдин мектеп программасына киргизилген биринчи чыгармасы. Мындан тышкары Б.Сарногоевдин поэтикалык көркөм туундулары орто мектептин X классында 3 сааттык көлөм менен окуп үйрөнүлөт.

«Бешигим – Мекен» акындын мектепте окулуучу биринчи чыгармасы 5-класста болуп жаткан соң, ырды окуп баштоонун алдында сөзсүз автор тууралуу чакан маалымат бере кетүү зарыл.

«Бешигим – Мекен» ыры сегиз муундук, төрт сап ырлардан түзүлүү менен жеңил окулат. Өтө деле көлөмдүү болбогону себептүү, аны алгач мугалим өзү толук окуп берет. Ыр көрктүү окулуп, ага комментарий берилген соң, окуу китебинде камтылган суроо-тапшырмалар [24. 261] менен иш алып барылат. Бул суроо-тапшырмалар толугу менен класста бүткөрүлгөнү ылайык. Мында **сынчыл ойлом интерактивдүү** усулу аракетте болот.

Ушунда интерактивдүү сынчыл ойлом методу, анын колдонулуш өзгөчө-лүктөрү тууралуу учкай болсо да маалымат бере кетүү зарылдыгы бар. Деги сынчыл ойлом деген эмне? Профессор Ж.А.Чыманов аны төмөндөгүчө мүнөздөйт:

«Интерактивдүү сынчыл ойлом методу дидактикалык мүнөздөмөсү боюнча ой калчоо методуна жакындашып, айрым жактары боюнча анын уландысы катары түшүнүлөт. Эгерде «ой калчоо» усулу берилген суроого, коюлган кырдаал боюнча ойлонууга, ой калчоо процессинин жүрүшүнө басым койсо, «сынчыл ойлом» суроо-кырдаалга өзүнчө мамиле кылып, анын оң-терс, жакшы-жаман ж.б. жактарын сын көз менен карап, андан соң гана тыянак, чечим чыгаруу талабын коёт. Мында даяр билимдердин жыйындысын берүү, даяр түшүнүктү, жобону түшүндүрүү анча мааниге ээ эмес же мааниси жок» [212. 73].

Демек, «сынчыл ойлом – бул идеялар менен мүмкүнчүлүктөрдү интеграциялоочу, маалымат менен концепцияларды кайра куруп, кайрадан аңдап түшүнүүчү татаал чыгармачылык процесс. Бул – бир эле учурда бир нече деңгээлде жүрө турган жигердүү жана интерактивдүү таанып-билүү процесси. Көпчүлүк учурда сынчыл ойлом белгилүү бир максатка жетиш үчүн иштейт, ал эми максат конкреттүү болбогон учурда ал чыгармачылык эмгектин бир көрүнүшү гана болуп калат» [67. 4].

Сынчыл ойломго профессор Б.Оторбаев жогорудагы пикирлерди жыйынтыктоо менен өзүнчө аныктама берет: «Сынчыл ойломдо кеп башкалардыкына окшобогон, өз алдынчалуу сынчыл көз карашты иштеп чыгуу тууралында жүрөт. Мында болгонго, өзүнө чейинкиге шектенүү, аныктыгына көп ишене бербөөчүлүк менен кароо, мына ушундан улам чыгармадагы кайсы гана маселеге, кубулушка карата болбосун, өз жеке пикирин, позициясын иштеп чыгууга болгон умтулуучулук бар. Андыктан сынчыл ойлом сабагын алып барууда кызуу талаш-тартыштын болушу, жанталашып коргоо процессинин жүрүшү – тууралуу иш. **Ой калчоо, сынчыл ойлом усулдары** менен сабакты алып баруу кандай болсо да өзүнүн жекече пикири бар, ойлонууга, өз ой-корутундусун иштеп чыгууга жөндөмдүү инсанды – жеке адамды, коомдун татыктуу өкүлүн калыптандырууда маанилүү роль ойнору шексиз» [142. 36].

Окуу китебинде келтирилген суроо-тапшырмаларга жооп иретинде окуучулардын ар бири өзүнүн оюндагысын айтып, башкалардын пикирлерине карата жекече көз караштарын билдиришет. Ушунда «ар бир айтылган пикир өзүнчө баалуу, өзүнчө чындыгы болушу ыктымал. Андыктан окуучулардын эмгеги айткан пикиринин абсолюттуу чындыкка жакын-алыстыгына карай эмес, дискуссияга катышуу жигердүүлүгүнө, ойлоо логикасынын жеткилеңдигине жараша бааланат» [141. 47].

Акын Майрамкан Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы 2 саат-сабак көлөмдө VI класста окуп үйрөнүлөт. Адабият программасында поэманы окуп өздөштүрүүгө деп төмөндөгүдөй сунуштамалар берилген:

«Поэманын шарттуу-символикалык мүнөзү. Эстелик жана анын сөзүнүн маани-маңызы. Чыгарманын таалим-тарбия берүүчүлүгү жана публицистикалуулугу.

Адабият теориясынан. Поэма жөнүндө түшүнүк» [93. 23].

Мугалим тийиштүү тема боюнча өтүлүүчү сабагын ийне-жибине чейин алдын ала пландаштырат, а эгер аны окуп өздөштүрүүгө деп программада 2 же андан көп саат каралган болсо, анда ал окуу материалын сабак-сааттарга бөлүштүрөт. М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасынын материалдары мектептин VI классында окуп үйрөнүлүү үчүн сабак-сааттарга төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

1. М.Абылкасымова жана анын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы тууралуу. Поэманын шарттуу-символикалык мүнөзү. Поэма жөнүндө түшүнүк. Текстти көркөм окуу, комментарийлөө – 1 саат.

2. Текстти улантып окуу. Эстеликтин сөзүнүн маани-маңызы. Чыгарманын таалим-тарбия берүүчүлүгү жана публицистикалуулугу. – 1 саат.

VI класстын «Кыргыз адабияты» хрестоматия-окуу китебиндеги М.Абылкасымова тууралуу маалымат өтө эле жупуну [167. 236]. Поэмага өзгөчөлүү маани берилип, аны класста окуп-үйрөнүү үчүн атайын 2 саат убакыт бөлүнүп жаткан соң, акындын өмүр баяны, чыгармачылык бейнеси кадыресе ачылып берилгени оң.

Мугалим акын М.Абылкасымова жана анын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы тууралуу кириш баяндамада чыгарманын негизинде көркөм шарттуулук орун алганын белгилеп, анын эмне болгон көркөм каражат экендиги жайында түшүнүк берет. «Кыргыз адабияты» маалыматтамасында буга мындай деп аныктама берилген: «Шарттуулук– турмушту көркөм чагылдыруунун бир формасы, мында реалдуу көрүнүштөр эмес, шарттуу алынган көрүнүштөр аркылуу турмуш чындыгы образдуу элестетилет. Мисалы, реалдуу Жер менен адамдын сүйлөшпөсү белгилүү, бирок Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде автор бул экөөнү сүйлөштүрөт» [130.119]. М.Абылкасымовада болсо, акын таш эстеликке

кайрылып отурат, анан эле эстеликке жан кирип, экөө бир далай убакытка чейин баарлашып, ой бөлүшүшөт. Албетте реалдуу жашоодо мындай болушу мүмкүн эмес.

Кириш баяндамада ошондой эле «поэма» деген эмне экенине кыскача түшүнүк берилет. «Поэма (*гр.* – жаратам, чыгарма жазам) – поэзиялык формадагы лирикалык же баяндоо ыкмасында жазылган көлөмдүү чыгарма. Ал ыр менен жазылган романдардан көлөмүнүн кичирээктиги менен айырмаланат» [130. 119]. Ал эми Р.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдин [93. 387–388] «поэма» термини мындайча түшүндүрүлөт: «Лиро-эпикалык арымда ыр менен жазылган сюжеттүү чыгарманын бир түрү поэма деп аталат. Поэмада каарман жашаган турмуштук кырдаалдар сүрөттөлөт. Образ негизинен ошол окуялардын турмуш процессинде ачылат». Демек, поэма жетиштүү көлөмдүү келип, лирикалык же баяндоо ыкмасында жазылуу менен, анда каармандын ой толгоолору, кубаныч-өкүнүчтөрү, башынан өткөргөндөрү баяндалат. Дегинкиси, поэма ыр формасында курулуу менен, кара сөздөгү көлөмдүү аңгемени эске салат.

VI класс үчүн хрестоматия-окуу китебинде «Эстелик сүйлөйт» поэмасынын тексти толук эмес, чакан үзүндүсү, тактап айтканда, башталышынан тарта эстеликке жан кирип, сүйлөп баштаганга чейинкиси гана камтылган. Бирок ушул толук эмес үзүндү-текстте поэманын идеялык мазмуну дээрлик ачылууга жетишилгени себептүү текстти окуу, комментарийлөө жумуштары хрестоматия-окуу китебинде берилгендеги менен чектелип, калганын мугалим өзү баяндап берет.

Чыгарманы окуп өздөштүрүүдө адабият мугалими балдардын жөндөмшыгын, чыгармачылык ишмердүүлүгүн арттырууну дайым көңүл борборуна ала жүрүүсү керек. Бул иш-чаралар окуучулардын искусствону, анын ичинде ыр өнөрүнүн мыйзамдарын түшүнүүсүнө, ырды тереңден кабылдай билүүлөрүнө өбөлгө түзүүгө багытталууга тийиш. Поэманын хрестоматия-окуу китебине киргизилген үзүндү-тексти өтө деле көлөмдүү эмес, андыктан аны мугалим өзү көркөм окуп берип же техникалык каражат аркылуу угузуп,

сабакты андан ары **эвристикалык баарлашуу** формасында алып барганы ылайык.

Поэмада акын окуяны жайынча гана баяндоо менен баштап, анан акырындап татаалдаштырат. Бул эстелик убагында тирүү адам экендигин, ал Мекенди сактоо үчүн душмандар менен алышып, согуш талаасында кан кечип жүрүп окко учкан эр жүрөк баатырдын жаркын элесине тургузулгандыгынан кабар берет. Таш эстеликти медер тутуп, солдаттын энеси күндө кабар алып, ар кандай иши болсо үнсүз кеңешип, акылдашууга келип турганын акын чеберчилик менен ачып бере алган. Эненин образы согушта курман болгон уулунан айрылган бүткүл энелердин типтүү образы катары кабылданат.

О, энеке, бала үчүн ак урган,
О, энеке, бала үчүн жан кыйган
Кезигүүгө таш уулуна жаралган.
Эки көзү таш уулуна кадалган.
Ичтен экөө улутунуп сүйлөшөт,
Ичтен экөө түтөп-түтөп үндөшөт.

Бул ырдын композициялык түзүлүшүнө көз салсак, «О, энеке, бала үчүн…», «ичтен экөө» деген сөздөрдүн эч өзгөртүүсүз кайталанышы менен эненин улуулугунун сүрөттөлүшү өтө ыктуу пайдаланылганы, эненин кайгысынын ошончолук тереңдигин баса белгилеп турганы баамдалат.

М.Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» поэмасы аркылуу адабияттагы жаңычыл изденүүсүн байкатты. Ошо Союз маалындагы кыргыз акын кыздарынын ичинен биринчи болуп Ленин комсомолу сыйлыгына жетишкен. Бул жагдай кыргыз поэзиясынын, анын ичинен аялдар поэзиясынын бир топ деңгээлге көтөрүлүп калганын тастыктады.

Поэмадагы эне менен эстелик-жоокердин сүйлөшүүсү Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» чыгармасындагы Майсалбектин энеси Толгонайга жазган катын эске салат. Поэмада лиризм менен публицистикалуулуктун чебер айкалышуусу менен катар психологизм да жогорку деңгээлде деп

айтсак болот. Поэмадагы эстелик үстүрт мүнөздө эле болбостон, анын кадимкидей ички ой толгоолору, уулунан айрылган эненин психологиялык көркөм образы жеткиликтүү берилген:

Апакебай,
Кубат тутуп медериңди,
Али күнчө кайпактап баштыгыңа,
Мага сактап бир нерсе күйөсүңбү?

Бул саптарда чагылдырылган орду толбос арман, эненин аткарылбаган үмүтү, тилеги окурмандардын жан дүйнөсүнө катуу тийип, согушка болгон жек көрүүсүн арттырат.

Поэзия жакшылыкты жана сулуулукту сүрөттөө аркылуу ар кандай терең маңызды ачып берүү менен даңазаланып келген сыяктуу эле, бул «эстелик сүйлөйт» поэмасы да өзүнө жакшылыктын үрөндөрүн сээп, элдин маанайын көтөрүүгө жана азап-тозокторго дуушар кылган кыянатчылыкка каршы туруу үчүн жаралгандай. Поэманын башкы маани-маңызы ушуга чакырат. Ар кандай кыйынчылыкка жакшылыкты, эрдикти, Мекенди сүйүү менен ниеттин тазалыгы туруштук берерине, турмуштун бийик сересине жеткирерине үндөй турганы ырдалат. Автордун ушул идеясы чыгармада даана көрсөтүлөт, жагымдуулук касиети да ушунда. Автор «Эстелик сүйлөйт» поэмасында кийинки өсүп келе жаткан муундарга эл үчүн курман болгон жоокерлер жалбыз болуп жыттанып, көктөм болуп көгөрдү, балдар төрөлүп алардын ордун басты, жашоону алар ушинтип улап келе жатканын түшүндүрүүнү алдына максат кылып койгон. Эстеликтин томсоруп турушу, жымжырттыгы өткөн окуяны эске салгандыгы, каардуу согушту жек көрүүгө, жаркын, бейпил, тынч жашоо үчүн күрөшүп, элдин камын ойлогонго өспүрүмдөрдү чакырат.

Поэманы өздөштүрүүгө арналган экинчи сабакта текстти окуу жумуштары улантылып, «**ой калчоо» жана «суроо-жооп»** усулдары менен иш алып барылып, комментарийленет. Жыйынтыктоо атайын даярдалган суроо-тапшырмалардын негизинде алып барылат.

VII класста Т.Кожомбердиевдин «Апа» поэмасын,«Эне жана коломто» ырын 2 саат, Ж.Мамытовдун «Буурул тандын жомогу» поэмасын 2 саат, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай ...Алтай», «Жоокер» лирикаларын 2саат, А.Өмүркановдун ««Чолпонбай»поэтикалык туундусун 2 саат-сабак көлөмдө окуп өздөштүрүү жагысунушталган. Булардын ичинен Т.Кожомбердиевдин «Эне жана коломто» лирикасы, А.Өмүркановдун «Чолпонбайы» окутууга жаңыдан гана сунушталып, азырынча бул ыр туундулары камтылган VII класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китеби колдонууга бериле элек.

Адабияттык окууну жыйынтыктоочу эсебиндеги VII класста чыгарманын автору тууралуу маалымат V–VI класстардагыга караганда бир аз кеңейтилип, текстти көркөм окуу, комментарийлөөдөн тышкары адабий туунду катары талданышына мурдагыга салыштырмалуу бир аз арбыныраак көңүл бурулуп баштайт. Ошондо VII класстын адабият окуу китебиндеги Т.Кожомбердиев тууралуу маалымат мугалимдин автор, анын чыгармачылыгы жөнүндөгү киришүү аңгемеси үчүн бир аз жупунураактай [15. 308]. Андыктан Интернет-булактан алынган окуу материалынын пайдаланылганы ылайык:

Кыргыз адабиятында акындын өзгөчө орду бар. Учурда окумуштуу-адабиятчылар Т.Кожомбердиевдин поэзиясын терең изилдешип, адабияттагы ордуна өзгөчө баа беришүүдө.Ал 1989-жылы дүйнөдөн кайткан. 1990-жылы 25-июлдагы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен анын туулуп өскөн жериндеги Сары-Булак орто мектебине ысымы берилген» [*Уикипедия ачык энциклопедиясы (Интернет-булак)*].

Акындын инсандык, чыгармачылык бейнеси менен тааныштырууда орто мектептин кыргыз адабияты мугалими ошондой эле бир тууган эжеси Уулча Кожомбердиеванын «Турар Кожомбердиев» аттуу эскерүүлөр топтомунун материалдарын [86] ылайыгына жараша пайдаланат, окуучуларына кошумча окуу үчүн сунуштайт.

VII класста акыркы эле убактарга чейин «Апа» поэмасы жалгыз өзү 2 саат-сабак убакыт ичинде окутулуп келген болучу, эми ага «Эне жана коломто» ыры кошумчаланып отурат. Бул эки чыгарманы окутууга убакыт мурдагы 2 саат боюнча калтырылган[97. 28]. Ушунда бул тематикасы үндөш болгону менен эки башка чыгарманы кандайча кылып окутабыз?, карамагыбыздагы 2 саат убактыны бул экөөнө кандайча үлөштүрөбүз? – деген суроолор келип чыкпай койбойт. Себеби адепки сабакта акын Т.Кожомбердиев туурасындагы 5–8 мүнөттүк кириш баяндаманы айтып, «Апа» поэмасын окуп-үйрөнүү жумуштары 2-сабакта да улантылып, ал эми «Эне жана коломто» ыры» анын логикалык корутундусу, идеялык мазмунун кошумчалап толуктагандык катары удаалаш өздөштүрүлгөнү ылайык болчудай. Ошондо Т.Кожомбердиевге тийиштүү окуу материалы VII класс үчүн сабак-сааттарга төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

1. Акын Т.Кожомбердиев жана анын «Апа» поэмасы, «Эне жана коломто» ыры тууралуу. «Апа» поэмасынын текстин көркөм окуу, комментарийлөө. Т.Кожомбердиевдин чебер лирик экени, мындагы ыр саптарынын ыргактуулугу, ойлорунун ачыктыгы, кайрууларынын тактыгы – 1 саат.

2. «Апа» поэмасынын текстин улантып окуу. Акындын образ түзүү чеберчилиги, табият көрүнүштөрүн тартуу аракети. Поэтикалык дүйнөсүнүн байлыгы. «Эне жана коломто» лирикасын көркөм окуу, комментарийлөө. Поэмадагы, аталган ырындагы эненин образы. Эне-бала мамилеси. Эненин улуулугу. «Апа» поэмасындагы жана «Эне жана коломто» ырындагы стилистикалык көп боёктуулук жана көркөм сөз каражаттарынын байлыгы. Ыр туундуларындагы экспрессивдүүлүк жана эмоционалдуулук – 1 саат.

Ушунда заманбап окутуудагы **чакыруу, ойлоп түшүнүү жана артка кайтуу** (рефлексия) баскычтары, булардын Т.Кожомбердиевдин «Апа» поэмасын окутууда колдонулушу тууралуу кеп козгоо зарылдыгы бар.

Мындагы мугалимдин акын Т.Кожомбердиев жана анын «Апа» поэмасы, «Эне жана коломто» ыры тууралуу кириш баяндамасы адабият сабагын заманбап талаптарда уюштуруунун чакыруу баскычына туура келет.

Кийинки ойлоп түшүнүү баскычында «Апа» поэмасынын текстин көркөм окуу, комментарийлөө жумуштары жүргүзүлүп, бул иштерге удаалаш эле окуучулар менен биргеликте акындын чебер лирик экени, мындагы ыр саптарынын ыргактуулугу, ойлорунун ачыктыгы, кайрууларынын тактыгы маселелери чечмеленип, талдоого алынат. Артка кайтууда (рефлексия) «Апа» поэмасы боюнча жаңы эле өздөштүрүлгөн окуу материалы класстагы окуучулар менен бирдикте бышыкталып бекемделет.

Поэма биринчи эле сабакта толук окулганы ылайык, Текстти мугалим кыраатын келтирип өзү окуйт же техкаражаттардын жардамы менен көркөм окуунун чеберлерининин аткаруусунда угузат. Поэма окуучуларга өзгөчөлүү таасир калтырары шексиз. Сабак мугалимдин комментарийи, талдоолору, окуучулардын ой бөлүшүүлөрү менен андан ары улантылат.

Акындын жоопкерчилиги, ыр жаратуучулук чеберчилиги көңүлдү өзүнө буруп, андагы көркөмдүк, элестүүлүк, таамай тартылган образдуулук окуган, уккан адамды тамшандырбай койбойт. Мында ал «сөздүн керектүүсүн, асылын» издеп, «азуусуна салып, тиштеп көрөт», «кымындай да кынтыктуу сөз кирбесин» деп «жыттап көрөт, тилин тийгизет», мезгилсиз эрте көз жумган апасына арнап жазып баштаган поэмасы кынтыксыз бүткөрүлсө экен деп жан алакетке түшөт.

Улуу Ата Мекендик согуш жаңы гана аяктаган жылдардагы кыйынчылыкты, жашоонун оорчулугун Т.Кожомбердиев поэмада төмөндөгүдөй ыр саптары менен көз алдыга эң бир элестүү тартып берет:

Таалайыбыз, ырысыбыз чачылып,
Карындардын турган кези ачынып
Турмуш куду бала жууркандай:
Бутту жапсаң, башың калат ачылып.

Көйнөк кирдеп балдар жонун кашынды,
Бейпилчилик таптырбастай жашынды.
Турмуш анда кудум бала жууркандай

Бутуң какшайт, жабам десең башыңды [86.35.]

Таң атпай жумушуна кетип, чарчап, курсагы ачып кеч кайткан апасы үйгө келгенинде да тынч ала албайт. Болгон нанды өзү жебей, балдарына карматып, алардын жегенине, тоюнганына ыраазы. Андагы апасы ага «тамактан түбөлүккө калып кангандай» сезилчү.

Катканынан, бизге берип бүтүндү,
Өзү болсо ыроолочу күкүмдү.
Кимдин каны сорулганын ошондо
Кийин-кийин курган башым түшүндү [15.67.].

Апанын балдарына болгон мээримин, алар үчүн жандан кечүүгө да даяр экенин акын төмөндөгүчө берет:

Бөлкө сындуу желсе... ысык жүрөгүн –
Бөлүп бермек балдарына нан кылып.

Ошол күндөрдүн биринде апасы катуу ооруп калат. Ажалга айла жок экен, болгону 43 жашында жарыкчылык менен кош айтышып кете берет.

Чүрпөлөрүң тололекте эр жетип
Баарыбызды озондоттуң сен кетип...
Атам алып апа болуу милдетин
Алдей айтып ак бешикти терметип.

Апабыздын жок экенин туюнтуп,
Атам келет кызылчаңды суюлтуп.
«Апакелеп» чыңырганда наристе
Атам жашыйт, сакалдан жаш куюлтуп.[15.68.].

Ападан айрылуу трагедиясын кыргыз поэзиясында Т.Кожомбердиевден ашып эч кими деле бере албаса керек:

Апалары мезгили жок кош айтып
Аталары бешик термеп калбасын.

Ошол күндөн тарта акындын апасы өзү менен бирге. Апасы менен ой бөлүшөт, сырдашат, кубаныч-арманын айтат. Анан өзүнө көрүнгөн, өзү

менен чогуу жүргөн апасы башкаларга көрүнбөгөнүнө, жанында жүргөнүн түк «байкабай» туюнбаганына таң калат. Акындын арманы күч, капалуу дагы. Неге дегенде, апасы бир да бир ырын «окубаган боюнча» жаш кетти, «жигит болгон чагын көрбөй» кош айтышкан боюнча кете берди.

«Апа» поэмасына удаа эле анын VII класска деп жаңы гана сунушталган «Эне жана коломто» ыры окулат. Бул ыр да акындын өз энесине арналып, поэмадагы ойду андан ары толуктаган, тереңдеткен сыяктуу. Ырдын тексти азырынча окуу китебине киргизиле элек. Көлөмү – болгону сегиз строфа.

Акындын бул «Эне жана коломто» ырынын ийгилиги – жалпы кыргыз поэзиясынын ийгилиги. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн айрым строфаларын окуп көрөлү: «Мейли кышта, бурганактын шаңында, / Мейли күздө, мейли жаздын таңында. / Коломтону элестетсем, энекем, / Күйпөлөктөп отургансыйт жанымда… / Казан шуулдап, түбү көөлүү карарган, / От күчөөчү коломтого таралган. / Эмнегедир от бир буюм сезилчү / Апакемдин колдорунан жаралган». Мындагы бийик маани менен терең ой акындын: «Сен сурасаң үзүп алып очоктон / Күйгөн отту сунаар элем букеттей» деген керемет ыр саптары менен жыйынтыкталат. Мындай ой–күйгөн отту белек кылуу идеясы эч бир акында болгон эмес. Ушу эки сап эле акындын жаңычылдыгын далилдеген мисалдардын бириэсебинде. Акындын эне темасындагы ыр туундуларын окуп, китептерин барактап отуруп, бир керемет галереяга кабылгандай болосуң. Ушунда эненин күнүмдүк майда тирлигинен баштап энелик бакыттын ар кандай учурлары, кыйынчылык башка түшкөндөгү кайгы-касырети экспрессивдүү, конкреттүү, предметтүү, көркөм сүрөттөлүшкө жетишилген.

Т.Кожомбердиевдин чыгармачылыгын үйрөнүүушул экинчи сабак мененжыйынтыкталат. Бул максатта атайын суроо-тапшырмалар тизмеги түзүлүп, **сабак баарлашуу** формасында алып барылат.**Оозеки жоопторду талдоо, ангемелешүү** усулдарын колдонуу жакшы натыйларады берет.

Ж.Мамытовдун «Буурул таңдын жомогу» поэмасы VII класста 2 саат-сабак көлөмүндө өтүлөт. Автордун өзү, анын чыгармачылыгы менен алгач тааныштырууга арналган кириш баяндама үчүн VII класстын «Кыргыз адабияты» хрестоматия-окуу китебинде берилген маалымат толук жетиштүү [15. 224]. Мындагы өтүлчү окуу материалы сабак-сааттарга төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

1. Акын Ж.Мамытов жана анын «Буурул таңдын жомогу» поэмасы. Поэманын текстин көркөм окуу, комментарийлөө. Жомок-поэмада сүрөттөлгөн мезгил, доор. Акындын түзгөн образдарынын табийгыйлуугуг – 1 саат.

2. Текстти улантып окуу. Жомок-поэмадагы конфликттер жана аларды жараткан кырдаал-шарттар. Ыймандык кагылыштар. Жомоктун таасирдүүлүгү, тарбиялык мааниси – 1 саат.

Сабакта 3–5 мүнөттүк кириш баяндама айтылып бүткөн соң, мугалим «Буурул таңдын жомогу» поэмасынын тексти менен болчу жумуштарга киришет.

Поэманы окутуудагы башкы нерсе – бул көрктүү окуу. Мугалим көрктүү окуу менен окуучулардын ички сезимдерин козгойт, башкача айтканда, мындагы максат окуучулардын жеке гана интеллектуалдуу ойлоо процессин аракетке келтирүү эмес, эмоциясына таасир этүү да болуп эсептелинет. Чыгарманы окуучулардын аң-сезимине терең жеткирүү үчүн мугалим алгач өзү ачык, так, уккулуктуу, элестүү, көркөмдөп окуй билүүгө тийиш. Мугалимдин текстти көркөм окуу процессиндеги үндүк, техникалык чеберчилигинен улам жаралган таасын интонация чыгарманын идеясын, көркөм маңызын ачып берүүгө жардам берет жана окуучулар менен мугалимдин ортосундакыйла тыгыз карым-катнаш мамиленин түзүлүүсүнө көмөкчү болот. Акындын оюн, көз карашын, анын идеялык-эстетикалык позициясын, стилдик өзгөчөлүктөрүн мугалим туура баамдап, каармандардын образына бап келген интонацияны колдонуп, үн кубулта окуу менен окуучуларды поэмадагы окуяларга таасирлентет. Ошол эле маалда ал

окуучуларынан каармандын ичине сүңгүп кирүүнү, аны менен бирге кубанууну, санаркоону, анын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү аябай үңүлүп аңдап туюнууну талап кылат.

Мугалим поэмадагы чагылдырылган доорду, чыгарманын жаралыш себебин, ошондой эле адеп жарык көргөнүндө ал окурмандар тарабынан кандайча кабылдангандыгы жөнүндө да маалымат берүсү талапка ылайык. Бул болсо текстти туура талдоого, түшүнүүгө, окуучуларга автордук чындыкты толук жеткирүүгө өбөлгө түзөт. Бул поэманын бөтөнчөлүгү элдик сюжеттин негизинде жазылып, жаш өспүрүм балдарга арналганында жатат.

Поэмада окуя Чилтен баатырдын балалык чагынан тартып баяндалат. Он эки жашка келгени карган ата-энесин жалгыз калтырып Чилтен жер кезип кетет. Алгач бир үңкүргө кабылат. Үңкүр ичи суук. Үңкүрдөн жин-перинин кыздары чыгышып, тегеректеп, балага сөз таштап башташат. Аңгыча эле жолборс пайда болуп, баланы жонуна мингизип, жөнөп калат. Бир дайрадан өткөн соң, баланы жонунан түшүрүп, адамча сүйлөп баштайт. Көрсө, аны бир жаштагы бала жолборс кезинде бир Мерген өлүмдөн куткарып калыптыр, ушул себептен ага жардам берип жатканын баяндайт. Анын айтымында жин-перинин кыздары аны тытып жеп, көзүн оюп шакегине салышмак. Чилтен анын баласы жаш жолборс менен дос болуп, бир далайга дейре чогуу жашашат. Күн санап булчуңдары катып, жанда жок балбан, баатыр болуп жетилет. Айбанаттын тилин үйрөнүп, өз тилиндей сүйлөй турган болот. Токойдон аргымак атка жолугуп, аны үйрөтүп минет. Анан Жолборско ыраазылыгын билдирип, ата-энесин карай жүрүп кетет. Кетеринде Жолборс Чилтенге кыйынчылыкта кереги тиет деп жалынын бир тутам кылын жулуп берет. Туулган журтуна кайтып келсе, элди жин-перинин аскери басып, малын, адамдарды бирден койбой жеп, азапта калышкан экен. Айыл четинен жылкы кайрыган бир сокур чалга жолугат. Ал киши кайгыдан көзү көрбөй калган атасы болуп чыгат, энеси небак көз жумган. Чилтен курал-жарагын дайынданып, жин-перинин аскери менен кармашууга камынат. Алгач

Жалпак Таман баатырын жекеме-жеке кармашта өлтүрүп, жин-перинин аскерин бүт талкалап жеңет.

Андан ары кетип, от болуп тоголонгон Жалынга жолугат. Аны менен достошуп, кетеринде Жалын ага кыйынчылыкта кереги тиет деп шакек берет. Бул арада жанда жок сулуу Айкөкүл түш көрүп, түшүндө Чилтенге жолугат. Мына ушул болочок колуктусу түшүндө көрүп, теңине өзү барып жолуккан мотивди «Сейтек» эпосундагы Акберметтин Сейтекке атайын барып жолукканы мисалынан кезиктиребиз. Айкөкүл көргөн түштө Чилтенди жоонун аскери курчап алып, айласы кетип тургандай... Түшүн Түркүк энеге жорутса, кемпир түштү жакшылыкка жоруп, экөөнүн жолугарын айтат. Чортон деген баатыр аны аялдыкка алсам дейт, ал эми Айкөкүлдүн эңсегени – Чилтен. Чилтен Чортон баатырга жолугуп, аны менен өнөр сынашат. Ушунда Чилтендин согуштук өнөрү Чортондукунан кыйла жогору экени байкалат. Ичи ачынган Чортон «эми чындап кармашалы» дейт. Чортондун баатырдыгы, балбандыгы ашыкча экен. Фольклордук салтка ылайык Чортон «бир ийнине Чортондун / бир зор өгүз баткандай. Бир ийнинде Арыстан / эркин оонап жаткандай» деп сүрөттөлөт. Далайга кармашып, анан Чилтендин шайы оой баштайт. Ошондо койнунан Жолборс берген тутам кылды колуна алды эле, күчү ашып-ташып, Чортонду жеңет. Эңсегени Айкөкүлгө кошулуп, эли, атасы болуп жыргап-куунап жатып калат.

Поэма-жомоктун сюжеттик мазмуну ушундай. Байкалып тургандай, «жомок кыргыздын баатырдык дастандарынын салтын улантат, анда душмандар жана кара күч ээлери менен күрөшүү башкы орунга чыгат да, баатырдын көп кыйынчылыктардан өтүп, акыры жеңишке жетиши көрсөтүлөт.Эр жүрөктүүлүк, эл тарапта болуучулук даңазаланат. Бабалардан айтылып келген сөз бүгүн да маанисин жогото элек, бул сөз муундан муунга айтылып келет деп билдирилет» [15. 317].

«Буурул таңдын жомогу» поэмасынын материалдарын бышыктап бекемдөөдө VII класс үчүн «Кыргыз адабияты» хрестоматия-окуу китебинде берилген суроо-тапшырмаларды пайдалануу менен “**сынчыл ойлом”** усулу

менен сабакты жыйынтыкталганга ылайык [15. 337–338]. Бул суроо-тапшырмалардын айрымдары класста аткарылса, айрымдары бүткөрүп келүү үчүн үйгө берилет.

О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай ...Алтай», «Жоокер» лирикаларын VII класста окутууга адабият программасында 2саат убакыт каралган. Бул 2 саат убакыт сабак-сааттарга төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

1. Акын О.Султанов жана анын «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай ...Алтай», «Жоокер» лирикалары тууралуу. «Кош, Ысык-Көл», «Бокс» ырларын көркөм окуу, талдоо. Ырлардагы жарандуулук, философиялуулук, жарандык пафос – 1 саат.

2. «Алтай ...Алтай», «Жоокер» лирикаларын көркөм окуу, комментарийлеп талдоо. Ырлардан көрүнгөн акындык сезимталдуулук. Ата журтка, адамга мамиле. О.Султановдун акындык чеберчилиги – 1 саат.

Омор Султановдун чыгармачылыгы мектеп курсунда алгач ирет үйрөнүлүп жатканы себептүү кириш баяндамада ал жөнүндө жана поэзия майданындагы чыгармачылык ийгиликтери тууралуу жетиштүү маалымат берилүүсү кажет. Ошол эле маалда акындын чыгармачылыгынын окуп-үйрөнүлүшү адабияттык окууга туура келери, бул окутуу баскычынын талабына ылайык автор тууралуу маалымат 5–8 мүнөттүк көлөмдөн ашпаган убакытта айтылып бүтүшү керектиги көңүл борборунда турганы ылайык. Мында каралган убактынын орчундуу бөлүгү программа сунуштаган лирикаларын окуп-үйрөнүүгө жумшалышы керек. Окумуштуу С.Момуналиев кириш баяндаманы өтүүдө эгер окуучулар«акын менен биринчи жолу жүздөшүп, тааныштырылып жатса, анда сабактын кириш бөлүгүндө ал акындын сүрөтүн, ыр топтомдорун көрсөтүп, анын адамдык, пендечилик, акындык тагдырына кызыктырган эмоционалдуу мазмундагы аңгемеденбаштоо натыйжалуу болорун» [124. 278] белгилеп кетет.

Ал – баарыдан мурда болгондо да кылдат лирик. VII класстын хрестоматия-окуу китебиндеги лирика жөнүндөгү пикир басымдуу ушу О.Султановдун поэтикалык өнөрканасынын мүнөздөлүшүнө туура келчүдөй.

Пикир-ой толгоону толук келтирели: «Лирика акындын ички сезиминен чыгат, б.а. ар кандай эле адам катары акын кайгырса кайгысын, кубанса кубанычын, өксүсө өксүсүн, жакшы көрсө жакшы көрүүсүн ырга салат. Лирикада окуялар, сюжет болбойт, анда лирикалык каарман гана сезим-оюн, ички толгонууларын билдирет. Ошон үчүн да лирикалык ырлардын мазмунун айтып берем деп чайнала берген болбойт. Баары бир акындын ырындай айта албайсың. Андай ырларды окуу керек, угуу керек жана колдон келсе жаттап алуу керек, ошондо гана анын ыргактарына ырахаттанып, күүсүнө термелип, не бир ажайып сөздөрдүн гүлдөрүн искеп, сөздөр менен сөздөр кыналса, кандай жаңы салыштыруулар, образдуу элестер келерине көзүң жетип, ошолордон эстетикалык табитиңди өстүрөсүң. Лирика жан дүйнөңдү козгоп, сезимиңди тазалайт» [124.34]. Демек, О.Султановдун лирикаларын VII класста окутууда алардын текстин кыраатын келтирип көркөм окууга, жатка окууга өзгөчөлүү көңүл бурулуп, үн чыгарып жатка көркөм окуу аркылуу ырлардын поэтикалык баалуулугунун, ажайып коoздугунун бийиктигине жетип, мухиттей тереңдигин аңдап, туюна билүүгө умтулуу, окуучулардын аң-сезимин ушул көндүм-билгичтиктерге каныктыруу эң бир маанилүү милдеттерден болуп отурат.

«Кош, Ысык-Көл» – О.Султановдун эң бир мыкты лирикаларынын бири.Мындагы лирикалык каарманды акындын өзү деп болжолдоого болчудай. Бул ырдан туулган жери менен коштошуп жаткан, алыс жолго чыгып баратып, туулуп-өскөн жерине, бир тууган элине ыраазы болгон, узак сапарына ак бата алып жаткан автордун – лирикалык каармандын образын көрөбүз. Акын бирдиктүү Союз маалында чет өлкөлөрдөгү чыгармачылык иш сапарларына жетиштүү эле арбын барганы белгилүү, ыр ошондой жагдайлардын бири алдында жазылса керек.

«Бокс»аттуу ыры спорттун күжүрмөн түрүнө адамдын маашырлануу, суктануу сезимдерин чагылдырууга, бокстун жеке өзүнө гана мүнөздүү ички сырларын ачып берүүгө арналган. Бул ырды окуудан алдын окуучуларга;1 Мушкер жөнүндө эмне билесиң?  Кыргызстанда белгилүү мушкерлерди

кимдер?- деген суроолорду берип, окуучулардын **ой жүгүртүүгө** аракеттендирет.

Айтабыз ал эле деп, бул эле деп,
А чыны, бардык кезде күчтүү жеңет.
Билгенге бокс ойну кыйын оюн
Кыйын уул ойлоп муну тапса керек.

Мында бар кармашуунун бардык түрү,
Амалдуу акылдуулук эрдик сүрү.
Багымдан көрөрмүн да дегенге окшойт
Боксердун башын ийкеп жүгүнүүсү.[15. 64.]

Акын О.Султановдун бул ырын мектепте окуп-үйрөнүүнүн сөзсүз тарбиялык мааниси зор. Ал көркөм окулуу менен, ар тараптуу терең талдоого алынганы ылайык.

Кийинки сабакта «Алтай... Алтай...» жана «Жоокер» ырлары окуп үйрөнүлөт. Бул ырды окуп талдоодо окуучулар ата-бабаларыбыздын бир канча кылым мурда Алтай жергеси, Энесай аймагында жашаганын, кадимки легендардуу Манас бабабыз Алтайда туулуп-өсүп, Теңир-Тоодогу кыргыз жергесин чет жерлик душмандардан бошотуп, улуу держава курууга жетишкени, ал биздин замандын IX кылымындагы Улуу Кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздөөчүлөр Яглакар хан менен башкы аскер башчы Алпсолдун прототиби болуп эсептелинери тууралуу маалыматтар менен тааныштырылуусу зарыл.

«Жоокер» ыры Улуу Ата Мекендик согушта баатырдык менен курман болгон жоокерлердин жаркын эстелигине арналган. Постто турган жоокердин оюна согушта өлгөн атасы келет. Акыркы катында «эки курдай жараланып... айыгып жоону сүрүп Прагадан өткөнүн» жазган. Андан бери далай күндөр, жылдар өттү, ал эми атасы ошол боюнча дайынсыз жоголду.

Эне кургур медер кылат
Жалгыз туяк – аппагын.

Постто жоокер медер тутат

Атасынын катылуу эски каттарын.

Акын О.Султановдун өмүрү, чыгармачылыгын, аталган төрт ырын бышыктап жыйынтыктоодо окуу китебинде берилген суроо-тапшырмалар тизмеги колдонулганы ылайык. [15. 344–345] Мында **интерактивдүү, ой калчоо, сынчыл ойлом усул-ыкмалары** аракетте болот.

Адабият программасынын акыркы иштелишинде А.Өмүркановдун «Чолпонбай» поэтикалык туундусун 2 саат-сабак көлөмдө окуп өздөштүрүү жагы сунушталган. Чыгарма азырынча VII класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китебине киргизиле элек. Мектеп мугалимдери үчүн бул аталган поэманын, башкасын мындай коёлу, текстинин табылышы да кыйла кыйынчылыктуу.

## 3.2. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы поэзиясын X -XI класстардаокутуунун методикасы

Жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон акын Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагы акыркы эле убакыттарга чейин класста окутулуп келген болучу, эми X класска ооштурулуп отурат. Мындай ооштуруу методикалык жагынан эч кандай эле өзгөрүүлөргө алып келбейт,

себеби бул эки класс тең адабиятты мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн системалуу курсуна туура келет.

Адабият окуу программасында Б.Сарногоевдин өмүрүн жана чыгармачылык жолун, «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы «Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары», «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» деген бөлүмдөрдөгү ыр туундуларын окуп, талдап өздөштүрүүгө деп төмөндөгүдөй сунуш-багыттамалар тизмеги берилген:

«Б.Сарногоевдин ырларындагы салттуулук. Акындын поэзиясынын элдик фольклордун булагынан азык алып турушу. Ата журт жана пейзаждык темадагы ырларындагы Мекенге болгон таза сүйүүнүн, акындык айкөлдүктүн даана чагылдырылышы. Сүрөттөөнүн таамайлыгы, тактыгы, конкреттүүлүгү. Махабат лирикасындагы акындык ойдун ачыктыгы, сүйдүргөн адамдын образын көкөлөтүү, аялзатынынназиктигин, арууулугун, сулуулугун даңазалоо. «Мидинге кат» – кыргыз адабиятындагы классикалык чыгармалардын бири. Турмуш, жашоо, чыгармачылык, талант жөнүндө ойлор. Акындын калемдештерине берген баасы. Б.Сарногоевдин стилиндеги күйдүргү сөздөрдүн, какшыктын, чымчыкейлердин чыгарманын идеясын ачуудагы мааниси. Акындын чыгармачылык бөтөнчөлүгү» [96. 40].

Булар мугалимдин Б.Сарногоевдин чыгармачылыгын окутуу боюнча алып барчу иш-чараларынын жалпы багыты гана. Мында бардыгы 3 саат убакыт каралган. Бул 3 саат убакты сабак-сааттарга төмөндөгүдөй кылып бөлүштүрүлгөнү ылайык:

1. Эл акыны Б.Сарногоевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу – 1 саат.

2. «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы «Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары» бөлүмдөрүндөгү ыр туундуларынын урунттууларын окуу, талдап өздөштүрүү – 1 саат.

3. Жыйнактагы «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» бөлүмдөрүн окуу, талдоо – 1 саат.

X жана XI класстарды камтыган жогорку класстарда калемгердин өмүрү, чыгармачылыгын терендетип өздөштүрүүгө өзгөчөлүү маани берилет. Убагында профессор Б.Алымов бул маселенин бөтөнчө маанилүүлүгүн төмөндөгүчө белгилеп кеткен: «Көрүнүктүү сүрөткерлер менен сөз зергерлеринин өмүр жолу окуучуларга канчалык таасирдүү айтылса, алардын программалык чыгармаларынын идеялык-эстетикалык мааниси ошончолук түшүнүктүү да, жугумдуу да болор эле. Ушул жагдайды эске алганда, жазуучунун өмүр жолун окуу, анын чыгармасынын мазмун-маңызын үйрөнүү үчүн кеңири жол ачып, ыңгайлуу шарт түзөт. Бирок жазуучунун өмүрү менен чыгармачылыгы эки башка нерсе эмес, алар бири-биринен ажыратылбай бирге каралганда гана бул сабак өз максатына жете алат» [13. 18].

Калемгердин өмүрү, чыгармачылыгынын кандай фактыларына, урунттуу учурларына токтолуу керек экендигине байланыштуу Б.Оторбаевдин жазганына кайрылалы: «Акын-жазуучу – мектеп окуучусунун балалык баёо түшүнүгүндө чыгармаларындагы күрөшчүл, калыс, ар-намыстуу каармандарына татыктуу идеал, таза инсан. Баланын бул кирсиз, кабылдоо-түшүнүгү колдон келишинче бузулбашы керек. Ушул себептүү жогорку класстын окуучуларын акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылык жолу менен тааныштырууда негизги басым алардын күндөлүк жашоо-тиричилигинин үлгүлүү жактарын аңгемелөөгө коюлганы ылайык. Албетте, турмушту түшүнгөн, дүйнөгө болгон көз карашы калыптанып бүткөн инсан катары адабият мугалиминин чыгармачылыгы мектепте өтүлүүчү калемгердин жашоосунун көлөкөлүү жактарын биле жүргөнү ашыктык кылбайт. Андай маалыматтардын кайсы бирлерин ылайыгына карай айрым өзгөчөлүү учурларда сабакка камтый кетсе да болот» [143. 441].

Адатта акын-жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы менен тааныштыруу сабактары небактан келаткан салттуу лекция методу аркылуу алып барылат. Лекция сабагын бүгүнкү күндүн заманбап талаптарындагы сабак формасына

айландыруу үчүн аны кандайдыр жаңылоо, инновациялоо зарылдыгы келип чыгат. Деги «инновация», «окутуудагы инновация» деген эмне?

«Инновацияны» профессор Ж.Чыманов төмөндөгүчө түшүндүрөт: «Инновация» – эки сөздөн турган термин. Термин катары бул сөздүн колдонулуу чөйрөсү өтө кеңири, бүгүнкү күндө билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. жигердүү пайдаланылууда. Биринчи бөлүгү – ин: «ичинен», «өзүнөн» деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү – новация: «жаңылануу», «өзгөрүү» түшүнүгүн туюндурат. Демек, анын негизги лексикалык мааниси – өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу), жаңылануулорды киргизүү» [206. 59].

Профессор Б.Оторбаевдин түшүнгөнүндө: «Билим берүүдөгү инновация же педагогикалык инновация – бул окутуудагы жалпы эле жаңылануу, жаңыдан киргизүү, прогрессивдүү өзгөрүү болуу менен катар, окутуу ишинде буга чейин колдонууда болуп келген салттуу усулдардын, ык-амалдардын, окутуу технологияларынын, дегеле мектептеги окутуу процессинин ичтен жаңылануусу, предметти окутуу усулдарынын, ыкмаларынын, каражаттарынын, системаларынын ички катылуу мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу, жигердештирүү негизинде аларды учурдун талаптарына ылайык келгендей кылып жаңылап кайра иштеп чыгуу, ошо жаңыланган түрүндө сабак процессинде пайдалануу» [144. 62].

Окуучуларды Б.Сарногоевдин өмүрү, чыгармачылык жолу менен X класста тааныштырууда мектептердеги адабият мугалимдери буга чейин XI класстын «Кыргыз адабияты» окуу китебинде камтылган окуу материалын пайдаланганы толук жетиштүү [24. 148.]. Албетте, окуу китебиндегиге кошумча катары профессор К.Исаковдун «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 7-томунда камтылган «Сарногоев Байдылда» деген аталыштагы материалын да пайдаланса болот [79. 273].

Б.Сарногоевдин өмүрү, чыгармачылыгы боюнча лекция сабагын алып барууда ошондой эле интерактивдүү лекция методу колдонулганы ылайык. Ал эми адабиятты окутуудагы **интерактивдүү лекция методу «лекция-**

**баарлашуу, лекция-дискуссия, айкын кырдаалдарды талдоо менен лекция, алдын ала пландаштырылган каталар менен лекция, лекция-прессконференция, мини-лекция** амал-ыкмаларын ичине камтыйт» [144. 329–333].

Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум»ырлар жыйнагы 1982-жылы алгач ирет жарык көрүп, жалпы элдин купулуна толгонунан улам ошол Союз маалында эле дагы эки жолу (1984- жана 1989-жылдары) басылып чыккан. Жыйнактын аталышы символикалуу. Эр ортосу элүүгө келгенинде бир тууган элинин алдында чыгармачылык эсеп-чот берип жаткандай. Жыйнак «Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары»,«Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» бөлүмдөрүнөн куралган. Б.Сарногоевдин чыгармачылыгын окутууга арналган экинчи сабакта жыйнактын адепки үч бөлүмүндө камтылган ырлардын эң бир урунттуулары окулуп, талдоого алынат.

«Арноо жана каалоо ырлары» эсебине «Алп талантка ак дилден», «Токтогулдун эстелигине», «Барпы ырчыга», «Коштошуу», «Кубанычбек акынга», «Сооронбай акынга», «Түмөнбай акынга», «Ырчы иниме», «Иним Курбанбайга» ж.б. атап кетүүгө болот. Мында бул сөз зергерлеринин адабиятка киргизген жаңылыктары, сиңирген эмгектери поэзиянын тили менен бирден тизмеленет.

Арноо ырларын ал ошондой эле профессионал акындар: С.Жусуевге, Т.Байзаковго, К.Маликовго арнап жазган. «Кубанычбек акынга» ырында ыр жазуудагы ыкчамдыгын, артында баа жеткис поэтикалык көркөм мурастарын калтырууга жетишкенин канааттануу менен белгилеп кетет.

Ырлар жыйнагынын орчундуу бөлүгүн «Махабат ырларынын» топтому түзөт. Дегинкиси, бул темада ыр жазбаган акын дегеле болбосо керек. Б.Сарногоев да бул махабат темасына байма-бай кайрылганы белгилүү. Акындын «Бере турчу бир тамчы», «Өткөндөрдү элестеп», «Аячы мени», «Цыган кызга», «Айтчы, сулуу», «Алчы конуп беремин» ж.б. ырларында лирикалык каарман сүйүү азабына кабылып, түйшүгүн тартып жаткандагы

ички сезимдери эң эле ишенимдүү, жогорку поэтикалык чеберчиликте берилген. Мында айрыкча «Өчпөс от» ыры окуган адамды кайдыгер калтыра койбойт. Ырда сүйгөнүн согушка узатып, анан анын каза тапканына анык көзү жетип турса да, ага арналган сүйүүсүн, берген убадасын туруктуулук менен сактап, көөдөнүндөгү сүйүүсүн эч нерсеге алмаштырбай жашап, өмүнүн акырына чейин күткөн айылдык кыз Жибек тууралуу баяндалат:

Баасына башка жетпеген,
Махабат ыйык сөз белем...
Көп жылдар күтүп жоокерди
Коштошту кырчын кез менен.

Чачтарын небак ак чалып,
Байбиче сымал балпайып.
Кыз болуп туулуп энеден,
Кыз бойдон барат картайып.

Мындай сүйгөнүн өмүрү өткүчө күткөн кыздар кыргыз жергесинде көп эле кездешкен. Акын бул махабат ырларында сүйүүнү бир келип кеткен сезим катары эмес, тирүүчүлүктүн, адамдык жашоонун өзөгү катары даңазалайт.

«Ашуудан берген отчетумдагы» кийинки бөлүм – «Юмор жана сатира». Б.Сарногоевдин сатирик катары жетилүүсүнө убагында Мидин Алыбаев, Райкан Шүкүрбековдор менен мамилелеш жүргөнү чоң түрткү болгон. Ал өзүнүн сатиралык ырларында коомубуздагы айрым адамдардын мүнөзүндөгү терс көрүнүштөрдүн адат болуп калыптанып баштаганын кескин сынга алат. Муну биз «Сенди унутуп коюптур» сатирасынан ачык байкайбыз:

Көрсө кайран курбалым,
Кошоматчы болуптур.
Кол куушуруп чоңуна,
Коюн, тоогун союптур.

«Сиз» деп жүрүп дайыма,

«Сенди» унутуп коюптур.

Б.Сарноговдин сатиралык чыгармаларынын ичинен эң эле көлөмдүүсү жана элге кеңири белгилүүсү – «Мидинге кат» поэмасы. Ушунда бул поэма тууралуу белгилүү адабиятчы жана сынчы К.Даутовдун жазганын келтирүү ылайык болуп турат: «Ал автордун жеке адабий тажрыйбасы үчүн эпикалык жанрда буга чейин жетип көрбөгөн чеги, алып көрбөгөн бийиктиги болсо, жалпы кыргыз поэзиясы үчүн кол менен санала турган ири поэмалардын дагы бир жакшы үлгүсү. Акындын жаркын личносту, бар пендечилик сапаттары кошо чагылып турган синкреттик стили, өнүккөн артистицизми, күлгүн юмору менен ачуу ирониясы, ойчулдук жөрөлгөсү менен таамай лаконизми, портретчил машчылдыгы менен мүнөздөп баа берүү жөндөмү ушул чыгармасында айрыкча бир кулпуруп ачылган. Мында калам ээсинин турмуштан алган катаал сабагы да, өйдөлөп бараткан жаш курактын нускасы да, кызык жана карама-каршылыктуу татаал чыгармачылык жолдон жыйнаган адабий тажрыйбасы да жатат... Анда шаттык менен кайгыга, жеңиш менен утулушка, трагедия менен оптимизмге толо түркүн-түркүн кайчылаш таг-дырлар бар. Болгондо да алар чыгармачыл адамдардын тагдырлары. Акын өзүн-өзү аңдап билүүгө алат, өмүр жолун, жасаган ишин чыныгы эрдикчил реалисттерче калыс жана катаал таразага салат, адеп-ахлактык талабынан баалайт» [63. 82–83]. Байдылданын поэмасы тууралуу белгилүү адабиятчынын бул пикиринен ашырып айтуу түк мүмкүн эместей. Кыскасы, акын бул поэмасы аркылуу бүгүнкүнүн социалдык-саясый көрүнүштөрүнө баа берип, андагы чыгармачыл инсандарга токтолуп, каймана түрдө болсо да элдин өзүнө түз жеткирүүгө аракеттенген.

Жыйнактагы «Аялдар жөнүндө терме» жана «Эркектер жөнүндө терме» чыгармалары өзгөчөлүү көңүл бурууга арзыйт. «Аялдар жөнүндөгү термеде» акын аялдардын алгач укуксуз болгонунан тартып, жаңы доордо эркиндикке, теңдикке жетишкендигине чейин баяндап келип, айрымдары ошол эркиндик-теңчиликти туура эмес түшүнүп алышканын сатиранын

куйкум сынына алат. «Эркектер жөнүндөгү термеде» эркектерде кезиккен сарандак, кытмырлык, бузукулук, моралдык жактан туруксуздук, жанбактылык, кызганчаактык, аракечтик, жегичтик, кошоматчылык, арызчылдык, көпкөндүк, ыймансыздык ж.б. терс сапаттар сындалып, булардан арылуу зарылдыгын айтат.

Акыркы бөлүм «Ода жана жаңы ырлар» деп аталып, ага ошол өткөн кылымдын 70-жылдар ичи жазылган түрдүү темадагы ырлары киргизилген. Мындагы мыкты иштелген ыр туундулары эсебинде «Баткен көлү», «Бойдокко кеңеш», «Тар пейилдүү бирөөгө» ырларын атап кетүүгө болот. «Баткен көлүндө» андагы Төрткүл көлүнүн ажайып кооздугу, керемет көрүнүшү сүрөттөлсө, «Бойдокко кеңеш», «Тар пейилдүү бирөөгө» ырларында адамдагы ар түркүн сапат-мүнөздөр ачылып берилет. Ошондой эле Б.Сарногоевдин эне тилибизге арнап жазылган ырлары окуган адамды кайдыгер калтыра койбойт. Алсак, «Тилдер жана энелер» ырында эне тилдин, эненин улуулугу төмөндөгүдөй болуп таасын баяндалат:

Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу, тили улуу,
Өйдө, ылдый деп айта албайбыз эч бирин[161.126.]

«Ашуудан берген отчетум» жыйнагы акындын эр ортонуу 50гө толгон курагында жарык көргөн. Бул ырлар топтому«акындын чыгармачылыгынын толук өнүгүшүн көрсөтүп, бир эле мезгилде үч адабий булактан азыктанган-дыгын айкындап турат. Биринчиден – элдик оозеки чыгармачылык жана анын уландысы катары көрүнгөн акын-ырчылар поэзиясы, экинчиден, кыргыз жазма поэзиясы, үчүнчүдөн – орус классикалык поэзиясы, ал аркылуу дүйнөлүк классикалык адабият. Дал ушулар акындын оригиналдуу, эч ким кайталай алгыс Б.Сарногоевдик көркөм-эстетикалык «жүзүн» толук ачып берип турат» [23. 160–161].

«Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы поэтикалык туундуларды X класста өздөштүрүүдө бардыгын болбосо да негиздүүлөрү класста көркөм

окулуп, ар тараптуу талдоого алынышы керек. Тереңдетип талдоо аркылуу гана адабият мугалими акындын көркөм-эстетикалык дүйнөсүн окуучуларынын түшүнүп, жакындан кабылдоолоруна жетише алат. Мында салттуу **эвристикалык аңгемелешүү**, ошондой эле **интерактивдүү ой** калчоо, сынчыл ойлом методдору аракетте болот. Б.Сарногоевдин өмүрү, чыгармачылыгын жана «Ашуудан берген отчетум» жыйнагынын материалдарын бышыктап жыйынтыктоодо интерактивдүү **ИНСЕРТ** жана **сөздөрдүк**усулдары менен иштөөнатыйжалуу. Бул максатта атайын түзүлгөн суроолор жана тапшырмалар тизмеги пайдаланылат.

«Кыргыз адабиятынын программасында» акын Сүйүнбай Эралиевдин өмүрү, чыгармачылык жолун, «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара» лирикаларын жана «Кесиринсан» поэмасын XI класста окуп, талдап өздөштүрүүгө жалпы 3 саат убакты каралган. Бул 3 сааттык окуу материалы сабак-сааттарга төмөндөгүдөй кылып бөлүштүрүлөт:

1. С.Эралиевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу – 1 саат.

2. «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара» лирикалары. Лирикаларындагы образдуулук, көркөм сүрөттөөнүн орундуулугу – 1 саат.

3. «Кесиринсан» поэмасы, андагы бүткүл дүйнөлүк проблемалардын козголушу – 1 саат.

Мугалим эл акыны С.Эралиевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу маалымат берүүдө XI класс үчүн окуу китебинде камтылгандан [23. 133.] тышкары профессор К.Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» окуу китебинин [21.497.] негизде КР УИАнын Тил жана адабият институту даярдап чыгарган «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 6-томунун [22.537.] материалдарына таянат. Сабак **репродуктивдүү лекция** методу негизинде алып барылат. Окутуунун заманбап талаптарына ылайык, мында лекция болушунча демократиялаштырылып, окуучунун жаңы материалды

өздөштүрүүгөмүмкүндүк берилет. Бул С.Эралиевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу лекция сабагын ошондой эле **интерактивдүү лекция-баарлашуу** формасында алып барса да болот. Лекция-баарлашуу«окуучуларды окуу процессине жигердүү тартуунун көбүрөөк кеңири таралган жана салыштырмалуу жөнөкөй формасы болуп эсептелинет. Бул лекция-сабак кыргыз адабияты мугалиминин класс менен түздөн-түз алака-катышта болуусун көңүлгө алат. Лекция-баарлашуунун артыкчылыктуу жагы окуучулардын дитин теманын көбүрөөк маанилүү маселелерине буруууга, жаңы окуу материалынын мазмунун жана көлөмүн окуучуларынын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныктап-тактап алуусуна мүмкүнчүлүк берет» [143. 329].

С.Эралиевдин «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара» лирикаларынын тексттери класста мүмкүнчүлүктүн жетишинче толук же алардын урунттуу строфалары кырааты менен көркөм окулуп, анан барып гана биргелешип талдоо жумуштарына киришилгени кажет.

Лирикалык чыгармаларды мектепте окутуу иши башка тектеги чыгармаларды окутканга салыштырмалуу бир топ татаал. Андан да ырдагы акындын айтайын деген оюн окуучунун түшүнүшү, мугалимдин аны чечмелеп түшүндүрүп берүүсү кыйла көйгөйлөрдү жаратат. Себеби өзгөчөлүү адабий тек катары анда «окуя да, сюжет да болбойт, лирика ага муктаж да эмес» [13. 49].Ырас, ыраатуу өнүккөн окуя, сюжет болбогондон кийин анын талданышы да кыйын. «лирика тигил же бул турмуштук шарттардын негизинде пайда болгон адамдардын кайгы-кубанычын, анын турмушунун бир үзүмүн көрсөтөт. Анын предмети – көп кырдуу турмуш чындыгы, лириканын мазмунун саясий-коомдук, тарыхый жана турмуш окуялары, философиялык ойлор, элдердин достугу, табияттын көрүнүшү, автордун инсандык сезими түзөт» [13. 49].

Ушунда лирика деген эмне экенин аныктап алуу зарылдыгы бар. Профессор С.Момуналиев лирикага төмөндөгүдөй деп түшүндүрмө берет:

«Лирика – поэзиянын өзгөчөлүү түрү. Ал адам жүрөгүнүн тереңиндеги сырларын ачат, жүрөктүн назик кылдарын чертет. Ырдын окуучуга канчалык таасир берери аны жазган автордун турмушту канчалык билгенине, турмуш чындыгы менен адам мүнөзүн канчалык ача алганына байланыштуу. Акындын идеалы канчалык жогору болсо, турмушту канчалык терең түшүнсө, аны ошончолук таасирдүү жана ишенимдүү сүрөттөйт. Акындын рухий кызыкчылыгы канчалык бай болсо, турмуштук тажрыйбалардан ошончолук туура корутунду чыгарат, типтүү окуяларды, образдарды жаратат, башкысы анын жазгандары элдин кеңири массасына түшүнүктүү, таасирдүү болот» [123. 51].

Демек, «лирика башка тектеги туундуларга салыштырмалуу окуучулардын аң-сезимин ойготууга көбүрөөк жардам берет. Анын артыкчылыгы, ошондой эле аны окутуунун негизги кыйынчылыгы да ушунда жатат» [49. 3]. Убагында профессор Б.Алымов таасын белгилеп кеткендей, «лириканы окутуу менен мугалим көп нерсеге жетише алат: окуучуларды Ата Мекенин чексиз сүйүүгө, душманды жек көрүүгө, тынчтыктын жарчысы болууга, адамгерчиликтин, адеп-ахлактуулуктун принциптеринде бекем турууга, эмгекчил болуп, таза сүйүүнүн, чыныгы достуктун кадырына жете билүүгө тарбиялайт. Лирикалык чыгармаларды окутуу менен мугалим окуучулардын жалпы маалыматтуулугун арттырат, ички жан дүйнөсүн байытып, кыска жана так, образдуу сүйлөөгө көнүктүрөт» [13. 51].

С.Эралиевдин лирикаларын XI класста окутууда сөзсүз жогоруда айтылгандар көңүлгө алынуу керек. Адеп каралчу «Мен кыргызмын» («Мен – кыргыз») ырында акын Ата Мекендин, туулган жердин эч нерсеге алмаштыргыс асылдыгын, жоголсо кайра табылгыстыгын төмөндөгүдөй таамай ыр саптары аркылуу берет:

Мекен–бирөө,
Болбойт аны алмашуу,
Же болбосо, сатып алып, сатууга...
Мен батыштан жолуктургам бирөөнү,

Кечээ күнкү чоң согуш–чоң сыноодо,
Тууган жерин сатып болгон күнөлүү.
Басып келди окшоп сасык тумоого:
«Кыргызсыңбы? Шыбырапжай сурады,–
Тууган жерден топурак,
Же бир ууртам суу барбы?»

«Аттын ыйы» согушта оор жаракат алган аттын кейиштүү трагедиялуу абалын сүрөттөөгө арналган.

Күрс деп кулап мина жакын арага,
Кыйрап калды ашпоз тарткан араба.
Ат жаралуу, жатат жаны чыга албай,
Адам уулу, бар досуңа карала.

Лирикалык каарман жаралуу атка жаны ачып жанына чуркап барды эле, анын бир жак капталы бүт шылынып, оор онтоп, жаны чыга албай жатыптыр. Сержант кыйналтпай атып салайын деди эле, лирикалык каарман аны бир азга токтотуп калат.

Кызматына кылбасак да башка урмат/ Кайтарында коштошолук жакшылап... / Барып башын жөлөйм десем, о шумдук/ Жатат ыйлап, жатат көздөн жаш кулап/Тың убакта өзүм өскөн жерде мен / Жылкы артында далай жылга өрдөгөм /Той-үлпөттө күлүк чапкам көп ирет / Бирок аттын ыйлаганын көрбөгөм [23.209.].

Өтө күчтүү, эң бир таасирдүү иштелген ыр. Жоокерлер уялаш бир тууганын, бир боорун жоготкондой зээндери кейип турса да, гумандуулуктун улуу урматы үчүн аттын кыйналуусун токтотууга аргасызданышып, жолун андан ары улантышат.

Эне темасына бардык эле акындар сыяктуу С.Эралиев да кайрылган. 1975-жылы жазылган бул ырдын көлөмү болгону үч куплет. Бирок бул темадагы эң бир мыкты иштелген ырлардын катарына ишенимдүүлүк менен кошууга болот.

С.Эралиевдин бул «Эне» аттуу ыры акын согуш маалында өзү башынан өткөргөн бир окуядан улам жазган. «Согушта оор жарадар болгон С.Эралиев Грузия Республикасынын борбору Тбилисидеги ооруканага жеткирилет. Мына ошол жерден аны бир грузин аял өз уулундай бапестеп багат. Көрсө, ал аялдын уулу да согушка кеткен экен. Аман-эсен болуп тынчтык күндөр келсе экөөңөр таанышып, катташып, бир тууган болуп алгыла деген ак тилегин билдирет грузин эне. Акын көп жылдан кийин ушул окуяны эске түшүрүп, анан өзүнүн ички сезимин мындайча билдирет:

Туубаса да тутунган,
Ал грузин эненин,
Кыргызда жүргөн бир тууган
Уулуна окшоп келемин» [23. 208].

Байкалып тургандай, бул ырда бардык элдер үчүн маанилүү элдердин достугу идеясы козголгон. Бөтөнчө Улуу Ата Мекендик согуш маалында мындай идея, мындай чыныгы адамгерчилик сезим-мамилелер болуп көрбөгөндөй бийиктикке көтөрүлгөн.

«Казак тууганга» кыргыз жана казак элдеринин ортосундагы достукту даңазалоого арналган. Мында акын бир караганда өтө эле жупуну туюлган кыска ыр саптары аркылуу эки элдин ынак мамилелерин таамай, так чагылдырып берүүгө жетишкен.

Казак, кыргыз–бир тууган
Байыртан бери бир суудан
Ичсе да бирге ичишип,
Бет жууса–бирге бет жууган.

Жамандык баштан бир өткөн,
Жакшылк баштан бир өткөн,
«Тууганбыз»–десек сөзүбүз
Жүрөккө жетет жүрөктөн [23. 210].

«Каныкейдин көз жашы», «Манас» эпосундагы кадимки Каныкей энебиз тууралуу. Манас бабабыз Бээжинге карай жасаган Чоң чабуулунан жаралуу кайтканында Каныкей Таластын Арал деген жерине үй тиктирип, Манасты дарылоого киришет. Бирок жараты кабылдап, айкөлдүн кайткыс жагына оогонуна көзү жеткен ал эч кимге сыр билгизбей, эч кимге көрүнбөй түнү бою көз жашын төгүп ыйлайт.Каныкейдин түнү бою төккөн көз жашы булакка айланып агып, эл ал булакты ошол күндөн тарта «Каныкейдин көз жашы» деп атап калганы айтылат. Мында Каныкейдин акылмандыгы, сабырдуулугу, намыскөйлүгү, өмүрлүк түгөйү Манас баатырга болгон терең урматы, эл-журттун тынчтыгы, биримдиги үчүн кылган кызматы кыйла жеткиликтүү берилген.

«Менин айылым» ырында акын туулуп өскөн жерине болгон чексиз сүйүүсүн зор сүймөнчүлүк менен баяндап берет:

О, жан сүйгөн айылым, тууган жерим,
Киндик кесип, кир көйнөк жууган жерим.
Бул дүйнөдө жер барбы сен сыяктуу
«Кулунум» деп кең төгүп турган мээрим?

Алтымыштан ашсам да баладаймын,
Сен жумшасаң, мен «жок» деп бааланбаймын.
Аткардымбы, жокпу деп милдетиңди,
Алдыңда мен жер карап калам дайым.

Мында акын туулган жерине өзүнүн чоң милдеткер экенин, аткарар карызынан кутула электигин, ушундан улам өзүн дайым ыңгайсыз сезерин аңгемелеп отурат.

Акын Сүйүнбай Эралиевдин «Бүбүсара»аттуу ыры кыргыз элинин атактуу бийчи кызы, СССРдин эл артисткасы Б.Бейшеналиевага арналып жазылган. Ырда атактуу бийчинин образын ар тараптуу ачып берүү максаты коюлган эмес. Мында болгону анын теңдешсиз бийчи экендиги, бийлеп жаткандагы көрүнүшүнүн бөтөнчө таасирдүүлүгү, көргөн адамды токтоосуз

арбап алчу сыйкырлуу күчкө ээ экендиги абдан элестүү, таамай ачылып берилген:

Ойно оркестр,

Күү сайра!

Чымын-куюн бийлеп жатат Бүбүсара...

Бийле, бийле,

Түшсүн өмүр узара.

Кайталансаң миң ирет,

Кангыбыз жок биз ага.

Бийле, бийле Бүбүсара!

Бардык көздөр бийчиде,

Бардык көңүл бийчиде,

Эгер бирөө үн катса,

Окшойт уруп ийчүгө...

Ойно оркестр, Күү сайра!

Чымын-куюн бийлеп жатат Бүбүсара.

Бү-бү-са-ра-а-а-а!

Жер күңгүрөйт үн сала...

Мугалим бул сабактардаокуучулардын өздүк чыгармачылыгына негиздеп**аңгемелешүүлөрдү** жана өтүлгөн тема боюнча **эсселерди жазуу** менен**талдоо жүргүзүү** жакшы натыйжаларды берет.

Ал эми «Кесиринсан» поэмасы Чернобылдагы атомдук электрстанциясынын кыйроосу, анын кесепеттери тууралуу. Ушунда мугалим атом бомбасы, анын ойлонуп табылышы, америкалык согушчандардын 1945 жылы 6- жана 9-август күндөрү Япониянын Хиросимо, Нагасаки шаарларын жырткычтык менен атомдук бомбалоосу, анын радиациясынын ушу азыркыга чейин созулган кесепеттери тууралуу

баяндап бергени ылайык. Украинадагы Чернобыль атомдук электрстанциясындагы кыйроо, анын зыяны 1945-жылдагы атом бомбасынан кыйла ашып түшкөн. Жүз миңдеген адамдар каза болуп, нур оорусуна чалдыгышкан. Мына ушул бүткүл адамзаттык трагедияга байланыштуу С.Эралиев өзүнүн Кесиринсан» поэмасын жазып, аны 1989-жылы жарык көргөн «Дүйнө» ыр китебине жайгаштырган.

С.Эралиевдин чыгармачылыгын XI класста окутууга делинген 3 саат убактынын акыркы 1 сааты мына ушул «Кесиринсан» поэмасын окуп, талдап өздөштүрүүгө арналган.Поэманын текстинин урунттуу бөлүмдөрү класста окулуп, негизги идеялык мазмунунун, образдар системасынын талданышы окуучулар менен **эвристикалык баарлашуу** формасында алып барылат.

Чернобыль электр станциясындагы кыйроонун масштабын, адамдарга, жан-жаныбарларга кыргын салып, массалык өлүмгө алып келген күчүн акын төмөндөгүчө сүрөттөйт:

Мында тек төгүлбөй кан, атылбайт ок,

Бетме-бет келип турган душман да жок.

Сен аны жерден күтсөң, көктө жүрөт,

Сен аны тыштан күтсөң, үйгө кирет.

Ал – өлүм, сиңип калган соккон желге.

Ал чөптө, сууда, ташта – бардык жерде.

Андагы жагдай, уккандагы таасирлер тууралында профессор К.Артыкбаев төмөндөгүлөрдү жазат: «Ырасында да Чернобыль алааматы болгон кезде ал аварияны токтотуп, жарылган агрегатты кайра оңдоп, мурдагы калыбына келтириш үчүн адамдардын, адистердин кара жанынан кечип шумдуктуудай эрдик менен күрөш жүргүзгөндөрүн, ал жерде жашоочу элди бүт бойдон башка жакка көчүрүп, эч бир буюмга кол тийгизбей, үйдөн эч нерсени алдырбай, кой, эчки, уй, жылкы иттерди турган жеринде өлтүрүп, көөмүп, өрттөп, адамдарды башка таза кийим кийгизип, анан поездге

түшүрүп алып кетип жатканын радиодон угуп, телевизордон көрүп, гезиттерден окуп жатканыбызды кантип унуталык…» [21. 209.].

Поэмада атомдук кыйроонун эбегейсиз зор күчүн ачык-айкын так көрсөтүп, адамдардын кандай каран күнгө кабылганын көз алдыга даанараак келтирүү аракети жасалган. Адамдардын радиацияга кабылуу коркунучунан качып жолдо келаткандагы абалын акын төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

Күн аптап, келем суусап, каным катып,
Жанымда тең жарыша аккан дайра.
Кангыча жутсам деймин кулап жатып,
А кокус ажал болсо? – Качам кайра.

Ар жагы, бер жагымда алча батпайт,
Тизилип сабагында мөмөлөрү.
Алар – уу. Аларды эми адам татпайт,
Ачык иш – жылда бышып жөн өлөрү [23.].

Лирикалык каарман айласы куруганынан түбү жок ааламдагы радиациясы жок башка планеталарга кетип калууга да даяр. Бирок, тилекке каршы, учу-кыйырсыз чексиз ааламда адам баласы жашап кетүүгө жарактуу Жер планетасынан башка да планеталар бар экени тууралуу так маалыматтар жок. Болгон күндө аларга жетүү бүгүнкү күндө жана жакынкы келечекте ал жактарга жетүүмүмкүн эмес.  Бүткүл Жер планетасында Чернобылдагыдай, же андан да ашкан оор абал түзүлсө, анда адам баласынын көрөр күнү эмне болмокчу? Бул суроого акын С.Эралиев поэмадагы бир нече каармандын атомдук радиацияга кабылгандагы оор тагдырын, трагедиясын тартып берүү аркылуу жооп берген.  Бул суроого жооп издеген лирикалык каарман ооруканага барып, ал жерден нур оорусуна чалдыгып, дарыланып оор абалда жаткан адамдарга барып жолугат. Биринчи палатадагы Владимир Михайлов адис катары өзүнүн денесинде алты жүз рентгендик нурлануу бар экенин,

андан айыгуу түк мүмкүн эместигин түшүнөт. Ырас, айыгууга эч кандай ылаажы жок болгон соң, эч болбоду дегенде энесин көрүп калуу үчүн үйүнө кетүүсүнө руксат берүүлөрүн өтүнөт. Авариянын кесепетин жоюунун урматы үчүн өз ыктыяры менен барып, өзүн ажалга кириптер кылган илимпоз Владимир Михайловдун кейиштүү тагдыры, адамга зыяны көп болгон соң атом энергетикасын өздөштүрүүнүн зарылдыгы бар беле? – деген суроону жаратпай койбойт. А чынында илим алдыдагы жылышынын негизинде атом багындырылышы керек, болгону аны коопсуз пайдаланууну биле албай, илим дале алсыздык кылып жатат.

Экинчи палатагы Виктор Соколовдун абалы Михайловдукунан дагы оор. Ал медайым менен пикир алышуусунда аялынын өзүнөн кош бойлуу болуп калганын эскертип, эми төрөлчү баланын ден соолугу чың төрөлүшүнөн күмөн санайт, баланын эртеңки күнү үчүн кыжалаттанып кейийт. Медайым кетери менен ордунан турайын десее, көзү караңгылап башы айланганынан кулап түшөт. Эсине келген соң, эптеп ордунан туруп, дубалга сүйөнө барып керебетине кулаган Соколов оорукананын башкы дарыгерине төмөндөгүдөй өтүнүч менен кайрылат:

Кечириңиз, Сизден менин өтүнүчүм:

Мага дары беришпесин… айтсаңыз?

Аны айыгып кетчүлөргө беришсин.

А мен болсом…

Турасыз да Сиз өзүңүз түшүнүп.

Ал эми үчүнчү палатага кирсе, өрт өчүргүч Кузьменко жаңы эле үзүлүп кеткен болот. Кузьменконун өлөрүндөгү өзүн кармай туруктуулугу жанындагы медайым кызды таң калтырат. Тумбочкасынын үстүндө сүйгөн кызына арнап жазган акыркы каты жатыптыр. Акын Чырнобылдын кесепетин жоюуга өз ыктыяры менен бары жанын курмандыкка чалган жаш жигит Кузьменконун эрдигин адамдарга от алып келип берем деп аскага кадалган кадимки Прометейдин эрдигине салыштырат.

Поэмадагы Пелагея кемпирдин кейиштүү тагдыры өзүнчө таасирдүү. Чернобыль аймагында жашаган адамдарды башка жактарга көчүрүп баштаганда, өз туулган жеринен кеткиси келбеген Пелагея эч кимге таптырбай, жер кепелердин бирине барып жашынат. Бир жумадан кийин араңдан зорго табышып, зордоп көчүрмөкчү болушат. Кемпир көчүүгө макулдугун берүүгө аргасызданат. А чынында бир үйдө жалгыз калган Пелагея үчүн өз үй, өлөң төшөгүнөн ажыроо баарынан оор азап, кыйноо болучу.

Жыйынтыктасак, С.Эралиев бул поэмасын жаратуу менен эмнени айткысы келген? Кыязы, «адам баласы өз акылы менен тапкан илимий табылгасын өз турмушуна туура пайдалана алышы зарыл, эч убакта Чернобылдагыдай кайдыгерликке, жоопкерсиздикке жол бербей, согушуу деген түшүнүктү эстен чыгарып, атом, водород, ядролук, химиялык куралдарды биротоло жок кылып, жаратылышты аздектеп, бирин-бири урматташып, тынч жашоого үйрөнүшү керек» [21. 411].

«Кесиринсан» поэмасынын негизги өзөктүк идеясы, тыянагы мына ушундай.

Бул сабакты уюштурууда окуучулардын чыгармачылык талантын ойготууга, чыгарманы түшүндүрүүдө таасирдүү да маанилүү да болуш үчүн мугалим-устат болуусун милдеттендирет. Педагог – окумуштуу Ю.П.Азаров: «Азыркы учурда мектепке заманбап жабдуулардан, компьютерлештирүүдөн жана заманбап материалдык камсыз кылуудан тышкары баарыдан мурда мугалим-устат керек болуп турат”-деген [2, 315-б]. Устат-мугалимдин ишмердүүлүндө окуучулардын жан-дүйнөсүн ойгото алган, таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн арттырган, заманбап талаптарга жооп берген психологиялык жана дидактикалык ченемдерди жетектей алуусу башкы орунда турат.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында Б.Алымов лириканын тектик табиятын эске алып, үйрөнүүнүн ыктарына өзгөчө көңүл бөлгөн. Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн

жазылган “Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы” деген окуу китебинде жана башка эмгектеринде кээ бир таланттуу, белгилүү акындардын ар кандай тематикадагы ырларынын мисалында иштеп чыккан [3, 218-б].

Окутуунун салттуу методдорунун бири – эвристикалык (гр. heurisko – иликтөө, ачуу)  метод. Бул методду ойлоп табуу ыкмасы, методикалык жол менен жаңы нерсени табуунун жолу деп түшүнүүгө болот. Эвристикалык метод, жаңы идеяларды, жаңы фактыларды ачууга, ойлоп табууга байланышкан түшүнүк.

Бул метод аркылуу окуучулардын жеке сынчыл ойлонуусун өркүндөтүп, өз алдынча билим алууга түрткү берет.

Сабак С.Эралиевдин өмүрү, чыгармачылык жолун, аталган лирикаларын, «Кесиринсан» поэмасын жалпы кайталап бышыктоого деп түзүлгөн суроо-тапшырмалар негизинде иш алып баруу менен жыйынтыкталат.

Кыргыздын белгилүү акындарынын бири Эсенгул Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун» публицистикалык ырын XI класста окуп үйрөнүүгө адабият программасында бир саат убакыт каралган. Окутууга алгач ирет киргизилип отурат. Ушул себептүү буга чейин басылып чыккан XI класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китептеринде Э.Ибраевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар, «Улут болсом, тилим менен улутмун» публицистикалык ыры боюнча талдоо материалдары камтылган эмес. Мугалим акындын өмүрү, чыгармачылыгы менен окуучуларын тааныштырууда акындын портретин, китеп-жыйнактарын жана чыгармаларын пайдаланганы ылайык. Акын өмүр чыгармачылыгы боюнча Интернет-булагынан  маалымат алып берилет.

Мугалим сабактын башталышында портретте кимдин сүрөтү, кыргыз адабиятында салмагы кандай, кайсы чыгармаларын билесинер деген суроолорду берип, окуучуларга мээге чабыл ыкмасын пайдаланганы ылайык. Андан соң акын жөнүндөгү маалыматты   (*Материал «Кыргыз адабияты*

*энциклопедиялык окуу куралы» китебинен)*алып, окуучуларга түшүндүп берет. *(Интернет булак)*.

Убактынын калганы Э.Ибраевдин«Улут болсом, тилим менен улутмун» публицистикалык ырынын текстинин урунттуу жерлерин окуп, талдоо жумуштарын жүргүзүүгө жумшалат. Акындын эне тилге карата жарандык позициясы ырдын башталыш саптарынан эле ачык байкалат:

Ар адамдын
Ар башкача дини бар,
Ар башкача дили бар,
Бирок билгин,
Бирден гана тили бар,
Билгин,
Муну билип ал!
Эй эрендер!
Эскертерим силерге:
Чындап кызмат кылам десе ким элге,
Сүйсүн тилин
Сүйгөн жарын сүйгөндөй,
Күйсүн тилге
Перзентине күйгөндөй.

Ырын андан ары карай улантып, акын кыргыз тилин «жарды» дегендерди, улуттук ар-намысын унутуп койгондорду кескин сынга алаганын айтуу менен окуучуларга силер эне тилдин өнүгүшү үчүн кандай иштерди жасамаксыңар? – деген суроо менен кайрылып, аларды ойлоо жөндөмдөрүн калыптандырат. Мында окуучулардын пикирлери баалуу.

Акын кыргыз тилинин эч кандай жарды эместигин ташка тамга баскандай таамай мисалдар аркылуу далилдеп берет. Ырасында эле «Толубайың сындаган тил, / Арстанбек ырдаган тил, / Манас бабаң сүйлөгөн

тил, / Жыйырма эки кылым бою / Кыргызды алга сүйрөгөн тил» жарды тил болмокчубу? Өтө курч, көтөрүңкү эмоция менен менен жазылган бул публицистикалык ырын Э.Ибраев төмөндөгүчө жыйынтыктайт:

Э.Ибраевдин «Улут болсом, элим менен улутмун» публицистикалык ырын XI класста окутууда анын тексти толугу менен көркөм окуунун чеберлеринин аткаруусунда техникалык каражаттар аркылуу уктурулганы ылайык. Ооба, айрым урунттуу жерлерин көркөм окуу, талдоо менен чектелгенде, ырдын таасирдүүлүгү, түпкү маани-маңызы окуучулардын аң-сезимине толук жетпей калчудай. Ыр толук угулуп, талданып бүткөн соң, кыргыз тили, аны сактап өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүп баарлашуу жумуштары алып барылат.

Эл акыны Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» ыры XI класста 2 саат-сабак аралыгында окуп үйрөнүлөт. Бул акындын чыгармачылыгы да мектепте окутууга жаңыдан гана киргизилди.Бул 2 сааттык окуу материалы сабак-сааттарды төмөндөгүдөй кылып бөлүштүрүлөт:

1. Ш.Дүйшеевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу жалпы маалымат. «Кайдыгерлик» ыры. Ырды окуу – 1 саат.

2. «Кайдыгерлик» ырын улантып окуу,талдоо – 1 саат.

Ш.Дүйшеевдин өмүрү, чыгармачылыгы жолу менен тааныштырууда мугалим А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаковдордун авторлугундагы «Кыргыз адабияты: маалыматтама» китебинде берилген окуу материалын пайдаланат. Эл акыны Шайлообек Дүйшеев «1950-жылы 29-февралда Ат-Башы районундагы Ат-Башы айылында туулуп, 1968-жылы мектепти аяктагандан кийин аскердик милдетин аткарган. 1970–1975-жылдарда айылда, райондо ар кандай жумуштарда иштеп жүрөт. 1980-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктагандан соң Теңир-Тоодо «Нарын правдасы» гезитинде кабарчы, облустук телерадио уктуруу комитетинде редактор болуп эмгектенген. 1983–1990-жылдарда Кыргыз филармониясында, 1990–1996-жылдары «Ала-Тоо» журналында, «Кыргызстан маданияты» газетасында иштеген. 1996-жылдан

«Асаба»(«Агым»), «Жетимен», «Алас», «Азаттык» сыяктуу маалымат каражаттарында эмгектенди.

Ырлары 1968-жылдан тарта жарыялана баштайт. «Аптап» (1985), (1999), «Сүйлөшкөнгө чейин сөз» (1989), «Кайдыгерлик» (1991), «Арабадагы ыр», «Арабадагы ыр 2» (1999), «Шакен азган», «Агындылар», «Тандалбаган ырлар», «Шамал» аттуу жыйнактары элдин сүйүп окуган китептерине айланды. «Эки дөөнүн кармашы» деген чыгармасы үчүн 2011-жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка арзыган. 60 жылдыгына карата «Отко чуркаган бала» аттуу документалдуу фильм тартылган. 2006-жылы «Кыргыз Эл акыны» наамы ыйгарылган.

Ал адабиятка эч кимге билинбей, дүбүрт салбай, «жыңайлак буту, жылаңач саптары» менен келди дагы, келгенде да Токтогулдун Тоолугунда чөп чабыкта жазылган мөңгү жыттанган, жаңы чабылган чөп жыттанган, чөмөлө жыттанган, чөпчүлөргө чаначта алып келген саамал жыттанган... анан кечээ эле айылдан келип, бүгүн эми бир көзү кыштакта калган боёо жигитинде, бир көзү башы быша баштаган курсташында турган моймолкөз кыз жыттанган ырлары менен келди. Бул анын «Аптап» деген 1985-жылдагы жыйнагын окуганда айтылуучу сөз эле, анда акын окурмандарга сүрөтчү-пейзажист катары көрүндү, ал китепте кийинки саясатчы-публицисттин дымагы да байкалган эмес. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тарта анын филармонияда, «Ала-Тоо», «Кыргызстан маданияты», «Асаба», «Агым», «Жетимен» ж.б. басылмаларда иштеши, бүгүн жазганынын эртең эле элге тарап турушу, анан элден ошол жазганына мактоо угушу акынды ыкчам иштөөгө жана карапайым калктын дал эле көкүрөгүнө тие турган сөз издешине түрткү болуп берди. Шайлообек-журналисттин «шапкелери» жаңы кыргыз макалдарына, элдик афоризмдерге айланып атты. Ал сөзгө сөз кураштырып, жаңы сөз табуунун жана сөз маанилерин көбөйтүүнүн эч кимди алдыга салдырбас чебери даражасына көтөрүлүп жетти. Акын ырларын товар катары күнүмдүк керектөөчүлөргө баптап жазып атып, публицистикалык, саясый, афористтик поэзиянын таланттуу жаратуучусуна, а түгүл өзүнчө

мектеп түзгөн устатына кантип айланды? Анын «Кайдыгерлиги» жаңы кыргыз улутунун диагнозу болуп, публицистикалык поэзиясы соңку жарым кылымдагы коомдун жана кыргыз пендесинин кардиограммасын тартып берди. Ал ыр саптарында жөнөкөй уйкаштыкты жана аллитерация, ассонанс деген фонетикалык кубулуштарды ушунчалык бир устаттык менен колдонду. Соңку учурда «Манас» темасына кайрылып жатышы да анын элдик поэзияга жакындыгы, башынан ой жүгүртүүсүндө, стилинде карманып келген элдик адабият аркылуу учугунун узарып жаткандыгын көрсөтүүчү факт» [130. 249–250].

Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» ыры аны өздөштүрүүгө бөлүнгөн 1-сабакта эле толук окутуп, кийинки сабакта ырды ар тараптуу талдоо жумуштары алып барылганы ылайыктуудай. Ырды окуп баштаганда эле акындын ыр куруу чеберчилиги, ар бир сөздү өз орду менен колдоно билгени дароо эле көзгө урунат. Мында ал «кайдыгерлик» деген сөздү абдан көп колдонот, бирок бул кайталануулар «ырдын көркөмдүк сапатын төмөндөтпөстөн, тескерисинче берилчү ой улам кайталанган сайын жаңы ой, жаңы маани берип, анын эмоционалдуулугун арттырат» [78. 10].

Жыгылып жаткан жерде
Айды көрдүк,
Тургузбадык!
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!
Таш болуп катып калган
Таш боор,
Мерес жанды көрдүк,
Унчукпадык,
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик![66. 139]

Байкалып тургандай, мында акын эл үчүн күйүп-бышып, ошол эле маалда жалпы элдин психологиясындагы терс көрүнүштөргө алардан дале

арыла албай жатканыбызга зээни кейийт.«Акын кайдыгерликтин айынан көзүбүз чындыкты көрбөй кашайып, көрсөк да аны айта албай, аны айттырбай муунтуп келген заманды айыптайт. «Кайдыгерлик» деген сөз кээде түз мааниде колдонулса, кээде «кайдыгерлик деген эме кашайтып көзүбүздү», «айттырбай сөзүбүздү» деп өтмө маанисинде колдонулуп, таптакыр башка ойду туюндурат. Башкача айтканда, ушул саптарда айтылган «кайдыгерлик» деген сөз тоталитардык бийликтен запкы жеген элдин аянычтуу абалын көрсө да көрмөксөнгө салып келген заманды жерине жеткире жазган» [78. 10–11]. Бул оюн акын андан ары карай төмөндөгүчө тереңдетет:

Жалгыздык башка түшсө,
Ашар кылып,
Атаны – үй,
Баланы – базар кылып,
Биз тиккен дарак гана?
Сыйлаган кичүүлөрүн,
Улуусун урматтаган адат кана?
Жашоодо ыйды көрдүк,
Сыйды көрдүк
Жылдызсыз жылмайган түндү көрдүк,
Жыргалдан көз ачылбай
Жыгылып жаткан жерде
Күндү көрдүк, Тургузбадык! [66. 139]

Ушунда жазуучу жана тилчи окумуштуу Б.Усубалиевдин мындай бир пикирин келтире кетүү ылайык болуп турат: «Шакемдин поэзиясы өзүнүн жүрөк титиреткен табигыйлыгы менен кимди болбосун өзүнө арбап турат. Дагы бир нерсени айта кетпесем болбос, ал – Шакемдин ашкере сүрөткерлиги. Ар бир нерсенин, адамдын келбетин, өзгөчө сырткы турпатын таамай тартуу жагынан бүгүнкү күндө Шакеме теңтайлашаар ким бар болду экен? Анын сүрөткерлиги ушунчалык, Шакем көзгө көрүнүп, кулакка

угулбаган нерсенин гана эмес, түшүндө да элестетүүгө мүмкүн болбогон нерсенин, айталы, күйүттүн, кайгынын да келбетин сөз менен тартып бере алат. Кадалып окуган кишиге анын ар бир сабынан «кан» шорголоп турат. Ошондуктанбы, Шакемдин чөмөлөсү да, аптабы да, куду тирүү кишидей чамгарактап жүргөнсүйт» [197]. Ырасында эле мында атуулдук сезимдердин берилиши күчтүү. Ш.Дүйшеевдин акындык чеберчилигин өлчөп болгустугу, салмактуулугу тууралуу мындан ашырып айтуу да мүмкүн эмес.

Мында акын кайдыгерлигибизден, адекваттуу ойлоно албаганыбыздан улам «жер-суунун аттарын бүт өзгөртүп», «жайлоону жолго айлантып», «Кочкорду Кочкор дебей «Кочкорка» деп койго айлантканыбызды», «билбегендин баарысын билдик деп», «кыргызды кыргыз дебей «киргиз»дегенибизди жаны кейүү менен айтып жатат. Ушунда мунун баарына биз өзүбүз күнөөлүүбүзбү же социализм күнөөлүүбү? – деген суроо туулат. «Чындыгында совет мезгилинде союздук республикаларга көрсөтмөлөр Москвадан жиберилчү. Бирок өлкөнүн ички иштерин жергиликтүү жетекчилер чечип, Москвадан келген көрсөтмөлөрдү ашыгы менен аткарууну көздөгөн «жагымпоз» саясат жүргүзүп, ичтен иритип, «бөрк ал десе баш алып турган». Мына ушундай жетекчилердин кетирген кемчилигинен улам тарыхыбыз, маданиятыбыз бурмаланып жатканда ага туура мамиле жасоонун ордуна бузукуларга жетеленип, теңирден тескери токтомдор чыгарылганын тарых өзү таразалады. Акын мына ушул тарыхый чындыкты аңдап түшүнүп, аны туура чагылдырып бере алды» [78. 13–14]. Арийне, бул ырдын мазмунунда берилген идея, көтөрүлгөн проблемалар бүгүнкү күндө да актуалдуу бойдон калууда.

Азыркы жаш муун советтик доорду, анын оош-кыйышын, кемчиликтерин жана артыкчылыктуу жактарын жакындан таанып билбей калды. Бүгүнкү мектеп окуучулары эгемендүүлүккө чейинки 70 жылдык тарыхыбызга туура,объективдүү баа берип, терең ойлонулган калыс көз караш-пикирлеринин түзүлүп калыптанышы үчүн,адабият мугалими сабак маалында ал мезгил тууралуу ар тараптуу маалымат бере кетүүсү зарыл.

Мындай окуучунун «көзүн ачып»чечмелеп түшүндүрүү иштери сабак процессинде советтик доорду чагылдырган ар бир чыгарма өтүлгөн сайын үзгүлтүксүз алып барылганы ылайык. Албетте, ушунда сабак өтүп жаткан адабият мугалиминин советтик доор, социализм тууралуу көз караш-позициясы өткөндүн артыкчылыктуу жактарын бүтүн танган либералдык батышчыл эмес, туура нукта калыптанып тарыхты жакшы билиши керек. Мектептеги адабият сабактарында мындай баарлашып ой бөлүшүү жумуштарынын алып барылышынын окуучуларды коомубуздун татыктуу мүчөсү, өзүнүн жекече көз караш-позициясы бар инсан катары калыптандыруудагы тарбиялык мааниси өзгөчө зор.

2017–2018-окуу жылына карата колдонууга берилген адабият программасында эл акыны С.Жусуевдин өмүрүн жана чыгармачылык жолун, «Курманжан датка» ыр менен жазылган тарыхый романын орто мектептин XI классында окутууга жалпы 5 саат убакыт бөлүнгөн болсо, 2006-жылы чыккан «Кыргыз билим берүүнүн мамлекеттик стандартында 2 саат убакыт бөлүндү.

Акындын өмүрү, чыгармачылыгына, «Курманжан датка» романына тийиштүү окуу материалдары сабак-сааттарга төмөндөгүдөй болуп бөлүштүрүлгөн:

1. Эл акыны С.Жусуевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу – 1 саат.
2. Романдын өзөк окуялары, урунттуу бөлүмдөрүн окуу. Андагы Курманжан датканын образынын ачылышы – 1 саат.

Окуучулар эл акыны С.Жусуев, анын чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар менен учкай болсо да V класста «Алакан» ырын өтүү маалында учкай болсо да таанышышкан. Албетте жогорку бүтүрүүчү класста акындын өмүрү, чыгармачылык жолу менен тааныштуу үчүн андагы маалымат өтө эле аз. Бул максатта төмөндөгү окуу материалынын пайдаланылганы ылайык:

«С.Жусуев 1925-жылы 15-майда Кара-Кулжа районуна караштуу Алай-Куу өрөөнүндөгү Кызыл-Жар кыштагында туулган.

Өзүнүн туулганы жөнүндө акындын мындай саптары бар:

Алай-Кууда дүйнөгө табылганмын,
Ай, Күнүнүн нурларын жамынганмын.

Так түшүнүп таалайым ырда экенин,
Татаал жолдуу сапарга камынгамын.

Айыл мектебин бүтөрү менен 18 жашында 1943-жылы аскердин катарына чакырылып, согуштун акырына чейин Панфилов атындагы 8-гвардиялык дивизияда байланышчы болуп кызмат өтөгөн. Майданда эки жолу жарадар болгон.

Акындын «Алдыга жүргүн, кыргыздар!», «Биз жеңишчил», «Жаркынга» деген алгачкы ырлары ошол кандуу 1943-жылы жаралган.

Согуштан кайткандан кийинки 1946–1947-жылдары Совет районунун «Коммунизм үчүн» гезитинде жооптуу катчы болуп иштеп, 1947–1949-жылы болсо Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда билим алат. Аталган окуу жайынын кыргыз тили жана адабияты факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөндөн кийин, 1951-жылы Ош облустук «Ленин жолу» гезитинин редакциясында бөлүм башчы болуп иштеп жүрүп, ошол эле жылы Москванын Максим Горький атындагы адабият институтуна өтөт.

Сооронбай Жусуев 1959-жылга чейин «Ала-Тоо» адабий көркөм журналынын башкы редактору, «Чалкан» сатиралык журналында жооптуу катчы болуп эмгектенет. Акын 1949-жылы эле СССР жазуучулар союзуна 1949-жылы кабыл алынат.

1960–1986-жылдары акын Кыргызстан жазуучулар союзунун аппаратында адабий кеңешчи болуп иштеген.

1950-жылы алгачкы «Эмгек күүсү» аттуу ыр жыйнагы басмадан чыккандан кийин, акындын дагы 30дан ашык китеби өз эне тилинде, 14 китеби орус тилинде жарык көргөн. Ырлары казак, өзбек, украин, азербайжан, тажик тилдерине жана башка чет тилдерине да которулуп чыгат. Жусуев өзү да чебер котормочулук менен Шекспир, Пушкин, Лермонтов, Шевченко, Абай, Мактымкули, Исаакян, Омар Хайам, Маяковский, Есенин,

Гамзатов, Кулиев сыяктуу бир топ акындардын чыгармаларын кыргыз окурмандарына тартуулаган.

Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн 1981-жылы ага «Кыргыз эл акыны» наамы ыйгарылган.

С.Жусуевдин 70тен ашык ырларына музыка жазылган. Алардын арасында Р.Абдыкадыровдун обонуна салынган «Айтсаң боло», «Кымбатым» аттуу ырлары, А.Өзүбековдун «Кош жылдыз», И.Аманбаевдин «О, анда көктөм эле» жана башка ырлар бар.

С.Жусуевдин 2003-жылы өзүнүн небересине арнап жазган «Канат менен Зарина» махабат дастаны орус, тажик, түрк, өзбек, кытай ж.б. тилдерге которулуп өзүнчө китеп болуп чыккан.

Ал эми 1998-жылы «Кыргызстандын эл агартуусунун отличниги», «Казакстандын эмгек сиңирген кайраткери» деген наам алат.

«Курманжан датка» аттуу ыр түрүндөгү романы үчүн 1998-жылы акын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

2005-жылы Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму С.Жусуевдин чыгармачылык ийгиликтерин баалап, Алтын медаль менен сыйлаган.

2007-жыл «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген наам ыйгарылып, «Ак шумкар» төш белгиси тапшырылган.

Акындын кичи мекени Кара-Кулжа районуна караштуу Сай-Талаа айылындагы орто мектеп жана Кара-Суу районуна караштуу Жар-Ооз айылындагы орто мектеп Сооронбай Жусуевдин атын алып жүрөт» [*Интернет булактан алынды*].

Анан сөзсүз бул айтылгандарга кошумча акындын 2016-жылы 4-февралда дүйнөдөн кайтканы, сөөгү Бишкектеги«Ала-Арча» көрүстөнүнө коюлганы тууралуу маалымдалат.

С.Жусуевдин өмүрү, чыгармачылык жолу менен окуучуларды жалпылап тааныштырууда мугалим ошондой эле «Кыргыз адабиятынын тарыхы» академиялык басылмасынын 6-томунун материалдарын пайдаланат

[146. 651–663]. Мында негизинен заманбап **салттуу репродуктивдүү метод** колдонулат.

Мугалим С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романы тууралуу киришүү сөзүндө окуучуларды чыгарманын жазылып калыш жагдайлары себептери, көркөм-эстетикалык наркы, андагы тарыхый инсандар, сюжеттик курулушу маселелери менен жалпылап тааныштырат. Бул максатта профессор А.Муратовдун жазгандары пайдаланылат:

С.Жусуев «Курманжан датка» романы туруш-турпаты менен көркөм чыгарма экендигин, анда датканын өмүрүндөгү майда-чүйдө нерселерди ийне-жибине чейин калтырбай сүрөттөө милдетине кирбегенин, максаты башка болгонун айтат. Ал негизги милдети – феодалдык заманда Орто Азия аялдарынын ичинен биринчи болуп өзүнүн акылмандыгы менен бийикке көтөрүлүп, элдин келечек тагдырын ойлоп, баскынчылардын кыйратуусунан сактап калууга өмүрүн арнаган кеменгер аялдын образын түзүү болгонун белгилеген.

Чыгарма Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн учурда талкууга мурда бир да учурда болбогондой көп адабиятчылар, жазуучулар, жөнөкөй окурмандар оң пикирлерин айткан, колдоп чыккан. Натыйжада 1998-жылы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлык ыйга-рылган. Орус тилине Светлана Суслова (Токомбаева) которгон» [*Муратов А. Тоолук бир жөнөкөй кыргыз аял. «Курманжан датка» романы тууралуу 12 факты (Интернет булактан)*].

Мугалим «Курманжан датка» романы тууралуу мына ушул сыяктуу киришүү сөзүн айтып болгон соң, Курманжан датка окуяларынын кыргыздын башка да акын-жазуучуларынын чыгармаларында берилиши маселелерине кыскача токтолот. Белгилүү болгондой, кыргыз профессионал жазма адабиятында Курманжан датка темасына бир канча калемгерлер кайрылышкан. Алардын эң эле көрүнүктүүлөрүнөн болуп Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел», «Баскын», К.Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» тарыхый романдары [83, 84, 85], ошондой эле көрүнүктүү

тарыхый инсан Шабдан Жантай уулунун Россия империясынын Түштүк Кыргызстанды каратышына болгон катыштыгына байланыштуу Курманжан датка эскерилген Ж.Токтоналиевдин «Баатыр Шабдан», К.Иманалиевдин «Шабдан баатыр» романдары [189, 77]эсептелинет. Мында бул аталган чыгармаларда Курманжан датка окуялары кандайча камтылып кеткени, алардагы айырмачылыктар салыштырылып, мүчүлүштүктөрү жана жетишилген ийгиликтери тууралуу кыскача баяндалат.

С.Жусуевдин «Курманжан датка» романын XI класста окутууда Курманжандын өзү тууралуу тарыхый маалыматтардын пайдалануу сөзсүз сабактын натыйжалуулугуна таасирин тийгизбей койбойт.

С.Жусуевдин «Курманжан датка» романын окутууга арналган сабакта андагы өзөк окуялар тууралуу сөз болуп, урунттуу бөлүмдөрү көркөм окулуп, талдоого алынат. Жогорку класстардагы адабият сабактарында чыгарманы басымдуу ар тараптуу талдап өздөштүрүү жумуштарына өзгөчөлүү көңүл бурулушу керек. Көркөм чыгарманы талдоонун негизинен төмөндөгүдөй жолдору бар экендиги белгилүү:

а) сюжеттин, окуянын өнүгүшүнө жараша (авторго улай) талдоо;

б) көркөм чыгарманын образдар системасын талдоо;

в) көркөм чыгарманы проблемалык-тематикалык талдоо.

«Курманжан датка» романынын өзөк окуялары менен жалпылап тааныштырууда талдоонун адепки түрүнүн – сюжеттин, окуянын өнүгүшүнө жараша (авторго улай) талдоонун колдонулганы ылайык.

Көркөм чыгарманы сюжеттин өнүгүшү боюнча талдоо төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат:

«1. Окуялардын өнүгүшү боюнча талдоо, окуучулардын эмоционалдуу-образдуу элестөөсүнө шарт түзөт.

2. Мектеп окуучуларынын көңүлүн негизги эпизоддорго, автордук ремаркаларга, түшүндүрүүлөргө буруу менен бул ар бир эпизод автордун негизги берейин деген оюн окуучуларга түшүндүрүүгө, чыгарманын идеясын үйрөнүүгө жардам берет.

3. Көркөм чыгарманы окуялардын өнүгүшү боюнча талдоодо окуучулар эпизоддор, конфиликттер жана автордук комментарий аркылуу каармандардын мүнөздөрүн ача алышат.
4. Окуучулар бул жол аркылуу чыгарманын мазмуну менен формасын бирдикте талдоону иш жүзүндө ашырышат» [32. 219–220].

Убагында дайыны бүткүл Союзга белгилүү болгон практик мугалим Мария Дмитриевна Сосницкая көркөм чыгарманы сюжеттин өнүгүшү боюнча талдоо тууралуу төмөндөгүдөй деп жазат: «Мындай анализдин максаты– окуучуларга форманын жана мазмундун бирдиктүүлүгү жөнүндө түшүнүктү берүүдө чыгармалардын көркөм формалары алардын мазмундары менен шартталышы көрсөтүлүшү керек, ошондой эле адабият мугалими жазуучунун көркөм өзгөчөлүгү менен тааныштыруусу да зарыл, аны менен бирге чыгарманын негизги идеяларын тереңдетип ачуу аракеттеринин өнүгүшүнүн жүрүшүндө байкоо жүргүзүлүп турат» [179. 3]. Демек, чыгарманы мектепте талдоо жумуштарынын ичинен мына ушул сюжеттин өнүгүшүнө жараша талдоону эң бир маанилүүлөрүнүн бири деп эсептесе болчудай.

Кыргыз эл педагогикасынын булактарынын арасында аялдардын тарбиялык идеяларды эл турмушу менен тамырлаш өзөктөштүгүн кыргыз акындары чыгармаларында таасирдүү чагылдырып келе жатат. Алардын катарында С.Жусуев жазган “Курманжан датка” ыр менен жазылган романындагы идеяларды окуучуларга жеткирүүдө эвристикалык аңгемени колдонуу өнүмдүү натыйжаларды берет. “Курманжан датка” романын мугалим аңгемелешүү ыкмасын пайдалануу менен окуучуларды өз алдынча изденүүгө, образдарды салыштырууга, ой жүгүртүүнүн натыйжасына ээ кыларын тастыктайбыз.

Курманжандын дайынын уккан Алымбек датка бир көрүүгө кызыгып, өтүп баратып кокусунан кайрылган киши болуп, Маматбайдыкына келип түшөт. Конок болуп олтуруп, үйдүн ичиндеги саймасы ушунчалык сонун сайылгандыгын Алымбек датка байкайт.

Датка олтуруп кайра куруп чардана,

Үй ичине көз жиберет жай гана.

Көңүлүнө жаз келгенсийт жайдары.

Серп салганда көркү кооз саймага.

“Ким сайган?” деп суроодон ал аянат,

Ойлойт секин: “Бул кештени сая алат

Сулуулуктун баасын билген жан гана. [70.53.].

Кымыз алып кирген Курманжанды көрөр замат, жүрөгү болк дей түшөт.Курманжан экөө түн бир оокумга чейин аңгемелешип, бири-бирин сынап, купулдарына толтуруп олтурушту. Бек убадалашышып, ошондон бир жыл өткөрүп Курманжан Алымбек даткага баш кошот. Барган жеринде ал эстүүлүгү, иреттүүлүгү, ар ишти өз орду менен жасай билген эпчилдиги менен көзгө урунат. Тез эле элге алынып, Алымбектин сүйүктүү жары гана эмес, жакын кеңешчиси, жардамчысы катары таанылат.

Жалпы кыргыздардын калкына карамдуу, элине алымдуу, ынтымаккадаанакер, тынчтыкка дабакер асыл турпатын Каныкейден кийин кыргыз зайыптарынан Курманжан датка гана кайталай алган.

Курманжан элди эзүүгө, адамды адам басынтууга, адилетсиздикке каршы болот. Элинин илим-билимден, сабаттуулуктан артка калган элинин абалын, билип, кантип элдин аң-сезимин көтөрөм деп убайым чеккен, эзүүдөн кутулуунун жолун издеген. Баласы менен болгон маегинен баласын адилеттүү болууга чакырганы байкалат.

Улут аралык достук жана кызматташтык идеяларында; Курманжан менен Скобелев эки элдин ортосунда сүйлөшүүлөрдү уюштуруп, келишим түзө алгандыгы чоң жетишкендик болуп саналат. Келшимде элге тынчтык берүү, көтөрүшчүлөрдү жазалабоо, камакка алынгандарды бошотуу сыяктуу макулдашууларды киргизе алат. Орус колониячылары Курманжан менен жакшы мамиледе болууга аракеттенген, себеби Курманжандын эл арасында чоң кадыр-баркка жана бийик авторитетин жакшы түшүнүшкөн.С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын

сюжеттин өнүгүшүнө жараша талдоо жумуштары мына ушул маалыматтардын айтылуусу менен акырына чыгарылат. Ушул эле сабакта Курманжан датканын инсандык сапаттарына мүнөздөмө берилет. Мында датка айымды мүнөздөөгө деп класс менен бирдикте атайын кластер түзүлүп, андагы белгилengендер романдан алынган жандуу мисалдар аркылуу бекемделет, талданат. Интерактивдүү окутуунун талабына ылайык мында окуучулардын эмгеги берген жоопторунун сөзсүз официалдуу чындыкка туура келгенине эмес, өзүнүн жекече көз караш-позициясы менен чыгып, талдоо ишине катышуу жигердүүлүгүнө жараша бааланат. Анан, албетте, акырында мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү айтылат. Мында мугалим, окуучулардын жаңылыштыгын көрсөтүп, берген жоопторун толуктап, коюлган маселе бонча бирден бир туура көз караш-пикирдин калыптанышына көмөкчү болот. Демек, окутууга, билим берүүгө карата мындай мамиленин тарбиялык жактан маанилүүлүгү өзгөчөлүү.

«Курманжан датка» романындагы тарыхта из калтырган башка да каармандардын образдарынын берилиши тууралуу сөз жүрөт. Мында Алымбек даткага, уулдары Абдылдабекке, Камчыбекке, көтөрүлүштүн башчысы Полот ханга, Кудаяр ханга, Мала ханга мүнөздөмөлөр берилет. Бул каармандардын образдары айрым топтордо өздөштүрүлгөнү ылайыктуу. Окуучулар алты топко бөлүнүп отурушуп, ар бир топ бирден каарманга кластер түзүшөт. Андан соң ар бир топтон бирден өкүл чыгып презентация жасашат. Презентацияда кластер чечмеленүү менен, каармандын мүнөз-сапаттары чыгармадан алынган фактылык мисалдар аркылуу бекемделет. Башка топтордон берилген суроолорго жоопторду презентация жасаган окуучу, ошондой эле ошол топтун мүчөлөрү беришет. Окуучулардын эмгеги сабак маалындагы жигердүүлүктөрүнө, берген жоопторунун логикалуулугуна, так-тууралыгына жараша бааланат.

Кыргыз эл акыны С.Жусуевдин романды жазуудагы көркөмдүк чеберчилиги, акындын өмүрү, чыгармачылык жолу, «Курманжан датка» ыр менен жазылган романы боюнча өтүлгөн окуу материалдарын жалпы

кайталап, бышыктоо үчүн атайын суроо-тапшырмалар тизмеги түзүлүп, сабак баарлашуу формасында алып барылат.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

Бул баптын биринчи параграфында адабиятты мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн адабияттык окуу курсунда поэзиянын урунттуу үлгүлөрүнөн Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» ыр-жомогу, С.Жусуевдин «Алакан», Б.Сарногоевдин «Бешигим – Мекен» лирикалары, М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы, Т.Кожомбердиевдин «Апа» поэмасы, «Эне жана коломто» лирикалык ыры, Ж.Мамытовдун «Буурул таңдын жомогу» поэмасы, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай… Алтай», «Жоокер» лирикалык ыр туундулары, А.Өмүркановдун «Чолпонбай» поэмасы окуп-үйрөнүлөт. Мындагы максат бул поэтикалык туундуларды сабак процессинде заманбап технологиялар негизинде окутуп-үйрөтүүнүн алгылыктуу метод-ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыгып, иш практикасында колдонууга сунушталды. .

Экинчи параграфында XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү маселелери каралды. Атап айтканда, Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы «Ар кыл ырлар», «Арноо жана каалоо ырлары», «Махабат ырлары», «Юмор жана сатира ырлары», «Поэмалар жана термелер», «Жаңы ырлар жана ода» деген бөлүмдөрдөгү ыр туундуларын X класста инновациялык технологиялар негизинде үйрөнүү, талдоо, С.Эралиевдин адабият окуу програмасында камтылган лирикаларын, «Кесиринсан» поэмасын, Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун», Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» публицистикаларын XI класста салттуу жана интерактивдүү окутуу, талдап өздөштүрүү, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын XI класста учурдун

талабына ылайык окутуу, талдап үйрөнүү көйгөйлөрүн чечмелөө аракети болду. Натыйжада төмөндөгүдөй корутунду-жыйынтыктарга келип токтодук:

